**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

***Кол жазма укугунда***

УДК 37, 013; 159, 923

**ЭРГЕШОВА КУНДУЗ АБДЫЛАКОВНА**

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫН КУРАГЫНА ЖАРАША ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору,

профессор Муратов А.Ж.

**Ош – 2022**

МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**..................................................................................3

**I ГЛАВА. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ КУРАГЫНА ЖАРАША ТАРБИЯЛООДО ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

1.1.«Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо» түшүнүктөрүнүн анализи...........................................................10

1.2.Салттуу үй-бүлөдө курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык балдарды тарбиялоо проблемасынын изилденишине обзор.........................................34

1.3.Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери..........49

Биринчи глава боюнча корутунду.........................................................59

**II ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн материалдары..........................................63

2.2. Илимий изилдөөнүн методдору........................................................100

2.3. Кыргыз элинин этикалык маданиятында үй-бүлөдө балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо процессинин мазмуну, өзгөчөлүгү жана чен-өлчөмдөрү.......................................................................................107

2.4. Салттуу үй-бүлөнүн этнопедагогикалык функциялары:кыргыздардын балдарды курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоосунун факторлору, принциптери, каражаттары жана методдору.....................................................119

Экинчи глава боюнча корутунду.........................................................134

**III ГЛАВА. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫН КУРАГЫНА ЖАРАША ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН АЗЫРКЫ ШАРТТАРДА КОЛДОНУУНУН УЛАНМАЛУУЛУГУ**

3.1.Үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо салттарын таалим-тарбия процессинде колдонуунун тажрыйбалары.........................................138

3.2.Үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо салттарын ...........146

Үчүнчү глава боюнча корутунду.........................................................162

**ЖЫЙЫНТЫК**...................................................................................164

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**..........................................................167

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**..................................................168

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишип, өз алдынча суверендүү мамлекет болгон соң саясый-экономикалык, маданий жактан дүйнөлүк интегерация агымына кошулуу менен кыргыз элинин улуттук-руханий мурастарын дагы терең үйрөнүү жана аларды азыркы ааламдашуу шарттарында окутуу-тарбиялоо процессинде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн издөө талабы коюлду. Жаштардын улуттук маданий салттардан жыл өткөн сайын алыстоосу, массалык маданияттын агымына өзгөчө тез тартылышы, муундар ортосундагы байланыштардын деградацияга дуушарланышы, үй-бүлөлүк тарбиянын пассивдеши болочок муундун туура тарбия алышына терс таасирин тийгизет.

Элдин эл, улуттун улут, мамлекеттин мамлекет катарында сакталып, башка элдер менен ымала катышта туруктуу өнүгүп, өркүндөшү үчүн коом мүчөлөрүн руханий-адептик жактан өнүктүрүү, тарбиялоонун пайдубалын, багытын аныктоого кызмат кылып келген баалуулуктардын, идеялардын, ишенимдердин системасын сактоо, колдонуу зарылдыгы КР Президенти С.Н. Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» (2021) жөнүндөгү жарлыгында жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бектилген «Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында» (2021) өзгөчө белгиленген.

Азыркы доордун карама каршылыктары кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктары нукура улуттук нарктар менен азыркы доордун адамына коюлган талаптардын синтезинен туруусун шарттайт.

Бүгүнкү күндө салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоонун, анын ичинде алардын курак өзгөчөлүгүн эске алып таалим-тарбия берүүнүн

табиятын, өзгөчөлүктөрүн, билим берүү тармактарында аларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Анткени кыргыз элинде байыртадан үй-бүлө институту балдарды тарбиялоонун жана аларды социалдаштыруунун башкы фактору болгон, ал эми дал ошол үй-бүлөлүк тарбиялоодо негизги орун чоң ата-чоң эне, ата-эне, эже-сиңди, ага-ини байланыштары аркылуу да ишке ашырылган. Азыркы цивилизациялашкан коомдо болсо дал мына ошол тарыхый, традициялуу педагогикалык феномен артка сүрүлүп, «улууну кичүү укпай», «кичүүнү улуу укпай» калган кыргыз үй-бүлөлөрү менен кездешип жатабыз. Ушундай шартта билим берүү уюмдарынын жана үй-бүлөлүк тарбиянын мазмунун конструкциялоодо этнопедедагогикалык маданияттын табылгаларына кайрылуубуз учурдун талабы болуп эсептелет.

Дүйнөлүк педагогиканын тарыхында салттуу педагогиканын прогрессивдүү идеяларын окутуу-тарбиялоо процессинде пайдалануу тууралуу ойлор Я.А. Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы» [1612-1656], «Энелер мектеби» [1632], «Тилдерге ачык эшик» [1631], К.Д. Ушинскийдин «Эне тили» [1864], «Балдар дүйнөсү» [1861], В.А. Сухомлинскийдин «Жүрөгүмдү балдарга арнайм» [1981] , Г.Н. Волковдун «Этнопедагогика» [2000] ж.б. эмгектеринде методологиялык таяныч катары көрсөтүлгөн. Кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлөлүк тарбиянын теориясы жана практикасы Б.А. Апышев [1974], А.А. Алимбеков [1997; 2010], Н.А. Асипова [2019], С.О. Байгазиев [2008; 2010; 2013; 2020], Ж.Б. Бешимов [1975], А.Э. Измайлов [1981], Н.И. Имаева [1971], С.И. Иптаров [1991], Э.М. Мамбетакунов [2008; 2015], А.Т. Калдыбаева [1988; 2005], М.Р. Рахимова [1993], Т.В. Панкова [2005], Т.О. Ормонов [1971; 1972], С.Т. Осмонова [2000] ж.б. этнопедагогдордун эмгектеринде изилденген. Кыргыз үй-бүлөсүндө элдик тарбия салттары этнопсихология жана жаш курак психологиясы боюнча Ж.М. Жумалиева [2015], Т.А. Коңурбаев [1999], К.М. Миңбаев [1995], А.Ы. Ысыкеев

[2002] ж.б. окумушуулардын диссертацияларында чагылдырылган. К.И. Жаныгуловдун «Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.)» [2009] деген темадагы кандидаттык диссертациясы корголгон.

Ошондой болсо да, кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына ылайык тарбиялоонун этнопедагогикалык аспектиси жана ал көрүнүштү азыркы таалим-тарбия процессинде колдонуунун педагогикалык шарттары жана перспективдүү мүмкүнчүлүктөрү дагы эле проблемалуу бойдон турат. Себеби мунун бир топ карама-каршылыктары бар, алар негизинен төмөнкүдөй факторлор менен байланышат: ааламдашуу шартында балдарды улуттук тарбиянын салттары менен тарбиялоонун зарылдыгы сезилип жатса да, бул процессти билим берүү тармактарында колдоонунун илимий-теориялык негиздеринин ар тараптуу иштелип чыкпагандыгы; кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун ар кандай жолдорунун, ыкмаларынын ата-энелер тарабынан колдонуунун бай тажрыйбасы болсо да, азыркы ата-энелердин ал салттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн пассивдүү болуп жатышы; кыргыз этнопедагогдору тарабынан салттуу тарбиянын ар кандай түрлөрү, формалары изилденгенине карабай, балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасынын диссертациялык багытта атайы изилдөөгө алынбагандыгы. Жогорудагыдай карама-каршылыктарды чечүү биздин изилдөөнүн проблемасын Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү кандай болгон? – деп тариздеп, анын негизинде диссертациянын темасын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» деп атоого негиз болду.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илим мекемелери**

**жүргүзгөн негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеялары жана ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин, башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын 2015-2020-жылдардагы илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун социалдык маданий өбөлгөлөрүн. жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын, методдорун жана алардын азыркы коомдук педагогикалык практикадагы ордун ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Изилдөөнүн түйүндүү категорияларына («Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү») терминологиялык анализ берүү, бул түшүнүктөрдүн мазмунун, функцияларын, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маанисин үйрөнүү жана системалаштыруу.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздерин, илимий методдорун аныктоо, балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо маселесин тарыхый -этнопедагогикалык өңүттөн талдоо.

3. Элдик педагогикалык маданиятта балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлорун, принциптерин, каражаттарын, методдорун аныктоо.

4. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугун жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн айкындоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү» түшүнүктөрү

салттык тарбиянын бир көрүнүшү катары илим айдыңынан ачылып көрсөтүлдү; элдик таалим-тарбиялык маданияттагы балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша үй-бүлөдө тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, салттык факторлору, методдору, ыкмалары кыргыздын элдик педагогикасынын компоненти катары талдоого алынды; азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугу жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн айкындалды

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси** болсо биздин диссертацияда айтылган тыянактар, сунуштар кыргыз элдик педагогикасындагы үй-бүлөлүк тарбия салттарын окуп үйрөнүүдө, улуттук тарбиялык маданияттын традициялары аркылуу азыркы тарбия процессинин таасирдүүлүгүн жогорулатууда, жогорку жана орто окуу жайларындагы кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун толуктоодо, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды, ата-энелер менен тарбиялык иш-чараларды өтүүдө пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Кыргыз элинде балдарды үй-бүлөдө курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо маданияты эл турмушунун эң байыркы түшүнүктөрүнүн бири болуп, мындай тарбиялоодо анын объектиси болгон баланын куракка жараша физиологиялык, психологиялык, руханий, адептик жетилүүсүн, чөйрөгө адаптацияланышуусун эске алган жана алардын инсандык өз алдынчалыгын, анын ичинде эрктик сапаттарын калыптандыруу менен тыгыз байланышкан, бул педагогикалык маданият элдик тарбиянын эффективдүүлүгүн аныктаган.

2. Кыргыздардын салтуу педагогикалык түшүнүгүндө үй-бүлөдө балдарды жаш өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо процесси тарыхтын ар кандай баскычтарында шартка жана социалдык чөйрөгө байланыштуу тынымсыз

өзгөрүп, өнүгүп туруучу динамикалык кубулуш катары каралган. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо эң биринчи кезекте алардын жаш өзгөчөлүгү, инсан катары калыптануу процесси эске алынган, ошон үчүн балдарды жана кыздарды курагына жараша ар кандайча атап, алардын ар бир курагына жараша педагогикалык мамиле кылууну элдик этикалык эреже-нормалар катары кабыл алган.

3. Балдардын ар бир курактык баскычында кыргыз жеринин табияты, ата-эненин таасири, улуттук фольклор жана төкмөлүк, манасчылык өнөр, эмгек, элдик салттар жана жөрөлгөлөр, улуттук оюндар жана майрамдар, тойлор, дин, улуулардын насаттары, идеал болгон инсандар ж.б. факторлор чоң мааниге ээ болуп, алар баланын эмгекчил, мекенчил, адептүү, акыл-эстүү ж.б. оң сапаттарга ээ болуусуна стимул түзүп, жол көрсөтүп берген.

4. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары заманбап билим жана тажрыйбалар менен айкалышта колдонулуп келет. Ошону менен бирдикте балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана алардын натыйжаларын диагностикалоодо курак жаштык этномаданий иденттүүлүктүн параметрлери эске алынбайт.

**Изденүүчүнү жеке салымы.** Тарыхый этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясы жана методдордун негизинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып тарбиялоонун формалары, методдору, ыкмалары, каражаттарын таануунун фольклордук жана этнографиялык булактарын топтооо, иргөө, талдоо жана алардын негизинде илимий натыйжаларды, коргоого сунушталган жоболорду тариздөө диссертанттын жеке өзү тарабынан жүзөгө ашырылган.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо жана тастыктоо.** Тема боюнча макалалар жазылган жана изилдөө иши аткарылган жерде – ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин, башталгыч, мектепке

чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын отурумунда, диссертациялык кеңешинин алдын ала коргоо жыйынында талкууланган. Илимий-практикалык кеңешмелерге докладдар даярдалып ОШ шаарындагы № 18 А.Навои атындагы мектеп-лицейинде, Кара-Суу районуна караштуу №58 “Ак-Буура ”орто мектептеринде, Ош мамлекеттик университетинин профессору С. Момуналиевдин 80-жылдык юбилейине карата уюштурулган илимий-практикалык конференцияда (2021), Ош мамлекеттик педагогикалык университени тарабынан уюштурулган “Окуучу жаштарды руханий –адеп- ахлактык өнүктүрүү жана дене бой жактан тарбиялоонун актуалдуу маселелери ” аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2021) угулду жана талкууланды. Диссертант изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында, усулдук секцияларда, лекцияларды окуп, тренингдерди өткөргөн.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Изилдөөнүн негизги жоболору КР Президентине караштуу ЖАК талап кылган жалпы 12 макалада чагылдырылган. Изилдөөнүн багыты боюнча эки макала Россиядан РИНЦ системасында чыгарылган, 10 макала жергиликтүү басылмалардан жарык көрдү.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен (191), 14 таблицадан, 3 сүрөттөн турат. Жалпы көлөмү – 167 бет.

# I ГЛАВА. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫ КУРАГЫНА ЖАРАША ТАРБИЯЛООДӨ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1.«Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо» түшүнүктөрүнүн анализи

Дүйнөнүн бардык эле улуттарынын, элдеринин салттуу маданиятын изилдеген этнопедагогика илими алардын ар биринин традициялуу үй-бүлөлүк маданияты, этно үй-бүлөлүк өзгөчөлүктөрү, үй-бүлөлүк мамилелеринин атадан-балага, улуудан-кичүүгө өткөрүлүп келе жаткан этикалык менталитети, үй-бүлө тууралуу философиялык түшүнүктөрү бар экендигин далилдеп келет. Алардын бул түшүнүктөрү ар бир улуттун эне тили, кабыл алган же колдонуп келе жаткан дини, жашаган жеринин климаттык-географиялык өзгөчөлүктөрү, көп кылымдар бою калыптанып келе жаткан салттары, үрп-адаттары, фольклордук чыгармачылыгы ж.б. факторлор менен байланыштуу. Ошол эле кезде дүйнө элдеринин үй-бүлөлүк салттуу маданиятында жакындыктар, окшоштуктар орун алган.

Үй-бүлөнүн классикалык аныктамасы мындай деп берилет: “Үй-бүлө – никелик жана туугандык байланышта болгон адамдардын социалдык тобу, турмуш-тиричиликтик, бири-бирин тарбиялоо, бирге жашоо багытындагы биримдиги” []. Ошол үй-бүлөнүн келечеги бала, ал болсо ошол чөйрөдө акыл-эс, дене-күч жактан жана психикалык, эмоционалдык, интеллектуалдык жактан калыптанат, демек, баланын жетилүүсүндө үй-бүлө эң маанилүү роль ойнойт.

Үй-бүлө бул – социалдык институт, коомдун базалык ячейкасы болуп, анын негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр менен байланышат: никеде турган ата-эне; окшош турмуш-тиричиликте бирге жашоо; балдарды социалдаштырууга катышуу. Дал ушул институт көптөгөн кылымдар бою коомдогу

макросистеманынын эволюциялык генерациясын, адамзат коомунун сакталышын жана динамикасын түзүп келди.

Үй-бүлөнүн фунциялары:

– репродуктивдик, б.а., бала жаратуу, тукум улоо, артында мурас болор адам калтыруу;

– чарбалык-экономикалык, б.а., эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмгекке жарамсыздарды багууга, кароого алуусу, үй-бүлө бюджетин толтуруу;

– тарбиялык, б.а., улуулардын кичүүлөрдү тарбиялоосу, жакшы сапаттарга көнүктүрүүсү;

– коммуникативдик, б.а., үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бири менен жана башка үй-бүлөлөр менен, жалпы коомчулук менен байланыш-катышын уюштуруу;

– рекретивдик, б.а., үй-бүлө мүчөлөрүнүн саламаттыгы, эс алуусу үчүн шарттарды түзүү.

Ал эми салттуу үй-бүлө – үй-бүлөдө жүрүш-туруш эрежелеринин жана нормаларынын, салттарынын, үрп-адаттарынын муундардан муундарга сакталып, улам кийинки урпактарга өткөрүлүп берилиши. Бул механизмдерге үй-бүлөнүн башчылыгын тандоо, үй-бүлө ичиндеги аткарар милдеттерди бөлүштүрүү, бири-бирине жардамдашуу ж.б. иштер кирет. Үй-бүлөдөгү салттар ошол үй-бүлөнүн коомдогу ролун аныктайт.

**Таблица 1.1. – Кыргыз салттуу үй-бөлөсүнүн негизги өзгөчөлүктөрү**

| |
|---|
| – Баланын тарбияланышына чоң ата-чоң эне (таята-таяне) активдүү таасир этет жана неберелеринин жакшы адам болушуна алар да сыймыктанып, начар чыгып калышына алар да жоопкер болот.<br>– Эркек балдарды агалары, кыз балдарды эжелери катуу тартип менен тарбиялайт, жол көрсөтөт жана кам көрөт.<br>– Балдар агаларын, кыздар эжелерин идеал-үлгү тутат.<br>– Үй-бүлө мүчөлөрү уруу башчыларына, аксакалдарга баш ийет, алардын ар кандай чечимине макул болот. |

– Бир үй-бүлөдөн бөлүнүп чыккандар энчи алып чыгат.

– Бир үй-бүлөдөн бөлүнүп чыккандар бири-бирине ар кандай иштерде (ашар, мал издөө, кийиз-килем жасоо, аш-той, сөөк чыгаруу ж.б.) сөзсүз жардам берет.

– Бир үй-бүлөдөн бөлүнүп чыккандар бири-бирине кошуна болуп там салат, жайлоого чыкканда бир конушту жайлашат.

– Салттуу үй-бүлө мүчөлөрү мүлктөрүн ортодо сактайт, кимге зарыл болсо ортодон чыгарып берет.

– Салттуу үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине өнөрлөрүн үйрөтөт, тажрыйбаларын бөлүшүп турат.

– Балдар улуусунун кийимин кичүүсү кие берет, бир казандан (кээде бир табактан) тамак жей берет, кичине чагында бир төшөккө да жатып жүрөт ж.б.

Мына ушул салттуу үй-бүлөдөгү өзгөчөлүктөр азыркы заманбап үй-бүлөлөрдө, салттуулук сакталбаган үй-бүлөрлөрдө толук сакталбайт, же тактакыр колдонулбайт.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү салттуулук тарыхый бир доорлордо кошуна турган алтай, монгол, бурят ж.б. элдердин педагогикалык маданиятында да азырга чейин сакталып жүргөнүн көрөбүз, ал эми казактар ушул күндө да «Отбасы – шагын мемлекет» деп, үй-бүлөнү өзүнчө бир мамлекет менен салыштырат, бизде аналогиясы бар «Уядан нени көрсө, учканда ошону алат», «Анасын көр да, кызын ал», «Агасы бардын жагасы бар, иниси бардын тынысы бар» ж.б. макалдар күнүмдүк практикасында кеңири колдонушат.

Кыргыз элинин салттуу үй-бүлөсү – бул кыргыз элинин көп кылымдар мурда пайда болуп, мезгил сыноосунан өтүп колдонулуп келе жаткан үй-бүлөдөгү салттары. «Салт» бул орус тилиндеги «традиция» деген түшүнүк менен дал келет. Салттуу кыргыз үй-бүлөсү кыргыз элинин үй-бүлөлүк мыйзамдары, ал мыйзамдар жазылбаганы менен, эч кандай элдик институттар тарабынан атайын нормалаштырылып бекитилбегени менен калктын калың

катмары тарабынан аткарылууга тийиш болуп калган. Эгер ал нормаларга баш ийбеген үй-бүлөлөр болсо уруу ынтымагынан, элден чыккан болуп эсептелет.

«Салттуу кыргыз үй-бүлөсү – мамлекетте тарыхый жактан калыптанган, таанууга жана урматтоого ээ болгон үй-бүлө. Дал ушул кызматтык байланыштар менен бекемделген салттуу үй-бүлөдө өсүп келе жаткан адамдын улуттук менталитетинин, адеп-ахлагынын пайдубалы түптөлүп, аларга ылайык келген ченемдер, жүрүм-турум калыптанат, инсандын ички дүйнөсү, индивидуалдык сапаттары бөлүнөт. Үй-бүлө инсандын калыптанышына гана эмес, ошондой эле адамдын өзүн өзү ырастоосуна салым кошот, анын коомдук, чыгармачылык активдүүлүгүн стимулдайт, индивидуалдуулугун ачат.

Салттуу тарбия берүү – үй-бүлөдө салт, үрп-адат сакталып, традицияга айланган майрамдар өткөрүлүп, руханий байлыгы артып, бош убактысы үй-бүлө мүчөлөрү менен пайдалуу иштерге жумшалат» (Б. Апыш [22, 271, 280]).

*Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн өзгөчөлүктөрү* төмөнкүлөр менен байланышат:

1. *Каржылык жактан.* Чоң үй, кичине үй деген түшүнүктөр болуп, чоң үйдөн улам бөлүнүп чыккан кичине үйлөр каржылык проблемасын бирге чечет, б.а., баары таап келген каражаттарды чоң үйдөгү чоң ата менен чоң энеге алып келип берет да, алар башка кичине (бөлүнүп чыккан) үйдөгүлөргө муктаждыгына карап бөлүп берип турат.

2. *Мал чарбачылыгы боюнча.* Чоң үйдөгү ата-эне улам бөлүнгөн балдарына мал энчилеп, саан уй, кой-эчки менен узатат, ошолорду багып, көбөйтүп алгала дешет. Салттуу үй-бүлөлөрдө малдарды алмаштыруу, жакшы малдан тукум алып калуу үчүн бири-бирине мал берүү кеңири орун алат.

3. *Аш-той, майрамдар.* Кыргыз элинде той-аштар, элдик майрамдар тынымсыз өткөрүлүп турган. Балдардын жаш курагына байланыштуу жентек той, бешик той, сүннөт той ж.б. тойлор, майрамдар болгон кезде бүт бир туугандар кызмат кылган. Тойду кандай өткөрүү керектигин, кимдерди

чакырууну чоң үйдө тойдон мурда кеңешип алган, ал кеңеште ар бир кичи үйдүн мүчөлөрү сөз кошуп, пикир айтса да, чечүүчү жыйынтыкты чоң үйдүн ээлери чыгарган.

4. *Ашар.* Бул биргелешип иштөө, бир ишти чогуу бүтүрүү салты. Айрым бир жумуштарды жалгыз адам же жалгыз үй-бүлө аткара албай калган кезде, башкаларды жардамга чакыруу салты. Мындай ашарларда чоң үй-бүлөнүн ээлери, б.а., ата-энелери баш-көз болуп турган.

5. *Балдарга бирге тарбия берүү.* Чоң жана кичине үйдөгү балдарды тарбиялоо үчүн бир туугандардын баары тартылган. Балдар тартипсиздик кылса, анын ата-энеси гана эмес, ата-энесинин бир туугандары да сөзгө жыгылган, уят болгон, андыктан бүт туугандарды балдарды тарбиялоого жооптуу катары эсептелет.




**Сүрөт 1.1. – Салттуу үй-бүлөдө чоң үй менен кичине үйлөрдүн байланышы.**

*6. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү муундар байланышы.*




**Сүрөт 1.2. – Салттуу үй-бүлөдөгү муундар байланышы.**

Чоң үй-бүлөдөгү ата-эне кайтыш болгондо алардын кармаган үй-жайы, мал-алы бүт бойдон эркек балдардын эң кичүүсүнө калган да, анын иш-аракеттери, короо-жай күтүүсүнө башка бир туугандары көз салып турган.

Муундар байланышына ылайык ар бир адамдын ата-жотосу болот, ата-жотосуна тил тийгизбеш үчүн ар бир адам түз жүрүүгө аракеттенет. Жети ата өтпөй кыз алып, кыз беришпеген салт да катуу сакталган, бул генофонддун тазалагы үчүн керек болгон. Аталар жайлаган кошуштар, жайыттар кийинки муундарга – балдарга өткөрүлүп берилген, ошону үчүн конуштарды,

жайлоолорду экологиялык жактан таза кармоого аракет кылышкан, мурдагы муун карый баштаганда ал жерлерди кийинки муунга өткөрүп берүүгө даярдаган. Улуу муун малын, өзгөчө күлүк аттарын, жорголорун кастарлап минип, алгыр куштарын таптап, балдарына мурас катары өткөрүп берген, балдары болсо «Атадан калган мал эле», «Аталардын мурасы» деп аларды өзгөчө кастарлаган, алардан тукум алып, булар да кийинки балдарга өткөрүп берген. Аталары көзүн ачкан булак, аталары тиккен бак-дарактар, салган тамдар да балдары үчүн ыйык таберик катары эсептелген.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү сакталып келе жаткан ушундай салттуулук тууралуу Чыңгыз Айтматов «Жамийла» повестинде мындай деп жазат: «Биз башынан эки үй жанаша турабыз. Үч кез дубалы мыктап салынган, мечит жактагы дөбөчөдө турган бак-дарактуу короолор ошол биздики. Мен чоң үйдүн баласымын. Агаларым согушка кетип кабар жок, экөө тең үйлөнө элегинде кеткен. Карыган атам жыгач уста, колхоздун жүрүп турган ушул тактай араба, шады араба – баарысы дээрлик ошол кишинин колунан чыгып турат, таңдан намазын окуп устаканасына кетет да, күн бата келет. Үйдө апам менен карындашым бар.

Берки кичи үйдө болсо биздин жакын тууганадарыбыз турат. Жакын дегиним ортобуздан эки-үч ата өтсө да, алар менен башынан малыбыз, жаныбыз бир. Тээ чоң аталарыбыз бирге көчүп, бирге конуп өтө ынтымактуу турушкан экен, ошолордун салты менен биз дагы арабызды алыстатпай, кол үзгөн жокпуз. Колхоз уюшулганда аталарыбыз короо-жайларды бир жерден жанаша тургузушуптур. Ал гана эмес, эки суунун ортосундагы биздин Арал көчө ылгай эле бир атанын балдары.

Кийинчерээк берки үйдүн ээси дүйнөдөн кайтып, артында аялы менен тестиер эки уулу калат. Илгертен калган адат боюнча агайын-туугандар жесирдин башын байлап коёлу деп, арбак, кудайга тууралап: менин атама никелештирип коюшат. Ал үй жонунан өзүнчө түтүн болуп саналып, мал

ookаты, чарбагы бөлөк болгону менен, чынында биз баарыбыз бир үй-бүлө болчубуз. Алардын да эки уулу аскерде. Улуусу – Садык жаңы эле келинчек алганда кетти. Фронттобуз деп анда-санда алардан кат келип турат. Кичи үйдө кичи апам менен анын келини эле калышты. Ал экөө да эртеден кара кечке колхоздун жумушунда. Кичи апам, аны айылдагылар Иштерман деп коюшат, ээ бир дүйнөдө табылбаган карапайым, сонун киши да. Түк бир бригаттар менен жаактaшпай, жүр деген жагына жүрүп, берки жаш келиндер менен тең катары эле арык да чаап, суу да сугарып, кетмен колунан түшпөйт. Анын келини Жамийла, кудай билип бергенби бейм, ал дагы жумушка кайраттуу, мыкты келинчек, бирок мүнөзү башкачараак» [6, 64].

Ушул жазуучу чагылдырган салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн бир модели, ал моделге ылайык белгилер:

– бир туугандардын бир көчөгө жайгашышы;

– «чоң үй» деген түшүнүк болуп, бүт туугандардын маселелери ошол «чоң үйдөн» чечилиши;

– эки үйдүн жанаша жайгашышы, бир үйдөгүлөрдүн экинчи үйгө ээн-эркин кирип чыгышы;

– атанын карып калса да, таң эрте туруп, намазын окуп алып колхоз жумушуна барышы;

– туугандардын баарынын мал-жаны бирге болушу;

– жайлоого, ал жактан кайра кыштоого бир көчүшү;

– аш-тойлордо баары бири-бири үчүн жапа тырмак кызмат кылышы; балдарына туугандык жайларын айтып, бирге тарбиялоосу;

– балдарды бири-бири менен ынтымакта кармоосу;

– күйөөсү каза болгон келинди башка жакка чыгарбай өз кайнилерине никелеп коюшу ж.б.

Жазуучу XX кылымдын орто чениндеги Таластын Шекер айылындагы бир үй-бүлөнү ушундайча көрсөтөт. Муну адабиятчылар Жамийла эскиче

жашаган патриархалдык үй-бүлөгө туш келди, ал андай чөйрөгө чыдамак эмес, ошон үчүн Данияр менен качып кетти деп чыгышты. Чынында Жамийла туш болгон үй-бүлө социализмден артта калган феодалдык доордун үй-бүлөсү эмес, ал үй-бүлө кыргыздардын кылымдар бою жыйнап келген салттарын өзүндө чогултуп турган салттуу кыргыз үй-бүлөсү. Ошол үйдө эки тизгин, бир чылбыр байбиченин колунда. Байбиче салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү башкы фигура катары «эки үйдүн ынтымагын, ырыс-берекесин сактаган», «билерманы да», «эки үйдү адилеттүү башкарганы да», «айылдагы эски нускалуу да», «кадырман да» адам. Мына ушул байбиче бүт туугандардын келечегине жооптуу, алардын ар бир мүчөсүнүн бактысы үчүн аракет кылат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү байбиченин кызматтык функциясы жана үй-бүлөдөгү ролу тууралуу С.М.Абрамзон мындай деп жазат: «Үй-бүлөнүн үй тиричилигин башкарган, келиндерине жана кыздарына буйрук берген, алар аткарууга тийиш болгон үй жумуштарынын түрлөрүн белгилеген. Ал кыз-келиндерине жип ийрүүнү, сокмого калың жүк таарларын согууну, аркан эшүүнү, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн кийим тигүүнү, сайманы үйрөтүп, аларга түшүндүрмө берип турган. Байбиче кандай жана канчалык санда тамак даярдоо керектигин айтып, ал үчүн азык-түлүктү бөлүп, меймандарды кабыл алууга сөзсүз катышып, алар үчүн тамак асууга буйрук берген. Кыздардын жана келиндердин адептүүлүгүнө көз салуу да байбиченин милдетине кирген. Ал жүрүш-туруштун эрежелери жөнүндө аларга насаатын айтып, үйдөн көп чыгууга жана чоочун эркектер менен сүйлөшүүгө тыюу салган» [5, 170-171].

Мына ушул салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн XX кылымдын башындагы жана орто чениндеги бир мисалы.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоонун эң таасирдүү институттары катары төмөнкүлөрдү билгилөөгө болот:

***Уруу башчылары жана уруу аксакалдары, байбичелер.*** Кыргыздар байыртадан эле уруу-уруу болуп жашаган. Ар бир уруунун өз жайыты,

өздөрүнүн уруу тамгалары (эн тамгалары), аңчылыкка чыга турган аска-тоолору болгон. Чоң уруулар (адигине, саяк, сарыбагыш, бугу, найман ж.б.) өз ичинен дагы майда урууларга (мисалы, адигиненин ичинен сарт, бөрү, жору, баргы), алар дагы майда уруктарга бөлүнүп кеткен. Тышкы душмандар кокус кол салып басып киргенде алардан коргоону уруулардын милдети катары эсептелген да уруу башчылары өз уруусунан канча жигит, канча ат, канча курал-жарак, канча союла турган мал чыгара тургандыгын тез арада чечкен да, жалпы кыргыз урууларына кошумча кылган. Ушул талапты ишке ашыруу үчүн ошол аксакалдар өз уруусундагы жигиттердин аскердик даярдыгын, уруусунда кандай аттар, кандай куралдар, союшка жарай турган кандай малдар бар экенин жакшы билген.

Уруу башчылары ар кандай маселени адилет чечкен, анын чечимине башкалар каршы болгон эмес. Жакшылык-жамандыкта уруу башчылары келбесе той да, аш да башталбаган. Уруу ичиндеги ар кандай талаш-тартыштар (мисалы, мал-мүлк бөлүү; жайыт-суу талаш; жубайлардын ажырашуулары ж.б.) ушул уруу башчылары жана уруу аксакалдары тарабынан чечилген. Алар казынын (соттун), каралоочунун (прокурор), актоочунун (адвокат) ролун да аткарган. Өздөрүнүн орун басарларын – кийинки уруу башчыларын да даярдап келген. Булар ошол уруудагы кайсыл гана курактагы балдар болбосун – тарбиялоого милдеткер болгон, анткени алар өз уруусунун ичинен ыймандуу, адептүү, мекенчил, ден соолугу чың балдар чыгышына кызыктар болушат. Башка уруулар менен ат оюндары, ар кандай мелдештер жүргөндө, той-тамашаларда, уруш талааларында өз уруусунун алдыда жүрүшүн каалаган.

***Бир атанын балдары.*** Уруу ичинде да бири-бирине жакындар болот. Санжырачылар бир атадан тарагандарды аныктап турган. «Биз бир атанын балдарыбыз», «Кыз алып, кыз беришпеген бир атаданбыз» дейт эски кишилер. «Эки ата өткөн», «Үч ата өткөн» ж.б. деп туугандарды ажыратат. Көчмөнчүлүк жашоодо мындай тууганчылык өтө керек болгон. Бир атанын балдары

мергенчиликке бирге чыккан, же болбосо аңчылыкка салбуруундап кеткен болсо, аталаш тууганлардын бирөө-жарымы айылда калып, ал жердегилерге баш-көз болуп турган, жазында согум союп, бир атанын балдары даңгесе деп, теңдеп бөлүп алган, өлүмдө сөөк жууганда бир атанын балдарына сөөк жууш милдети берилген, «өлүк ээси» да ошол бир атанын балдары болгон. Бир атанын балдары бириңде жокту бири алып кете берген, ошолордун ичинен бирөөсүнүн колу жука болсо, калгандар аны колдоп, жардам берип кеткен, бир атанын балдары ашарлашып, алгоолошуп боз үй көтөргөн, там салган, отун алган, ортолукка мал кылган. Аш-тойлордо бир атанын балдары өзгөчө кызмат кылган. Мына ушул тарбия улуулардан балдарга өткөн.

Ч. Айтматов «Ак кеме» повестинде Момундун образы аркылуу өзүнүн бугу уруусунун ичиндеги аш-тойлорго кызмат кыл, жети атаңды бил, «жети атасын билбеген жетесиз» деп балдарды тарбиялаган тубаса элдик педагогдун образын берген.

***Аталар жана энелер (апалар).*** Этнограф, чыгыш таануучу Н.Х. Калемин 1925-1926-жылдары биздин жерге келип, үч болуш элдин үй-бүлө түзүлүшүн изилдеп чыккан. Ал ошол учурдагы гана эмес, ага чейинки да кыргыз үй-бүлөлөрүнүн курамын изилдеп, аларды мындай типтештирет:

а) аз сандуу үй-бүлө (күйөөсү, аялы, бойго жете элек балдары бар);

б) чоң үй-бүлө (чоң ата-чоң эне, ата-эне, балдар).

***Ботогардын үй-бүлөсү*** (чоро тобунун көкчөкөз муунунан): бүлө башчы, аялы, беш уулу, үч кызы, уулдарынын жети аялы, алардын жети баласы, бир небересинин аялы, бир чөбөрөсү, тууганынын жесири, анын эки уулу, сегиз малайы. Баары – төрт муунга таандык отуз жети жан. Менчик мүлкү: миң кой, беш жүз бээ, отуз төө, отуз үй. Булар 1903-жылга чейин, Ботогар өлгөнгө дейре ушул тейде ыдырабай келген экен [5, 169-170-бб.].

Бул жердеги фактыларга караганда салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ошол үй-бүлөнүн ынтымагы үчүн, башка үй-бүлөлөр менен өз ара мамиледе жашоо

үчүн, үй-бүлө мүчөлөрүн кийим, тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн аталар жана энелер жооптуу болгон. Аталар сырткы иштерге: аңчылык кылуу; мал багуу; боз үй же там салуу; азык-оокат таап келүү ж.б. жумуштарга тартылса, апалар үй ичин сарамжал кармоо; кийим-кече, жууркан-жаздык тигип даярдоо; уй саап, сүт азыктарын балдарына берүү же кийинкиге топтоо (курут, сары май); кыздардын себин даярдоо ж.б. милдеттерди алган. Балдарды тарбиялоо экөөнүн тең милдети болгон. «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат» деген макал балдарды тарбиялоодогу экөөнүн бирдиктүү аракетин көрсөтөт. Кыргыздар «Энеси болушчаактын баласы ыйлаак» дейт, балдарды ата-энелердин бири тарбиялап жаткан кезде экинчиси ага болушпай турушу керек болгон. Эгер бири эле болушса, туура эмес жолдо бараткан бала ошол болушар адамга таянып, өз билгенин кыла бериши мүмкүн дешет. Ошон үчүн ата-эне тарбиясында атанын да, эненин да биримдиги, үй-бүлөлүк тарбиялоонун гармониясы керек. Кээ бир бейадеп кыздарга карата «Бул кыз эне көргөнбү» же балдарга карата «Ата көрбөгөн бала окшойт» деген баалардын берилиши алардын ошол тарбиясындагы бир кенемтени көрсөтүп берип атат.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө атанын өз орду, эненин өз орду болгон. Атасы үйгө келгенде балдары анын атын алып, мамыга байлап, сырт кийимдерин чечүүгө жардам берип, колуна суу куюп, сүлгү сунуп, төргө отургузган, ал отурар учурда кыздары алдына калыңдап төшөк салган, атасы келгенче тамак тартылбаган, эң биринчи тамакты ата баштаган, анан башкалары кол сунган (эгер өтө кичинекей бала болсо алар каалаган учурда тамак жей берген.

***Бир туугандар.*** Элде «Эжесин көрүп сиңди өсөт, агасын көрүп ини өсөт» деген нравалык-моралдык насаат айтылып келет. Бир туугандардын адеби, жүрүш-турушу, эл ичиндеги орду өзүнчө ошолордун ар биринин сапаттарына карата аныкталат. «Мунун эжеси жакшы» деп ошол эжесине карап эле сиңдилерине куда түшкөндөр болгон. Бир үй-бүлөдөгү балдар бир ата-энеден

окшош тарбия алгандыктан алардын окшоштуктары көп болот. Байкеси көк бөрү тарткан жигит болсо, калган инилери да ошол улуттук оюнга жакын чоңоёт. Кээде бир үй-бүлөдөн бир спорттук команда түзгөндөр кездешет, мисалы, актёр жана сүрөтчү Сүймөнкул Чокморовдун бир туугандары волейбол командасын түзүп, көп мелдештерге бирге катышкан.

***Достор.*** Кыргыз балдары өтө эрте жашынан досторду табышкан. Достор менен бала чагында бирге ойногон, кийин бирге иштеген, бирге ууга чыккан, бирге жар тандаган. Элдик эпостордо Манас менен Алмамбеттин, Курманбек менен Аккандын достугу аркылуу дос болуунун идеялдары аныкталган. Мисалы, Алмамбет Манас баатырдын оң колу, согуш тактикасын эң мыкты билген кол башчы. Анын улуту кытай, ал эми кыргыздар ошол кезде кытайлар менен согушуп турган. Атасы Манаска сөөк өчтү кас душмандар кытайдын Эсенкан, Алооке, Карыкан деген эл башылары менен тууган. Ал өз элинен адилеттикти издеп, бирок таппай «Кайыңды көрсөм конормун, кайышпай кайың көтөрсө, как ошо жерде болормун», «Башымды жөлөр паана жок, баркымды билер даана жок» деп жүрүп Манас менен таанышты. Андан соң Чыйырдынын оң эмчегин Манас, сол эмчегин Алмамбет ээмп, экөө дос гана эмес бир тууган болуп калат. Мына ошол достугу өмүр бою сакталат, Манас Бейжинге кол баштоону Алмамбетке тапшырат, эчен оор кырдаалдардан Алмамбет алып чыгып, өлүмдөн да арачалып калат.

Ошол Манас менен Алмамбеттин достугун миңдеген кыргыздар балдарга айтып жүрүп, ушулардай дос болгула деп насааттап келет.

Айыл аксакалдары балдарга сын берүүдө алардын достору ким экендигине өзгөчө баа берет, туугандары жаман балдар менен дос болуп жүргөндөрдү ата-энесине барып, «балаң жаман балдар менен достошуп жүрөт, ушундайда ажыратып кал» деп айтышат. Кээ бир ата-энелер балдарын жаман достордон ажыратыш үчүн абдан катуу аракеттерди кылган, убактылуу башка жактарга көчүп барып да турган.

Балдардын туура тарбия алышында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ар түрдүү адамдар гана эмес, жаратылыш, эмгек ж.б. факторлор да күчтүү таасир эткен.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулган.

*«Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү»* деген түшүнүк педагогиканын жана психологиянын теориясында ар тараптуу изилденген. «Кыргыз педагогикасы» аттуу энциклопедиялык окуу куралында [93] курак өзгөчөлүк тууралуу мындай түшүнүк берилет: «...адамдын турмуш жолун мезгилдерге бөлүштүрүүнүн натыйжасында, анын психикасынын өнүгүү закон ченемдүүлүгүн жеткиликтүү түшүнүү шарты катары каралат. Ар бир куракта инсандын өнүгүүсүндө «жаңы жаралуулар» пайда болот. Мындай жаралуулар, психолог Л.С. Выготский белгилегендей, өнүгүүнүн алгач жетишкендерине таянат. Бул проблемаларды, психиканын өнүгүү закон ченемдүүлүгүн түшүнүүдө курак өзгөчөлүктөрүнө бөлүнүп каралат».

Балдардын дене бой (физикалык) өсүүсү, психологиялык жактан бышып жетилүүсү бирдей болбойт. Бул бир катар факторлор менен тыгыз байланыштуу:

– биринчиси, тукум куучулук (генетикалык) фактор;

– экинчиси, бала жашаган чөйрө, үй-бүлө фактору;

– үчүнчүсү, климаттык-жаратылыштык фактор;

– төртүнчүсү, баланын ден соолугу, б.а. медициналык фактор;

– бешинчиси, ар бир баланын психологиялык өзгөчөлүгү, б.а., психологиялык фактор;

– алтынчысы жана эң негизгиси – календарлык фактор, б.а., баланын туулган күнүнө карата жашы (датасы).

Андан башка биологиялык курак деген да түшүнүк бар, адамдын биологиялык жашы дайыма эле календарлык жашы менен дал келе бербейт.

Педагогика жана психология илимдеринде адамдын курак өнүгүүсүн мезгилдештирүү (возрастная периодизация) боюнча илимий адабияттарда өтө көп изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул мезгилдештирүү бала түйүлдүк болуп пайда болгондон анын каза болгонго чейинки мезгилин ичине камтыйт. Курактык жактан стратификация айрым учурда укуктук (юридикалык) жактан да мааниге ээ. Мисалы, жашы толо элек кыздарды аял кылып алуу, же ала качуу, зордуктоо жашы толгон учурдагыларга караганда оор кылмыш катары каралат; жашы толо элек өспүрүмдөрдүн кылмышка барышында аларды түз эле түрмөгө отургузбай, балдар түзөтүү жайларына жиберишет; пенсия курагындагыларга көп жактан жеңилдик берилет ж.б.

Балдарды, жалпы эле адамдарды куракка бөлүштүрүү абсолюттук же реалдуу фактор, б.а. биринчисинде, туулганына карата жашы менен; экинчисинде, анын өсүү процесси, б.а., дене-бой, ал-күч жана психологиялык өнүгүүсү эске алынат. Ошон үчүн балдарды курак өзгөчөлүгүнө карап бөлүштүрүү толук дал келбейт, шарттуу (условный) болот. Мисалы, бир эле сегиз жаштагы элүү баланы алып көрсөк, алар бир эле жылда (2012-жылы) төрөлгөн, бирок алардын бою, салмагы, күчү, акыл-эси бирдей болбойт. Демек, аларда индивидулдуулук (айрымачылык) бар, ошол эле кезде аларда жалпы типтүүлүк (окшоштук) да сакталат.

Балдардын курак өзгөчөлүгүн аныктап, алардын типтүүлүгүн таап, мезгилдештирүү өтө байыркы убактан эле башталган.

Ошолордун ичинен байыркы Грецияда Аристотель (б.з.ч. 384-322) экиге бөлөт: 7 жашка чейин жана 7 жаштан жыныстык жетелген курагына дейре.

Я.А. Коменский (1592-1670) 6 жашка чейин сезүү органдары өсөт, ал эми кийинки рочество деген куракта (6-12 жаш) баланын ички сезимдери, анын ичинен эс тутуму, кыялы ж.б. психологиялык процесстери активдүү жүрөрүн, кийинки жаштык курагында (12-18 жаш) ой жүгүртүүсү, өзүнчө пикир айтуусу жогоруларын, кийинки куракта (18-24) эрки күчтүү өнүгөрүн белгилейт.

Ж.Ж. Руссо (1712-1778) 2 жашка чейин табигый талаптары (ач калганын билиши, ысык-суукту, уйкусу келгенин, чарчаганын сезиши) калыптанган болот, 2-12 жашында сырткы дүйнөнү кабылдоосу өнүгөт, 12-15 жашында психологиялык процесстер активдүү жүрөт.

А. Дистервег (1790-1866): 6-9 жаш – көрүү, сезүү мезгили; 9-14 жаш – эс тутумунун өнүгүшү, кандайдыр бир нерселер, көрүнүштөр тууралуу түшүнүктөрдү өстүрүүсү, 14-17 жаш – аң сезимдүү кабыл алуу.

К.Д. Ушинский (1824-1870) үч этапка бөлөт: 3-6 (7) жаштагылар (өз алдынча балалык, мектепке чейинки курак; 6 (7) – 14 (15) жаш – өспүрүм курак; 22-23 жаш – жаштык.

Советтик психолог Л.С. Выготский (1896-1934) баланын өнүгүүсүн жана анын кризисин төмөнкүдөй мезгилдештирет [106]:

– жаңы төрөлгөндүн кризиси (2 айга чейин)
– младенческий убак (1 жылга чейин)
– кризис 1 жыл
– алгачкы балалык (раннее детство) (1-3 жаш)
– кризис 3 жаш
– мектепке чейинки курак (3-7 жаш)
– кризис 7 жаш
– мектеп жашы (7-13 жаш)
– кризис 13 жаш
– пубертандык (жетилүү) жашы (13-17 жаш)
– кризис 17 жаш.

Көрүнүп тургандай, психолог балдар психологиясын ар тараптуу жана терең изилдеп анын өнүгүүсүндөгү кризис мезгилдери деп 1, 3, 7, 17 жаш кезин көрсөтөт.

Дагы бир психолог Д.Б. Эльконин өзүнөн мурда иликтөө жүргүзүп ой айткан Л.С. Выготский менен А.Н. Леонтевдин классификацияларын интеграциялап өзү төмөнкүдөй мезгилдештирет [126]:

***1. Алгачкы балалык (раннее детство):***

– наристелик (0-1 жаш)

– алгачкы жаш (ранний возраст) (1-3 жаш)

***2. Балалык***

– мектепке чейинки курак (3-7 жаш)

– кенже мектеп жашындагы курак (7-11/12 жаш)

**3. Өспүрүм курак**

– өспүрүм курак (11/12-15 жаш)

– эрте жаштык (15 жаштан) жогору

Э. Эриксон өз теориясында адамдын психосоциалдык өнүгүү теориясын иштеп чыгып, сегиз фазага бөлөт [185].

Көптөгөн классификацялоолорго таянуу менен 1965-жылы СССР Педагогика илимдер академиясы адамдын курак стадиясын төмөнкүдөй ажыратат [89]:

– жаңы төрөлгөндөр – 1 күндөн 10 күнгө чейинкилер

– сүт эмген балдар (грудной ребёнок) – 10 күндөн 1 жашка чейинкилер

– алгачкы балалык (раннее детство) – 1-2 жашарлар

– балалыктын биринчи мезгили (первый период детства) – 3-7 жаштагылар

– балалыктын экинчи мезгили (второй период детства) – 8-12 (эркектер); 8-11 (кыздар) жаштагылар

– өспүрүм курак (подростковый возраст) – 13-16 (эркектер); 12-15 (кыздар) жаштагылар

– жаштык (юношеский возраст) – 17-21 (эркектер); 16-20 (кыздар) жаштагылар

– орто жаш:

– биринчи мезгил – эркектер – 22-35 жаш; аялдар – 21-35 жаш

– экинчи мезгил – эркектер – 36-60 жаш; аялдар – 36-55 жаш

– улгайган адамдар (пожилые люди) – 61-75 (эркектер); 56-75 (аялдар)

– кары жаштагылар (старческий возраст) – 76-90 жаш

– узак жашоочулар (долгожители) – 90 жаштан жогоркулар.

Орус тарыхында таанымал мамлекеттик ишмер жана тарыхчы катары белгилүү В.Н. Татишевдин (1686-1750) балдар курагын бөлүштүрүүдө мындай классификациясы илимий адабияттарда колдонулуп келет:

– наристелик өлкөсү – туулгандан 12 жашка чейинкилер.

– жаштык өлкөсү (юношества) – 12-25 жаштагылар.

– эрдик (мужество) – 25-50 жаштагылар.

– карылык – 50 жаштан өйдөкүлөр.

– 1783-жылы Орус азбукасында авторлор мындай бөлүштүрүү жүргүзөт:

– 7 жашка чейин – младенец.

– 7 жаштан – отрок.

– 15 жаштан – юноша.

В.И. Дальдын «Толковый словары» боюнча балдардын курагы мындай:

– детство – 14-15 жашка чейикилер.

– подросток – 14-15 жаштагылар.

– юность – 15 жаштан 20 жашка чейинкилер.

Жогорудагы бөлүштүрүүлөрдү Ф.И. Сетин мисал катары алып, балдар адабиятын ошолорго негиздөө керек деп белгилейт, алар:

– окууга үйрөтүүнүн башталгыч этабы үчүн (азбука, грамматика)

– жазууга үйрөтүү үчүн (тез жазуунун азбукасы)

– өз алдынча окууга ылайыкталган энциклопедиялык мүнөздөгү китептер (үйрөтүүнүн үчүнчү баскычы үчүн) [162, 24-25-бб.].

Мындай бөлүштүрүүлөр кыргыз балдар адабиятынын тарыхын жана теориясын изилдөөчөлөр тарабынан да жүргүзүлүп келет. «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» аттуу китепте (1991) окумуштуу-педагог М. Түлөгабылов мындай ажыратат:

– бөбөктөр (мектеп жашына чейинкилер).

– жеткинчектер (мектеп жашындагы кенже балдар).

– тестиерлер жана өспүрүмдөр (жогорку класстын окуучулары) [170, 3-б.].

«Кыргыз балдар адабияты» деген китепте) А. Муратов менен К. Исаков сунуш кылган классификация:

– мектеп жашына чейинки балдар (бөбөктөр) – 2-3 жаштан 7 жашка чейинкилер.

– мектеп жашындагы кенже балдар – 7ден 11-12 жашка чейинкилер.

– мектеп жашындагы орто жана чоң балдар (өспүрүмдөр) – 11-12 жаштан 17-18 жашка чейинкилер [114, 12-б.].

Азыркы педагогикада жана курак психологиясында мындай бөлүштүрүү кеңири тараган:

– бөбөк ( наристелик – туулгандан 1 жашка чейин);

– мектепке чейинки балалык курак (1-3 жаш);

– мектепке чейинки балалык (3-6 жаш);

– кенже мектеп жашы (6-10 жаш);

– өспүрүм курак (10-15 жаш);

– жаштык (1-мезгил 15-17 жаш; 2-мезгил – 17-21 жаш).

–

**Таблица 1.2. – Курактык жактан периодизациялоо (физиология, медицина, психология, педагогика боюнча)** [191, 64-б.]

| **Курак физиологиясы боюнча** | **Медицина боюнча** | **Курак психологиясы жана педагогикасы боюнча** |
|---|---|---|
| Жаңы туулгандар (алгачкы 10 күн) | Жаңы туулгандар (алгачкы 3-4 жума) | Наристе кез ( наристелик) (туулгандан 1 жашка чейин) |
| Эмчек эмгек курак (10 күндөн – 1 жашка чейин) | Эмчек эмгек курак (кенже бакча курак) (4 жумадан – 1 жашка чейин | Мектепке чейинки балалык курак (1-3 жаш) |
| Алгачкы балалык (1-3 жаш) | Мектепке чейинки балалык курак (жогорку бакча курак) (1-3 жаш) | |
| Биринчи балалык (4-7 жаш) | Мектепке чейинки балалык (3-7 жаш) | Мектепке чейинки балалык (3-6 жаш) |
| Экинчи балалык (8-12 жаш) | Кенже мектеп жашы (7-12 жаш) | Кенже мектеп жашы (6-10 жаш) |
| Өспүрүм курак: балдар – 13-16 жаш; кыздар – 12-15 жаш | Өспүрүм курак | Өспүрүм курак (мектептин орто класстары) (10-15 жаш) |
| Жаштык курак: жигиттер – 17-21 жаш; кыздар – 16-20 жаш | Мектептин жогорку класстары (12-18 жаш) | Жаштык: 1-мезгил – 15-17 жаш 2-мезгил – 17-21 жаш |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүштүрүү физиология, медицина, психология, педагогика илимдеринин негиздерине таянылып жүргүзүлгөн, б.а., илимий бөлүштүрүү, ал эми этнопедагогикада мындай терминдер жана аталыштар болбогону менен негизинен ушул бөлүштүрүүгө жакын келет жана ар бир курактын аталыштары ар түрдүү элде ар кыл болот.

Этнопедагогикада балдарды куракка карап бөлүү өзгөчөлүктөрү бир топ жагдайлар жана кырдаалдар менен шартталат.

Ар бир элдин, улуттун тарбиялоо салттарын жана тажрыйбаларын изилдей турган ошол элдердин этнопедагогика илими түрдүү уруулардын,

улуттардын жашаган аймагына, менталитетине, тарбиялоо маданиятына карай балдардын курак өзгөчөлүгүн ар түрдүүчө карайт.

Сибирдеги ***манси*** деген элдин бөлүштүрүүсү:

– ысым коюлганга чейин;

– ысым коюлгандан тиш чыкканга чейин;

– 3-4 жашка чейин;

– 3-4 жаштан чоң бала болгонго чейин.

Обь дарыясынан боюндагы ***угур (ханти жана мансилер):***

– эмчек эмген балдар;

– бешиктеги балдар;

– кичине балдар (эмгектенгенге чейинкилер);

– чоң балдар;

– өспүрүмдөр.

***Тываларда (тувалыктар):***

– 1-этап: башкаларды таанып билүү;

– 2-этап: ойноо мезгил, 5 жашар кези.

***Нивхилер:***

Балалык жана өспүрүмдүк – 14 жашка дейре, анын ичинен:

– 1-топ – алгачкы наристе чак; 3-5 айга чейинки курак (нивхиче ойдам), б.а., күлө элек учуру;

– 2-топ кийинки наристе чак – 5 айынан биринчи бут шилтеп басууга аракет кылганга чейинки мезгил (нивхиче – ола; бизче – бала);

– 3-топ – алгачкы балалык чак – баса баштагандан 4-5 жашка чейинки курак;

– 4-топ – кийинки балалык чак – балдардын баары эмчектен чыгат, балдар менен кыздар өз-өзүнчө бөлүнүп ойной баштайт;

– 5-топ – 8-14 жаш – чоңдор менен бирге эмгек кылууну үйрөнгөн мезгил.

***Нганасандар:***

– 1-топ – нуо-бала – 6-8 жашка чейинкилер;

– 2-топ – өспүрүмдөр – 13-14 жашка чейинкилер (тыбыйка – эркек балдар; нербэ э нерба а – кыздар);

– 3-топ – 15 жаштан 20-25 жашка чейинкилер (нянту – жигит, коптуа – кыз.

***Эвенктерде*:**

– наристелик (наристелик) – туулгандан 3 жашка дейре;

– балалык – 3-10 жаштагылар;

– өспүрүмдүк – 9-15 жаш, андан кийин чоң адам катары каралат.

***Буряттарда:***

– 1-топ – жаңы төрөлгөндөр;

– 2-топ – эмчектегилер;

– 3-топ – 1ге чыккандар;

– 4-топ – баса баштагандар – 1-1,5 жаштагылар;

– 5-топ – балдар 1,5 жаштан 5 жашка чейинкилер;

– 6-топ – балдар 5-10 жашарлар;

– 7-топ – балдар 10-15 жаштагылар;

– 8-топ – жаштар 15-18 жаш куректагылар.

***Кеттер:***

– 1-баскыч – туулгандан киндиги түшкөнгө чейин;

– 2-баскыч – киндиги түшкөндөн тиши чыкканга дейре;

– 3-баскыч – тиши чыккандан кийин [88].

Жогоруда көрүнүп тургандай Түндүк Урал, Батыш Сибирь, Ыраакы Чыгыш тарапта жашаган элдерде бирдей бөлүштүрүү болбогон менен жалпылык бар, ал жалпылык баланын тиши чыгышына, бешикке жатышына, эмчектен чыгышы, кадам шилтеп басып кеткендигине ж.б. акыл-эс жана дене-блй жактан өсүү процесси менен байланышат.

***Казак*** этнопедагогикасында Совет-Хан Габбасов мындай бөлүштүргөн:

1. Үй-бүлө курууга даярдык жана тукумдун тазалыгы.

2. Эне курсагындагы тогуз ай.

3. Наристе кезеңи.

4. Балбөбөк кезеңи.

5. Сәбилик кезеңи.

6. Балагат кезеңи.

7. Кемелине келген (жетилиүү кезеңи) [64, 87-б.].

***Казактарда*** мындайча дагы бөлүштүрүү учурайт:

1. Наристе (нәрестелік жас) – 7 ай бешик 12-ай жөргөлөө.

2. Бөбөк (Бөбек) – 1-3 жаш.

3. Сәби – 3-7 жаш.

4. Жеткинчек (Жеткіншек) – 8-11 жаш.

5. Бозбала – 12-15 жаш.

6. Чоңойгон курак (Үлкендер) – 15 жаштан өйдө [181].

***Кыргыздарда*** баланын курагына жарашоо жашоо мезгилин билдирген өтө көп сөздөр, түшүнүктөр бар. Айрымдарын карап көрөлү: карындагы мезгил; түйүлдүк; ичте кыймылдаган мезгил; кызыл эт; наристе; бөбөк; алдей; чүрпө; ымыркай; эмчек эмгек бала; бешиктеги бала; бир, эки... ж.б. тиши чыккан мезгил; эмгеги каткан бала; жөрмөлөгөн мезгил; чакырганды билип калган; күлүп калган; энесин таанып калган; отуруп калган; бир-эки кадам шилтеген; баскан; жүгүргөн; ата-энесин ээрчиген; буламык жеп калган; бешиктен чыккан; ойноо бала; кой дегенди билбеген акыл-эс кире элек мезгил; күл чачар; бок мурун; эси кирди-чыкты; эс кирген; балакатка жеткен; өспүрүм; тестиер; боз бала; бозой, бийкеч; жигит ж.б.

К. Жаныгулов кыргыз эл акындарынын мурастарын негизге алып балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун

изилдеген диссертациясында балдардын жаш курагын төмөнкүдөй атоолор менен берет жана ажыратат:

1. Төрөлгөндөн бир жашка чейин – ымыркай, чиедей, наристе.

2. 1 жаштан 3 жашка чейин – балдырак, бөбөк, күл чачар.

3. 4 жаштан 6 жашка чейин – бүлдүргүч, бок мурун.

4. 7 жаштан 11 жашка чейин – жеткинчек, өскөлөң, секелек.

5. 12 жаштан 14 жашка чейин – өспүрүм, балагат, тестиер.

6. 15 жаштан 19 жашка чейин – бой жеткен, боз бала, бозой, бийкеч.

7. 20 жаштан 25 жашка чейин – боз салкын, эр жигит, жигиттик деген аталыштырды колдонуу [68].

Кыргыз элинин тарыхый баскан жолунда бала тарбиялоого өзгөчө маани берилип, аңчылыкка, мал багууга, эл коргоого, көчмөн жашоого ыңгайлаштырууда алардын курагына көңүл бурулган. Балдар 5-6 жашынан эле өзүнө мал тандаган, б.а., баланын козусу, улагы, тайы болгон. Элдик салтта баланын тай минишине өзгөчө басым жасалган. Тайга баланын өзүнчө миниши – анын адамдык жолундагы бир этап, адамдык индивидуалдаштырылыш катары каралган.

Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрү тууралуу Б. Апышов мындай деп жазат: “...ар кайсы курактагы адамдардын психикасынын өнүгуу динамикасы, мыйзам ченемдүүлүктөрү, тенденциялары, темпи, багыты, негизги факторлору, ошондой эле бир курак баскычынан кийинки куракка өтүүнүн себептерине жана механизмдерине жараша тарбиялоо, калыптадыруу.

Тарбия процесси негизинен үй-бүлөдө калыптанат. Бала төрөлгөн күндөн тарта ата-эненин камкордугу аркылуу өсөт. Үй-бүлө коомдун баштапкы уюму катары пайда болгондон тарбиялоонун бирден бир фактору катары кызмат өтөп келе жатат. Кул ээлөөчүлүк, феодалдык коомдордо балдар негизинен үй-бүлөдө гана тарбияланышкан. Үй-бүлөдө тарбиялоонун кылымдарды карыткан тажрыйбасы үй-бүлөнүн балдарды тарбиялоодогу, турмушка, эмгекке, белгилүү

коомдук мамилелерге даярдоодогу ролу жөнүндөгү стихиялык педагогикалык көз карашка айланган.

Баланы үй-бүлө ал төрөлгөн күнүнөн тарта тарбиялай баштайт. Эненин карап эмизип, режим сактоосу, ага жасаган мамилеси бөбөктүн биринчи адаттарынын калыптануусуна таасир тийгизет. Үй-бүлөдөгү бардык адамдар анын тарбиячысы. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин жүрүш-турушу бөбөктүн көңүлүн бурат, анын инсан катары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Үй-бүлө тарбия берүүдө негизги функцияны аткарат жана алардын калыптануусунда негизги ролду аткарат. Үй-бүлөнүн бала тарбиялоодо аткарган функцияларына: балдардын инсан катары калыптануусунда жүрүм-турум эрежелирин үйрөтүү, эмгекке үйрөтүү, нравалык эстетикалык сезимдерин калыптандыруу, адептик нормаларды сиңирүү, акыл-эс жактан тарбиялоо, окуу ишмердүүлүгүн уюштуруп берүү, салттык көз караштарды үйрөтүү, социалдаштыруу саналат" [22, 271-280-бб.].

Ошентип, ар бир куралтын өзүнчө өзгөчөлүктөрү, жөрөлгөлөрү, салттары иштелип чыгып, алар коомчулук тарабынан адаптацияланып, турмушка киргизилген жана ошол турмушка ылайыктуулары азыркы күнгө чейин пайдаланылып келе жатат.

### 2.2. Салттуу үй-бүлөдө курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык балдарды тарбиялоо проблемасынын изилденишине обзор

Үй-бүлөдө курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык балдарды тарбиялоо проблемасы көптөгөн кылымдар бою эле ар түрдүү изилдөөлөрдүн объектисине айланып келүүдө.

Байыркы грек, кытай, индия элдеринде балдарды үй-бүлөдө курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоого атайын басым жасалган жана мына ошол багытта педагогикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Грециянын Спарта шаарында

9 миң киши кул ээлөөчү болуп, алар аристократтык жашоо образын кечирип, шаардагы 250 миң эрксиз адамдарга (анын ичинде кулдарга) ээлик кылган. Биздин заманга чейинки XI-VIII кылымдарды шаарлар курулуп, ошол шаарларда кул ээлеринин эрмектери ар кандай оюндар эсептелген. Мына ошол оюндардан улам Олимп тоосунун этегинде азыркы мезгилдеги төрт жылда бир кайталануучу Олимпиадалык оюндарды негиздешкен. Мындай оюндар акыл-эси жана күч-кубаты өскөн балдарды тарбиялоону талап кылган. Гомердин «Илиада» менен «Одиссея» деген чыгармалары б.з.ч. VIII кылымда ошол аймакта жаралган. Балдар бул чыгармаларды өтө жаш чагынан жатка билип, анын каармандарынын эрдиктерин идеал туткан. Биздин заманга чейинки XI-VIII кылымдарда спарта тарбиясы деген ат менен тарыхка кирген өзүнчө бир тарбиялоо системасы өкүм сүргөн. Ошол кездеги жалпы эреже боюнча спарталыктар жети жаштан баштап ата-энесинен башка жакта өсүшкөн да негизги тарбиясы аскердик машыгуулар болгон. Алар гимнастикалык машыгууларды өткөргөн, аскердик марштар менен гимндерди хордо ырдоо менен катарда басып жүргөн, уул балдар кышын-жайын жеңил кийим кийип, жеңил тамак ичкен. 18 жашка келген жигиттер эфебдер деп аталган аскердик мектепке кирип, аскердик даярдыкты, эли-жерин коргоону үйрөнгөн. Мындай тарбиядан кыз балдар да сыртта калган эмес.

Андан кийинки б.з.ч. V кылымдын башталышында тарыхый аренага келген гректердин Афина маданиятында деңиз соодасына, география илимине, риторикага балдарды жаш чагынан үйрөткөн. Эркек балдар 7 жаштан грамматист мектебине барган да, ал жерден окуганды, жазганды жана санаганды үйрөнгөн. 13-15 жашар балдар палестрага (дене тарбия мектеби) кирген, алар болочокто башкаруучу болгондуктан философия менен саясатты окушкан. 18ден 20 жашка чейинки өспүрүмдөр эфебияда аскер кызматына даярдалган, мында аскердик даярдыктан башка өлкөнүн мыйзамдарын терең үйрөнүп, саясий билимге ээ болгон.

Афинада 7 жаштан үй-бүлөлүк тарбия, 13-14 жаштан грамматика (окуу, жазуу, эсеп) жана кифаристика (музыка, ырдоо, поэзия) болгон, 16 жаштан палестра (күрөш мектеби), 18 жаштан гимнастика мектеби (философия, саясат, адабият, гимнастика). 20 жаштан эфебия (аскердик жана саясый даярдык) ишке ашырылганын ошол кездин ойчулдары өз эмгектеринде көрсөтөт.

Сократ (б.з.ч. 467-399-жж.) ар курактагы балдардын жана чоң адамдардын арасында адеп-ахлак темасында аңгемешүүлөрдү жүргүзгөн, анын жардамы менен угуучулар «чындыкты» издешкен.

Платон (б.з.ч. 427-347-жж.) тарбиянын өзгөчө зарылдыгын белгилеп, философтор балдарды жаш чагынан тарбиялашы керек, аларга жоокерлер, кол өнөрчүлөр баш ийиши керек деген.

Аристотель (б.з.ч. 384-322-жж.) тарбия берүүнүн максаты − рухтун жогорку жактарын – акыл-эсти жана эркти өнүктүрүү экенин айтып, тарбиянын гармониялуу болушун көрсөтөт. Ал үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия берүүнүн биримдиги идеясына өзгөчө басым жасайт. Аристотель курактык мезгилге бөлүштүрүүнү алгачкылардан болуп айткан. Ал бөлүштүрүү адамдын жеке табиятына көз каранды деп аларды мындай классификациялайт:

1. Төрөлгөндөн – 7 жашка чейинки мезгил.
2. 7 жаштан 14 жашка чейинки (бойго жеткенче чейин) курак.
3. Бойго жеткенден (14 жаштан) 21 жашка чейин.

Демокрит (б.з.ч. 460-370-жж.) табият менен тарбиянын гармониясы тууралуу окуусун иштеп чыккан жана балдарды өтө жаш чагынан табият менен мамиледе болууда ата-эненин, коомчулуктун ролу чоң экендигин белгилеген.

Орто кылымдарда (V-XIII) Европада чиркөө мектептери биринчи планга чыгып, 12 жаштагылар приходдук мектептерде, монастрларда 18 жашка чейин грамматика, диалектика, риторика, арифметика, геометрия, астрономия, музыка жана көркөм өнөр предметтерин окуткан. Орто кылымдардагы университеттерде 5-6 жыл динтаануу, медицина, юридика факультеттеринде

окуу болгон, ага чейин балдар туулгандан жети жашка чейин үй-бүлөдө тарбияланган, рыцардык тарбиялоого өзгөчө маани берилген. Ушул учурдагы балдарды курагына жараша окутуу-тарбиялоо проблемасын лорд-канцлер, англиялык ойчул Томас Мор (1478-1533-жж.) изилдеп чыккан. Ал балдарды курагына жараша мамиле кылууда уул балдар менен кыздарды бирдей кароо керектигин, балдардын ар тараптуу өнүгүүсү зарылдыгын белгилеген. Жаш чагынан балдар кол эмгегин үйрөнүп, турмушка бышсын, эмгек кылуу менен өзүнө жол тапсын деген. Бул идеялар анын «Утопия» деген эмгегинде каралган. Фрунцуздук окумуштуу, анатомия профессору Франсуа Рабле (1494-1553-жж.) окутуп-үйрөтүүнүн активдүү методдорун колдогон, алар: жаратылышка саякат, жылдыздарга байкоо, өсүмдүктөрдү жыйноо, эвристикалык аңгеме, кыймылдуу оюндар. Анын «Гаргантюа жана Пантагрюэль» аттуу педагогикалык эмгегинде дене-бойду чыңдоо менен эстетикалык табитти өнүктүрүнүн биримдигин караган. Мына ушундай тарбиялоо жолдорун балдардын эрте курагынан калыптандыруунун маанисин ачып берген.

Педагогикалык ойлордун кийинки этабында илимий педагогиканын негиз салуучусу, славян педагог-демократы Я.А. Коменский (1592-1670-жж.) тарбиянын табияттык мүнөзүн өзгөчө белгилеген, балдарды эрте жашынан шаар болсун, кыштак болсун, уул-кыз болсун, бай-кедей болсун бирдей шартта мектепте окутууну колдогон. Тарбиянын милдети – баланы турмушка даярдоо деген, тарбиянын методдору катары жеке өрнөк болуу, сыйлоо, көнүктүрүү, жазалоо керектигин айткан.

**Таблица 1. 3. – Я.А.Коменскийдин балдарды курак өзгөчөлүгүнө карай бөлүштүрүүсү**

| Курагы | Мектебин | Уюшулга | Ким | Билим жана тарбия берүүнүн мазмуну |
|---|---|---|---|---|

| | ин тиби | н жери | үйрөтөт | |
|---|---|---|---|---|
| 6 жашка чейин (балалык) | Энелер мектеби | Ар бир үй-бүлөдө | Аял-эркектердин, балдар-кыздардын кимиси болсо да | Сезүү органдарын өнүктүрүү. Жаратылыш жана турмуш тууралуу алгачкы түшүнүктөр. Чарба иштерине жана эмгекке тартылуу. Дене-бою жана адептик тарбиялоо |
| 6-12 жаш (өспүрүм курак) | Эне тили мектеби | Ар бир топто, үй-бүлөдө, шаарда | Аял-эркектердин, балдар-кыздардын кимиси болсо да | Эне тилинде окутуу. Окуу, жазуу, эсеп, ырдоо. Чарбалык жана сасяый иштердин элементтери. Тарых, дин. Кол өнөрчүлүк. Адептүүлүк тууралуу окуулар |
| 12-18 жаш жаштык (юность) | Латын тилинин мектеби | Шаарларда, уездерде | Эне тили мектептерин жакшы бүтүргөндөр | Жети эркин искусство. Физика. География. Тарых. Эне тили, латын жана грек тилдери жана жаңы тилдердин бири.<br>Класстар: грамматикалык, дене тарбиялык, математикалык, этикалык, диалектикалык, риторикалык |
| 8-24 жаш эр жеткендик (возмужалость) | Академия | Ири провинцияларда | Болочок окумуштуулар | Факультеттер: укуктаануу, медицина, дин таануу.<br>Аалам кыдырып саякаттоо. |

Я.А. Коменский өз мезгилинин билим берүү жана тарбиялоо иштерин балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүүдө чоң эмгек жараткан. «Великая дидактика», «Лабиринт света и рай сердца», «Законы хорошо

организованной школы», «Материнская школа», «Открытая дверь языков», «Мир чувственных вещей в картинках», «Новейший метод языков», «Пансофическая школа», «Всеобщий совет об исправлении дел человеческих» деген ж.б. эмгектеринде ал балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун жана тарбиялоонун дидактикалык принциптерин иштеп чыккан. Алар: көрсөтмөлүүлүк; аң-сезимдүүлүк; ырааттуулук жана бири-бирин улоочулук; жеткиликтүүлүк; билимдин бекемдиги. Дал ушул дидактикалык принциптер түздөн түз окуучунун жана тарбиялануучунун жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу каралган.

Немец педагог-демократы Фридрих Адольф Вильгельм Дистервег (1790-1866-жж.) балдардын курактарына жараша өз алдынчалыгына маани берип, өз турмуш-жашоосун өздөрү табууга тарбиялоо керек деген. Анан тарбиялоо принциптерине булар кирген. Табиятка шайкештик (природосообразность); баланын өнүгүш табиятынын үч баскычы: сезимдердин басымдуулугу (9 жашка чейин), эс тутумдун басымдуулугу (9-14 жаш), акылдын басымдуулугу (14 жаштан).

Орус жазуучусу Лев Николаевич Толстой (1828-1910-жж.) 1859-1862-жылдарда дыйкандар үчүн филантроптук (кайрымдуулук) мектептерди ачып, балдарга эркиндик берген да, кыйнап жана зордоп окутууну четке каккан жана окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап аңгемелерди, жомокторду жазып, ошолор аркылуу элдик тарбия идеяларын тараткан. 1870-жылдардан тартып анын көз карашында өзгөрүүлөр жүрүп, балдарды окутуу менен бирге тарбиялоого өзгөчө басым жасоо керектигин белгилеген. Сабактардын жумалык пландарын балдар менен кеңешип түзүп, окуу, жазуу, таза жазуу, грамматика, орус тарыхынын ыйык тарыхы, математика, табияттаануу, сүрөт, ырдоо, музыка кирген, жазуучу өзү жогорку класстарда математиканы, тарыхты окутуп, физикалык тажрыйбаларды жүргүзгөн. Окуучулар мугалимдерден такыр

корккон эмес, мына ушундай демократиялык биримдиктен улам балдар үч айда окуганды үйрөнүп калган.

К.Д. Ушинский (1824-1870-жж) «Детский мир», «О народности в общественном воспитании», «О нравственном элементе в русском воспитании», «Вопросы о народных школах», «Общий взгляд на возникновение наших народных школ», «Родное слово», «Педагогическая антропология» ж.б. китептеринде балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө карата окутуп-тарбиялоонун теориялык жана практикалык маселелерин педагогиканын тарыхына киргизген. «Человек как предмет воспитания. Опыт педагогической антропологии» деген эки томдук (I том 1868-жыл, II том 1869-жыл) аягына чейин бүтпөй калган эмгегинде анатомия, физиология жана патология, психология, логика, тарых, филология, тарбиялоонун тарыхы ж.б. илимдердин изилдөө объектилерине таянуу менен адамдын курагына жараша физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдеп чыгып, ошол өнүгүүгө жараша окутуунун жана тарбиялоонун мазмунун жана маңызын сунуштоонун зарылдыгын белгилеген.

К.Д. Ушинский «О народности в общественном воспитании», «О нравственном элементе в русском воспитании», «Вопросы о народных школах», «Общий взгляд на возникновение наших народных школ» ж.б.эмгектеринде орус балдарын орус духу менен тарбиялоо идеяларын айтып, тарбиялоонун элдүүлүгү тууралуу оюн сунуштаган. Мекенчилдик, эне тилин сүйүү, Ата журтка берилгендик балдарда өтө жаш курагынан калыптанышы керектигин конкреттүү мисалдар менен көрсөткөн. Тарбиялоонун максаты ар тараптан өнүккөн инсанды жетилдирүү экенин айтып, ар тараптуу инсан деп дене-бою, акыл-эси, адеп-ахлагы толук жетишкен адам түшүнүлгөн.

К.Д. Ушинский алиппе катары жазган «Родное слово» жана 3-4-класстар үчүн түзгөн «Детский мир» деген китептеринде материалдарды балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап орус элинин макал-ылакап, табышмак, жаңылмачтарын сунуштап, дарактар жана жаныбарлар тууралуу чакан

макалаларды, жомокторду киргизип, алардын аягында тарбиялык насаат айткан. Окуу китептерин балдарга ылайыктап жазуунун жана түзүүнүн К.Д.Ушинский көрсөткөн үлгүсү кийин көптөгөн элдерде жана өлкөлөрдө пайдаланылып, азыркы күнгө чейин колдонулуп келет.

Советтик этнопедагогиканын негиздөөчүсү Г.Н.Волков (1927-2010-жж.) элдик педагогикада калктын негизги педагогикалык түшүнүктөрү: багуу, кароо, тарбиялоо, өзүн өзү тарбиялоо, кайра тарбиялоо, устатчылык, үйрөтүү, адаттандыруу болуп аларга жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткаруу керек экендигин белгилейт: эмгекке даярдоо, мүнөздүн моралдык-эрктик белгилерин калыптоо, сулуулукту сүйүүгө үйрөнүү, акыл-эсти өнүктүрүү, ден соолукка кам көрүү. Этнопедагогдун изилдөөсү боюнча балдарды тарбиялоого жаратылыш, оюндар, сөз, баарлашуу, тиричилик, искусство, дин, салт, иш, мисал-үлгү (инсан-символдор, окуя-символдор, идея-символдор) сыяктуу факторлор таасир эткен. Максат – ар тараптан үлгүлүү инсанды жетилдирүү. Ага жетишүү үчүн тарбиялоонун ишендирүү, үлгү тутуу, буйруу, түшүндүрүү, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, өтүнүү, кеңеш, белги берүү, жактыруу, кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө ж.б. усулдарын колдонушкан [56, 10-11-бб.]. Ал элдик тарбиянын усулдары, каражаттары, принциптери жана натыйжалары тууралуу көптөгөн эмгектерин [55, 56, 57, 58, 59, 60, 61] жазган.

XX кылымда Орусияда Г.В.Нездемковская [124], С.А.Хоритонов [182] ж.б. этнопедагогдордун окуу китептери, коллективдүү жыйнактар [50] жарык көрдү.

Советтик жана постсоветтик республикалардын өкүлдөрү болгон Ш.М. Арсалиев [24], З.К. Дахужева [66], Ж.Ж. Наурызбай [123], В.А. Николаев [125], А.С. Шаалы [184] ж.б. этнопедагог-окумуштуулары диссертацияларында улуттук таалим-тарбиялоо салттарында балдардын курак өзгөчөлүктөрүн эске

алып тарбиялоо боюнча тажрыйбаларын азыркы билим жана тарбия берүү уюмдарында колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет.

Кыргыз этнопедагогикасы бир топ жаш илим, ал этнография, педагогика, психология, антропология, фольклористика, адабияттаануу, лингвистика ж.б. этнологиялык илимий билимдердин табылгаларына жана элдик тажрыйбаларга таянылуу менен XX кылымдын 2-жарымынан бир кыйла кеңири өнүгүүгө багыт алды. Алгачкы диссертациялык изилдөө 1964-жылы агартуучу акын-демократ Тоголок Молдонунун (Байымбет Абдырахманов) педагогикалык идеяларына арналып Ж.Койчуманов тарабынан жазылган [82]. Анда таалимчи-акын катары Тоголок Молдо өз чыгармаларын балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап жазылгандыгы, элдик арман-кошок, тамсилдерди акын балдардын жашына карата адаптациялап иштеп чыккандыгы айтылат. Кийинки кандидаттык диссертация 1965-жылы Б. Байсеркеев тарабынан кыргыз акын-демократтары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонунун чыгармаларындагы этикалык көз караштар боюнча корголгон [43]. Андан кийин кыргыз этнопедагогикасы тармагындагы изилдөөлөр 70-80-жылдарда Москвада Г.Н. Волковдун жетекчилигинде жүргүзүлдү. Алардын бири Т. Ормонов «Семья и школа» журналына «Мудрые заповеди народа» [130] жана «Советская педагогика» журналына «Педагогическая пансофия киргизского народа» [131] деген макалаларын жарыялап, Фрунзе шаарынан «Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» деген китебин [129] жана макаласын [128] басып чыгарат. Мына ушул эмгектери анын 1972-жылы Казань шаарында жактаган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча коргогон диссертациясына [127] негиз болгон. Алгачкы кыргыз энопедогогдорунун бири Т. Ормонов «Манас» эпосунда балдардын курак жактан жетилген кези катары бир нече факторлорду көрсөтөт, алар: туулган жерин сырт душмандардын басып жаткандыгын түшүнүүсү; аскердик куралдарды колдонууну улуу адамдардын көмөгү менен үйрөнө башташы; атка

чапчаң жүрүүсү; ат үстүндө баратып найза, кылыч, жаа сыяктуу куралдарды колдоно билүүсү; жамбы атып түшүрүүсү; ат жалында тыным албай, уктабай күндөп-түндөп жүрө алышы; балдардын он эки жашынан бир лидерге – Манаска баш ийүүсү; ички рухунда мекенчилдик, мекенди боштондукка чыгаруу идеясынын болушу ж.б. Бул үчүн Манастын элдик тарбиячылары Опшур, Ажыбай, Бакай, Кошой ж.б. адамдардын баланы тарбиялоо аракеттери көрсөтүлөт.

Б. Апышовдун жогорку класстардын окуучуларын эмгекке даярдоодо элдик салттарды пайдаланууга арналган диссертациясы [21] да кыргыз балдарынын курактык жактан жетилүүсүндөгү эмгектин ролу көрсөтүлгөндүгү менен баалуу. Диссертант кыргыз балдары канча жашынын эмгектин кандай түрлөрүнө аралашкандыгын белгилөө менен малчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүгү, аңчылык кыргыз балдарынын инсан катары калыптануусунда өзгөчө ролдо экендигин өз эмгегинде чагылдырып өтөт. Бул багытта анын кийин да «Педагогика» (Д. Бабаев жана Т. Жоробеков менен авторлош) [22], «Тарбия жараяны» (2008) [23] аттуу китептери жарык көргөн. Окумуштуу-педагог кыргыз элинин «Манас» баш болгон гениалдуу эпосунан тартып, элдик ырчылар Арстанбек, Калыгул, Молдо Ныяз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Барпы, Токтогул, Жеңижок сыяктуу акындардын чыгармаларынан, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов сыяктуу профессионал жазуучулардын педагогикалык идеяларын ачып көрсөтүп, аларда тарбиянын конкреттүү курактагы балдарга багышталгандыгын мисалдар менен тастыктап берет.

Кыргыз этнопедагогдорунун алгачкы муунуна кирген Ж.Бешимов окуучуларды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу элдик салттарды азыркы мектепте колдонуу боюнча диссертация жазган [51], анда кыргыз балдарынын адептик жетилүүсүнүн этаптары, ар түрдүү курактагы өзгөчөлүктөрү ачып берилет.

К. Кыдыралиев 1979-жылы кыргыз элинин жомоктору балдардын жаш чагынан дүйнө таанымын кеңейтип, сөз маданиятын жогорулатуучу, аларга тарбия берүүчү каражат экендигин көрсөткөн диссертациясын [90] жана 2010-жылы «Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы» деген окуу китебин жазган [91].

Ушул XX кылымдын 70-жылдарындагы кыргыз этнопедагогикасын изилдөөчүлөрдүн катарына С.М. Саипбаевди кошууга болот, ал кыргыз элдинин улуттук оюндарынын педагогикалык маанисин көрсөткөн китебин [153] жана кенже эпостордун негизинде элдик булактарды пайдаланып тарбия берүүнүн жолдорун көрсөткөн кандидаттык диссертациясын [152] жазган. 70-жылдарда кыргыз акындары Токтогул Сатылгановдун чыгармачылыгындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу Н.И. Имаева кандидаттык диссертациясын [72] жана анын негизиндеги китебин [73] окурмандарга тартуулаган.

Кыргыз этнопедагогикасын типологиялык-салыштырма аспектинден А.Измайлов иштеп чыгып, эмгегин [71] жазды.

Кыргыздардын улуттук оюндары байыркы убактан тартып эле балдардын жана жаштардын курак өзгөчөлүгүнө карай иштелип чыккан жана пайдаланылган. Мына ушул элдик оюндардын педагогикалык маани-маңызы, аларды азыркы күндө пайдалануунун педагогикалык шарттары тууралуу Х.Ф. Анаркулов диссертациясын жана монографияларын [18, 19, 20] жазса, Т.Э. Уметов кандидаттык диссертациясын жана китептерин [172, 173] иштеп чыккан.

А.Т. Калдыбаева төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар боюнча кандидаттык [76] жана элдик акындар Т. Сатылгановдун, Өтө Көкө уулунун (Жеңижоктун), Барпынын, Тоголок Молдонунун ырларындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу доктордук диссертациясында [79] жана монографияларында [78] кыргыз төкмө ырчыларынын чыгармаларын талдоо менен алардын адамдарды куракка бөлүү

боюнча ойлоруна токтолот. Эмгегинин «Балдардын инсан катары калыптануу процесси эл акындарынын чыгармачылыгында» деген бөлүмүндө «кыргыз акындарынын ырларында балдар менен кыздардын, жалпы эле адамдын курак өзгөчөлүктөрүнө карата таалим-тарбия берүү тууралуу ойлорун талдоого алып», Жеңижок Өтө уулунун «Балалык» деген ырын, Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын, Барпынын бир катар ырларын талдап, алардагы балдардын курак өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылат. «Баланын төрөлүшү, жарык дүйнөгө келиши тууралуу ойлор Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгында дагы башкача өңүттөн каралып, этникалык өзгөчөлүктөр жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен айкалыштырылат», «... бала үчүн, анын туура өсүшү, дени сак жетилиши үчүн ата-эне укканын, көргөнүнүн баарын аткарган. Тынымсыз уруш, согуш жүрүп, жоо колу менен жаңжалдар, кала берсе уруулук чатактар көп болуп турган кыргыз элинде баланын аман-эсен, алты саны бүтүн, күчтүү, шамдагай өсүшү өзгөчө жалпы элдик мааниге ээ болгон. Ал бала бир үй-бүлөнүн эле мүлкү эмес, жалпы уруктун, андан өтүп уруунун, мамлекеттин байлыгы болгон». «Барпы Алыкуловдо да, Жеңижокто да он эки-он үч жашка чейинки курак бул романтикалык мезгил, эч нерсени элебей, эч нерсени кенебей турган убак. Ошол эле кезде баланын калыптануу процесси активдүү жүрүп жаткан мезгил. Анын эң жакын тарбиячысы – ата-эне, коомчулук», – деп айтат [78, 99].

Баланын инсан катары калыптануу мезгилинде бала алган тарбиялар тууралуу акындардын ырын анализдеп келип, А. Калдыбаева мындай дейт: «Биринчиден, табият менен алака-катышта болот, кыргыз баласынын жаны табият менен биригип калат («Агын сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот», «Топучак издеп шиш менен, казып жүргөн балалык»).

Экинчиден, анын акыл-эси оюн менен байланышып, оюн ал үчүн таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк функция аткарат («Он жашарда октолот, агайныга жоголот», «Оюн кызык көрүнүп, зарыгып жумшап жатсаң да, тил

албаган балалык», «Жети жашка барганда, айылдагы иттерди, кууштурган балалык», «Сегиз жашка барганда, оюнга такыр тойбогон, оромпой тээп, чики атып, ок жыландай сойлогон», «Оюнга мооку канбастан, жутунуп турган балалык» ж.б.).

Үчүнчүдөн, кыргыз баласы элдин чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги менен тааныша баштайт («Жети жашка барганда...тезек терип, суу ташып, бир аз жумуш кылган балалык», «Сегиз жашка барганда...торпокту минип жүдөткөн, тотугуп бетин түлөткөн, кубалап кулун, тайларды, кубарып чарчап күнү өткөн», «Тогуз жашка барганда... «Эки айылдын жылкысын, алдыртан кошуп ийишип, айгыр менен айгырын, алыштырган балалык», «Он бир жашка келгенде, чыйрак болсо ат чабат» ж.б.).

Төртүнчүдөн, бала – бул али инсан катары жетиле элек индивид, демек, анда балалык бөксөлүктөр, дал ошол балалыгы менен кызык да, сонун да өзүнчө белгилер бар учур («Менин атым күлүк» деп, жарыштырган», «Айлына мейман келгенде, «алакүш» деп иттерди, тукуруп турган», «Тетири кийип чапанын, атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот!» ж.б.) [78, 99-102].

Ошентип, эл акындарынын чыгармачылыгын этнопедагогикалык аспектиден изилдеген А. Калдыбаева ырчылардын чыгармачылыгындагы этностук бир өзгөчөлүктү – балдардын курак жактан жетилүү процессин ишенимдүү көрсөтүп берген.

Кыргыз этнопедагогикасындагы көрүнүктүү окумуштуу А. Алимбеков кандидаттык диссертациясында [14] жана доктордук эмгегинде [13], «Кыргыз этнопедагогикасы» [12], «Кыргыз элинин билим берүү салттары» [11] аттуу китептеринде улуттук тарбияны кыргыздар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, балдардын жана кыздардын курагына жараша жүргүзүп келгендигин ишенимдүү маалыматтарга негизделүү менен көрсөтөт. «Колдо болгон этнографиялык, фольклордук материалдар тастыктагандай, кыргыз эли баланы тарбиялоо иши канчалык эрте башталса, анын натыйжасы ошончолук

жемиштүү болорун ачык-айкын түшүнгөн. Элдин бул көз карашы да тарбиялоону табиятка шайкеш жүргүзүү жөнүндөгү элдин эмприкалык билимдерине негизделген. Муну «Жашында жакшы көктөгөн көчөт, тез өсүп-өнөт: адам да ошондой. Жашында сергек, сезимтал болсо, чоңойгондо баамчыл, тырышчаак, мээнеткеч адам болот» деген элдик пикирлер ырастап турат.

Элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат менен өнөкөттөн өлгөндө гана кутулат. Бул элдик педагогикалык тыянак «Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет», «Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот», «Козусунда тойбогон toктусунда түрткөнүн койбойт» деген сыяктуу макалдарда таасын туюнтулган. Ошондуктан, элдин тарбия практикасында «Баланы башынан...», «Жаш кезиңде билгениң ташка тамга баскандай» – деген эреже-жоболор ырааттуу жетекчиликке алынган. Адамдын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети акындар чыгармачылыгына да мүнөздүү. Мисал иретинде Жеңижоктун «Балалык», Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын көрсөтүүгө болот. Тилекке каршы, бул багыттагы элдик эмприкалык билимдер этнопедагогика жана этнопсихология илимдеринде атайын аңдала элек» [12, 62], - деп бул багыттагы проблемаларды да ачып көрсөтөт.

А. Муратов бир катар эмгектеринде [111, 112, 113, 114, 115, 116, 117, 118, 119, 120, 121] элдик педагогиканын ар түрдүү аспектилерин жана алардын улуттук фольклордогу, акындар чыгармачылыгындагы, Ч. Айтматовдун роман-повесттериндеги колдонулуш проблемаларын изилдөөгө алган. Анын эмгектеринде кыргыз элдик тарбиялоо маданиятынын бир бөлүгү катары балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбия берүү бөтөнчөлүктөрүнүн мазмуну, максаты, каражаттары көрсөтүлгөн.

Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы жана улуттук сөз өнөрүнүн балдарга арналган чыгармаларындагы таалим-тарбиялык каражаттардын

балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык трасформацияланышы С.К. Рысбаевдин эмгектеринде [147, 148, 149, 150, 151] чагылдырылган.

Баткен областынын Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназиянын директору Г. Мадаминовдун «Ата-энелер, сиздер үчүн» деген китеби элдик педагогика менен классикалык педагогиканын жана өз тажрыйбасынын айкалышынан жаралган эмгек катары өзгөчө маанилүү [100].

Болочок мугалимдерди жогорку жана орто окуу жайларында этнопедагогикалык жактан даярдоо багытында Н.К. Дюшеева [67], Б. Муратбаев [110], Т.А. Коңурбаев [86], азыркы учурдагы окуу-тарбия процессин этнопедагогизациялоо багытында Г.А. Абдымомунова [3], Р.А. Абдыраимова [1, 2], Г. Байышова [45], Ф.Т. Баитова [44], И. Даминова [65], К. Жаныгулов [68], Ж.Т. Каденова [75], Г.Ж. Карагозуева [81], Ж. Койчуманов [82, 83, 84], Ж.М. Найманбаев [122], Ж.М. Орозбаев [132], Ч.Т. Осмонова [134], Т.В. Панкова [135], М.Р. Рахимова [142, 143, 144, 145], К.К. Тусубекова [169], Ж.Ж.Т ургунбаева [168], Т.Э. Уметов [172, 173] ж.б. окумуштуулар изилдөөлөрүн жүргүздү.

Мына ушулардын ичинен К. Жаныгулов «Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.)» аттуу диссертациясында элдик ырчылардын чыгармачылыгынын мисалында кыргыздар балдардын курагына жараша кантип, кандай бөлгөндүгүн, ар бир курактагы балдардын мүнөздүк жана тарбиялык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт [68]. Ал кыргыз эл акындарынын мурастарына таянуу менен балдардын 1-6га (мектепке чейинки) жана 7-14кө (мектеп жашы) чейинки жаш курактарына байланыштуу тарбиялык ойлорду аныктап чыккан жана аларды бүгүнкү күндө окуу-тарбия процессинде пайдалануунун технологияларын көрсөткөн. Ал диссертациясынан мындай жыйынтык чыгарат:

«1. Изилдөөдө кыргыз эл акындарынын мурастарындагы баланын жаш курак өзгөчөлүгүнө байланыштуу ойлору илимий педагогика менен психологиянын курак мезгилдеринин алкагына шайкеш келери аныкталды. Кыргыз эл акындары балдардын бир жаштан жыйырма беш жашка чейинки курак мезгилдериндеги өзгөчөлүктөрдү белгиледи. Жаш куракка таасир этүүчү фактор аныкталды.

2. Белгилүү психологдор Л.С. Выготский, Д.Б. Эльконин ж.б. өсүп келе жаткан баланын белгилери: боюнун өсүшү, чоң кишилердей болууга аракеттенүүсү, кээ бир турмуштук маселелерди өз алдынча чечүүгө умтулуусун көрсөтүшкөн. Ушундай эле ойлор кыргыз эл акындары А. Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Б. Алыкулов ж.б. чыгармаларында дагы айтылып, алардын мааниси жогорудагы окумуштуулардын ойлору менен дал келип тургандыгы аныкталды» [68].

Жогорудагы изилдөөлөрдү жалпылап келип айта турган жыйынтык: кыргыз этнопедагог окумуштуулары ар кимиси өз изилдөөлөрүнүн объектисине ылайык балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн мозаикалык түрдө, б.а., чачкын, бөлүк-бөлүк формада айтканы менен ырааттуу жана бир максаттуу диссертациялык формада айтышкан эмес.

## 1.3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» белгиленгендей азыркы тапта «коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо зарыл» [94], андыктан бул милдетти ишке ашыруу үчүн элдик башаттарга, анын ичинде кыргыз элдик педагогикасына кайрылуу зарыл. КРнын Конституциясында да, КР билим берүү тууралуу мыйзамында да Кыргыз Республикасы өз алдынча

мамлекет экендиги, ал мамлекеттин символдору – Туусу, Герби, Гимни бар экендиги айтылат. Демек, азыркы ошол өз алдынча мамлекет түпкү улуттун – кыргыздардын мамлекетти. Биздин изилдөөлөргө методологиялык база болуп берүүчү жогорудагы документтер улутубуздун тарыхын, тилин, этнопедагогикасын изилдөөгө жана пропагандалоого кеңири жол ачат.

Этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясы М.Х. Мальсагованын «Методология этнопедагогического исследования» аттуу кандидаттык диссертациясында [102] ар тараптуу каралган. Анда изилдөөнүн түйүндүү (ключевые) категорийлерине терминологиялык анализ жүргүзүлгөн, этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн логико-гноселогиялык (философиялык негиздери, гноселогиялык ресурстары, проблемалык айдыңы) илимий-мазмундук деңгээлдери көрсөтүлгөн. Автор этнопедагогикалык багытта эмгектенип жүргөн адистердин (К.Ж. Кожахметова, Ш.М.-Х. Арсалиев) пикирлерине таянып этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиялык негиздери толук аныкталбай жаткандыгын, айрым гана методдору менен каражаттары тууралуу айтылып келе жаткандыгын белгилейт.

Биздин изилдөөгө методологиялык жактан таяныч болуучу эмгектер А.А. Алимбеков, Ш.М.-Х. Арсалиев, Л.Н. Бережнова, Г.Н. Волков, А.Э. Измайилов, А.Т. Калдыбаева, К.Ж. Кожахметова, В.В. Лезина, О.Д. Мукаева, И.Л. Набок, Е.Л. Христова, М.И. Стельмахов, В.И. Щеглов сыяктуу этнопедагогдор тарабынан жазылып, этнопедагогикалык түшүнүктөрдүн мааниси чечмеленип, этнопедагогиканын философиялык категориялары, башка илимдер менен интеграцияланышы, этнопедагогикадагы мыйзам ченемдүүлүктөр, алардын ичинде элдик педагогогдордун балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоонун тажрыйбалары каралган. А.Э. Измайловдун «Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана» (1991) азыркы Борбор Азиядагы казак, өзбек, кыргыз, түркмөн, кара калпак, тажик элдеринин улуттук тарбиялоо салттарынын мазмуну жана тарбиялык

концепциялары талдоого алынган. Ш.М.-Х. Арсалиева «Методология современной этнопедагогики» (2013) аттуу монографиясында этнопедагогиканын методологиялык аспектилеринин калыптануу жана интеграциялануу процессин ачып берет. Г.Н. Волков, Т.Н. Петрова, А.Б. Панькин авторлошуп жазган «Введение в этнопедагогику» (2006) деген окуу китебинде этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн этномаданий коннотациясынын маңызын көрсөтөт, В.В. Лезинанын «Основы этнопедагогики» (2009) аттуу окуу колдонмосунда этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиялык корреляциялары чагылдырылат.

Изилдөөлөрүбүздүн дагы бир методологиялык базасы – азыркы окутуу жана тарбиялоо процессинин мазмунун жана формаларын этнопедагогизациялоо боюнча эмгектер (Б.Ш. Алиева, А.А. Алимбеков, А.А. Григорьева, Е.П. Жирков, Н.Д. Неустроев, В.А. Разумный, Л.В. Тодоров, В.Ф. Шаталов, Ю.Н. Чехонадский, Т.Н. Петрова, А.Б. Панькин, И.С. Портнягин, З.Б. Цаллагова ж.б.

*Илимий-методикалык аспектиден* этнопедагогикалык билимдер тууралуу маалыматтар байытылды, алсак долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн принциптеринин жана объектилеринин негизинде темага байланыштуу этнопедагогикалык фактылар (классификациялар, таблицалар, диаграммалар ж.б.), этнопедагогикалык факторлордун төрт деңгээли: мега (планета, аалам, дүйнө), макро (уруу, этнос, коом), мезо (жергиликтү) микро (үй-бүлө, диний чөйрө) каралды.

Уюштуруучулук аспектиден этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясын колдонуун боюнча сунуштар даярдалды.

Биздин изилдөөнүн методологиясы төмөнкүлөрдөн турат.

1. Этнопедагогикалык билимдердин жана илимдердин теориясы: этнопедагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөр; категориялар; милдет-кызматтар;

деңгээлдер; формалар; концепциялар; принциптер; мамилелер; проблемалар; гипотезалар; критерийлер; факторлор; фактылар; көрүнүштөр.

2. Педагогикалык изилдөөлөрдүн методдорунун методологиясы: а) эмпирикалык (байкоо; салыштыруу; эксперимент); б) теориялык (идеализациялоо, абстракциялоо, гипотетико-индуктивдүү-гипотезалоо, концептуализациялоо, долборлоо, моделдөө, конструкциялоо, технологизациялоо); изилдөөлөрдүн каражаттары (мобилдик телефон, фотоаппарат, компьютердик техникалар, Интернет, маалыматтык технологиялар ж.б.

3. Этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн философиялык негиздери. Этникалуулук, этникалык маданият, миф, фольклор, дин, салт, үрп-адаттар, улуттук оюндар, үй-бүлөлүк-турмуш-тиричиликтик эрежелер ж.б. категориялардын философиялык аспектиси.

4. Этнопедагогикалык изилдөөнүн мазмуну түрү боюнча иштелме (разратотка), аткарылган жери боюнча мектеп, эл арасы; изилдөөнүн аппараты: программа түзүү, байкоо, изилдөөнүн методикасын иштеп чыгуу, материалдарды топтоо жана аларды анализдөө ж.б.

Биздин этнопедагогикалык багыттагы бул изилдөө ишибиз да көптөгөн методологиялык таянычтар менен бекемделип, жазылды.

Алардын башатында дүйнөнү жана адамды таанып билүү тууралуу философия илиминин концепциялары турат. Орус философу Н.А. Бердяевдин инсандын эркиндиги, индивид жана личность түшүнүгү, коомдогу инсандын ролу, индивиддин инсан катары калыптанышы, адамдын чөйрөгө көз карандылыгы тууралуу эмгектери [47, 48, 49], кыргыз философ-эстетиги А.А. Салиевдин китептериндеги [155, 156, 157, 158, 159] адамтаануу багытындагы ойлору, ой жүгүртүү жана акыл тууралуу идеялары биздин изилдөөнүн философиялык жактан таянычтары болду.

Дүйнөлүк педагогиканын классиктери (Я.А. Коменский [85], И.К. Песталоцци [139], К.Д. Ушинский [174, 175, 176, 177, 178, 179, 180], Л.Н. Толстой [167] ж.б.) балдардын курак өзгөчөлүктөрү боюнча жана инсандын жетилиши, ага таасир эткен факторлор тууралуу методологиялык жактан бизге таяныч болор ойлорун айткан.

Биздин изилдөө балдардын курак өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу болгондуктан бирден-бир методологиялык таянычтар психология илиминен алынат. Ошон үчүн советтик учурда адамды психологиялык жактан таанып билүү теориясын тереңдеткен Б.Г. Ананьев [15, 16, 17], баланын инсан катары калыптануу процессин талдаган Л.И. Божович [52, 53, 54], педагогикадагы психологиялык теорияларын ар тараптуу жана терең изилдеп чыккан Л.С. Выготский [62, 63], инсандагы психиканын өнүгүш этаптарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн ишенимдүү аныктап берген А.Н. Леонтьев [95, 96], жалпы психологиянын окуусун тереңдетип жана илимге кеңири тараткан С.Л. Рубинштейн [146], жаш курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн тастыктап көрсөтүп, ар түрдүү жаштагы баланын дүйнөнү кабылдоо бөтөнчөлүктөрүн аныктап берген Д.Б. Эльконин [186, 187, 188, 189, 190] ж.б. психологдордун окууларын ишти жазууда колдондук.

Биздин илимий изилдөөбүзгө методологиялык багыт бере турган илимдин дагы тармагы – этнография. Этнография бул же тигил уруунун, уруктун, элдин, улуттун үрп-адаттарын, салттарын, элдик ишенимдерин, жашоо өзгөчөлүктөрүн, тиричилигин үйрөнүп, ошол багытта материалдарды топтойт, топтолгон ошол материалдарды аныктайт жана салыштырат. Этнографтар тарабынан топтолгон маалыматтар, материалдар этнопедагогикалык изилдөөлөр үчүн «чийки зат» (сырье) болуп эсептелет. XIX кылымда кыргыз элинин турмуш-тиричилиги, жашоо-шарты, улуттук өзгөчөлүгү тууралуу маалыматтар атайын экспедицияга келген этнографтар тарабынан эмес, биринчи кезекте аскер адамдары, аскер тыңчылары, аскер дарыгерлери, саякатчылар, географтар

тарабынан жыйналган (Зибберштейн, П.П. Семенов-Тянь-Шанский, Ч. Валиханов, В.В. Радлов, Н.А. Северцов, М.И. Венюков, Г.С. Загряжский, Н.И. Гродеков, Н.А. Аристов, Ф.В. Поярков, П. Кушнер, С.М. Абрамзон ж.б.). Алардын жыйнаган материалдарында кыргыздар балдарга кандай мамиле кылгандыгы, балдар кайсыл жашында кандай тарбия алгандыгы, аларды кимдер тарбиялагандыгы тууралуу маалыматтар топтолгон. Кыргыздардын чарбалык уклады (мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы, аңчылыгы), кийим-кече, тамак-аш, турак-жайы, калың төлөө, никелешүү, үй-бүлө куруу, дини жана сыйынуулары, элдик оозеки чыгармачылыгы жана материалдык маданияты тууралуу жазып жатып алар элдик тарбиялоонун куракка жараша өзгөчөлүктөрүнө да токтолот. Айрыкча советтик этнограф С.М. Абрамзондун эмгектеринде [5] биз методологиялык таяныч кылып ала турган бай материалдар берилген.

Кыргыз этнографтары А. Асанканов КЭРнын Шыңжан аймагындагы кыргыздардын жашоо турмушун изилдеген, Д. Молдокулова жана А. Мурзакметов ж.б. баланын туулушуна, ысым коюуга, анын жетилишине байланыштуу салттарды, ырым-жырымдарды баяндап жазуу, алардын маанисин ачып берүү менен биздин эмгекке методологиялык жактан да булак болуп берди. Бул эмгектерде биздин темага байланыштуу балдардын калыптануу, жетилүү процессиндеги элдик педагогикалык салттар тууралуу маалыматтар берилет.

«Элдик этнограф» деген атка татыган Амантур Акматалиевдин бир катар китептериндеги [8, 9, 10], Советбек Байгазиевдин «Манас» эпосундагы тарбиялык идеяларга арналган эмгектериндеги [28, 29, 30, 31, 32, 33, 34, 35, 36, 37, 38, 39, 40, 41, 42], Сабыр Иптаровдун макалаларындагы [74] кыргыз этнопедагогика илимине жана анын теориялык-практикалык багыттарынын өркүндөтүшө кошкон идеялары да биздин изилдөөгө негиз болгонун тийишпиз.

Кыргыз эл педагогикасындагы балдардын куракка жараша социалдашуусу Н.А. Асипованын «Социалдык тарбия» (2004) [25], тарбиялоонун этномаданий

парадигмалары «Заманбап билим берүү парадигмалары» (2019) [26] деген китептеринде, «Этнокультурная парадигма в современной теории и практике воспитания Кыргызской Республики» (2018) аттуу макаласында [27] ачып берилет. Дене-бой жактан жетилүү процесси А.М. Мамытовдун «Сымбаттуу болуу өзүңдөн» (биринчи басылышы 1988, экинчи басылышы 1993), «Саламаттыгыңды сактай бил» (1994) аттуу илимий-популярдуу китептеринде, Х.Ф. Анаркуловдун «Кыргыз эл оюндары» (1991) аттуу китептеринде биздин эмгекке методологиялык негиз катары көрсөтүлгөн.

Түндүк Урал жана Сибирдеги майда элдердин этнопедагогикасында дене-бой жактан жаш курактарына бөлүштүрүү проблемасы В.П. Красильниковдун «Особенности возрастной периодизации в этнопедагогике физического воспитания детей коренных малочисленных народов Северного Урала и Сибири» [88] деген эмгегинде көптөгөн фактылардын жана материалдардын негизинде системалаштырылган жана анализденип, синтезделген.

Орус фольклористи жана этнопедагогу Г.С. Виноградов XX кылымдын башында эле балдардын курактык жактан өнүгүүсүндөгү оозеки чыгармачылыктын, балдар оюндарынын маанисин өзгөчө жогору баалаган.

Украин окумуштуулары М. Грушевский, Е. Грыцак, Н. Заглада өз улутундагы балдардын туулушуна, ысым берилишине, чокунуусуна (крестины), тамак жей башташына, балдары ооруларына жана аларды айыктырууга байланыштуу элдик ишенимдерди жана салттарды жыйнаган.

М.Г. Стельмахович «Українська народна педагогіка» (1997) аттуу эмгегинде өз улутташтарынын балдарды куракка бөлүү өзгөчөлүктөрүнүн көрсөтүп берет. Элдик ысым берүү (фамилистика), балдарга элдик көз караш, ата-энелик педагогика, элдик дидактика, элдик педагогикалык деонтология (ата-энелердин балдарды тарбиялоодо милдеттүү кыла турган эл тарабынан иштелип чыккан этикалык эрежелер) тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Г.Н. Волков советтик этнопедагогиканын методологиялык негизги багыттарын көрсөтөт. Ал этнопедагогиканын курамдык бөлүктөрүнүн ичинде үй-бүлөлүк педагогика, үй-бүлөдөгү турмуш-тиричиликтик таалим-тарбия өзгөчө орунду экенин айтып келип, балдар субкультурасы тууралуу оюн айтат [56, 7-8-бб.].

Этнопедагогика, психология, этнография илимдеринин табылгалары менен бирге эле социология, тарых, адабияттаануу, лингвистика ж.б. илимдердин табылгаларын да өз эмгегибизде пайдаландык.

Эң негизги методологиялык жол көрсөтүүчү эмгектер – этнопедагогикалык жактан биздин изилдөө менен байланышкан китептер, макалалар. Биз алар тууралуу ушул эле главанын атайын параграфында сөз кылдык.

Ошол эле кезде методологиялык жактан булак болуучу этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн алдында турган милдеттери жөнүндө А. Алимбеков мындай деп жазат: «...кыргыз эл педагогикасынын байыркы башаттары, калыптануу тарыхы, жалпы түрк элдери менен тектеш кыртышы, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү; элдик педагогикадагы жетилген инсандын идеалы; элдик тарбиянын негизги түшүнүктөрү, принциптери, эрежелери, усулдары; элдик педагогиканын кенч-казыналары (өзгөчө, Орхон-Енисей жазуулары, кенже эпостор, легендалар, уламыштар, санжыралар, жаңылмач сыяктуу дидактикалык ырлар, көөнө тарыхты жана кадимки турмушту ар тараптуу баяндаган көркөм чыгармалар), азыркы окуу-тарбия процессин этнопедагогикалык негизде кайра куруунун принциптери, усулдук негиздери сыяктуу ж.б. актуалдуу проблемалар алиге чейин алгылыктуу изилдене элек» [12, 30-б.]. Мына ушул аспектиден алып караганда биздин изилдөө методологиялык база катары советтик жана постсоветтик этнопедагогдордун элдик педагогикадагы үй-бүлөнүн ролу, үй-бүлө тарбиясындагы анын ар бир

мүчөсүнүн орду, балдардын калыптануу процесси жана ал процесстеги элдик тарбиядагы курак өзгөчөлүгүн эске алуу принциптери иштелип чыгылды.

А. Калдыбаева азыркы кыргыз этнопедагогикасы тууралуу оюн төмөнкүдөй жыйынтыктаган: «XXI кылымдын башында кыргыз этнопедагогикасынын эң орчундуу проблемалары төмөнкүлөр менен байланыштуу деп ойлойбуз: Кыргыз этнопедагогикасына историографиялык анализ керек, ошондо кайсыл изилдөөлөрдө кыргыз элинин педагогикалык салттары канчалык деңгээлде изилденгендиги, алардын кайсыл тарабы тереңирээк ачылып берилгендиги, кайсыл жагы анчалык изилденбегендиги, адабияттаануу, философия, этнография, социология, табияттаануу ж.б. илим тармактарында кыргыз элдик педагогикасындагы көрүнүштөр ачылып берилгендиги даана, так көрсөтүлүп берилиши керек.

Кыргыз этнопедагогикасынын теориялык изилдөөлөрүндө дүйнөлүк этномаданият менен салыштыруу, дүйнө элдеринин, түрк элдеринин, мусулман элдеринин, коңшу элдердин элдик педагогика илимдеринин табылгалары менен салыштыруу, элибиздин тарбиялоо салттарын салыштырма-типологиялык контексттен кароо маселелери тереңдетилиши зарыл...” [ ].

Этнопсихология, этнолингвистика, этносоциология, этномузыкатаануу, этнофилософия, этноадабияттаануу ж.б. илимдерге таянып элдик педагогикалык салттарды кеңири масштабда изилдеп чыгуу жагы да бышып жетилди.

Советтик мезгилде СССРдин курамындагы республикаларда жана Москвада жакталган диссертациялар жана жарык көргөн китептер, макалалар тоталитардык бийликтин таламдарына ылайык жазылган, педагогикалык элдик салттар социализмдин каалоосуна ылайык марксисттик-лениндик методологияга негизделип, таптык, партиялык көз караш менен түшүндүрүлүп келген, эми ошолордон тазалануунун зарылдыгы бышып жетилди.

Элдик тарбиячылардын: аксакалдар менен байбичелердин, жеңелер менен агалардын, усталар менен уздардын, устаттар менен кол башчылардын, саяпкерлер менен мүнүшкөрлөрдүн, жайчылар менен эсепчилердин, манасчылар менен дастанчылардын, жомокчулар менен акындардын, санжырачылар менен бакшылардын, куудулдар менен табыптардын – ар биринин тарбиялоодогу катышын аныктап, ушундай таалимчилердин арасынан чыккан тарыхый жана аты уламышка айланган инсандардын ордун белгилөө азыркы илимден көп нерселерди күтүп турат» [78, 22, 23].

Биз таянган методологиялык изилдөөлөрдөн алган негизги принциптер:

Объективдүүлүк – мында болгон фактыларга алымча-кошумча киргизилбей, болгонун болгондой көрсөтүү.

Тарыхыйлуулук – мында кыргыз элинин тарыхый жашаган доору, башка элдер менен карым-катышы эске алат.

Теория менен практиканын байланышы принциби – мында бул же тигил ойду айтуу менен чектелбей, анын турмушта колдонулушу, эл тарабынан ишке ашырылы эске алынат.

Конкреттүүлүк принциби – мында ар бир учур, ар бир үй-бүлөнүн тарбиялык салттары аныкталат.

Өнүктүрүү принцибинде болсо таанып билинип жаткан объектин сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрү илимий билимдердин калыптануусунун таасиринде каралат.

Мыйзамченемдүүлүк принцибинде ар бир факты, көрүнүш өз ара бири-бири менен мамилесинде жана байланышында үйрөнүлөт.

Ырааттуулук принциби – мында изилденип жаткан объект жана анын көптөгөн элементтери акырындап, аз-аздап системага салып изилденет.

Процесстерди жана көрүнүштөрдү ар тараптан үйрөнүү принцибинде объект бир жактуу эмес, ар тараптуу анализденет.

Мына ушундай методологиялык принциптерге таянып изилдөөлөрдү жүргүзүп, биз аны салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп берүүгө аракет кылдык.

## Биринчи глава боюнча корутунду

«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоодо изилдөөнүн теориялык-методологиялык маселелери» деп аталган I главанын биринчи параграфында «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдарды курагына жараша тарбиялоо» деген түшүнүктөргө илимий адабияттарга таянылуу менен аныктама берилет. Кыргыз элиндеги салттуу үй-бүлө кандай боло тургандыгын Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повестинин мисалында көрсөтүүгө аракет кылдык, андагы «чоң үй», «кичи үй», «байбиче», «келин» түшүнүктөрү менен салттуу үй-бүлө кандай болорлугу көрсөтүлдү.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоодогу эң таасирдүү тарбиячылар катары уруу башчыларынын, уруу аксакалдарынын, байбичелердин, чоң ата-чоң энелердин (таята-таяне), бир атанын балдарынын, бир тууганадардын, достордун ролу этнографиялык (С.М. Абрамзон, Н.Х. Калеми) эмгектер, адабий чыгармалар (Ч. Айтматов «Ак кеме») жана турмуштук мисалдар менен аныкталып берилди.

*Балдарды куракка карап бөлүштүрүү классификацияларына тарыхый анализ жүргүзүлүп* классикалык педагогика жана курак психологиясынын тарыхындагы бөлүштүрүүлөргө токтолдук. Бул багытта Аристотель (б.з.ч. 384-322) экиге бөлөт: 7 жашка чейин жана 7 жаштан жыныстык жетелген курагына чейинки деп, Я.А. Коменский (1592-1670) 6 жашка чейин, 6-12 жаш, 12-18 жаш, 18-24 жаш деп ажыратат жана ар бир куракка мүнөздөмө берет. Ж.Ж. Руссо (1712-1778) 2 жашка чейин, 2-12 жашы, 12-15 жаш деп балада жүргөн психологиялык процесстерге ылайык бөлүштүрөт. А. Дистервег (1790-1866): 6-

9 жаш – көрүү, сезүү мезгили; 9-14 жаш – эс тутумунун өнүгүшү, кандайдыр бир нерселер, көрүнүштөр тууралуу түшүнүктөрдү өстүрүүсү, 14-17 жаш – аң сезимдүү кабыл алуу мезгили деп ажыратып, үч курактын өзгөчөлүктүн көрсөтүп берет. К.Д. Ушинский (1824-1870-жж.) балалыкты үч этапка бөлөт: 3-6 (7) жаштагылар (өз алдынча балалык, мектепке чейинки курак; 6 (7) – 14 (15) жаш – өспүрүм курак же окуу жылдары; 22-23 жаш – жаштык. Андан ары диссертацияда советтик психолог Л.С. Выготскийдин, Д.Б. Эльконининдин, А.Н. Леонтевдин, Э. Эриксондун классификациялары тууралуу сөз болот.

Илимий педагогикада жана психологияда балдарды курактык бөлүштүрүү физиология, медицина, психология, педагогика илимдеринин негиздерине таянылып жүргүзүлгөн.

Этнопедагогикада балдарды куракка карап бөлүү өзгөчөлүктөрүн салыштырма этнопедагогикалык метод менен талдоо үчүн манси, угур, ханти, тува, нивхи, нганасан, эвенк, бурят, кет, казак элдеринин балдарды куракка бөлүү классификациясы көрсөтүлүп, ар бир курактын аталышы жана өзгөчөлүктөрү баяндалат. Салыштырма этнопедагогика илиминин мындай материалдарынан соң кыргыздардын балдарды куракка бөлүштүрүүлөрү жана алардын жалпы белгилери тууралуу сөз болот. Кыргыздарды бала курактарын атоолору жана аларды жашына карай бөлүштүрүүлөрү Батыш Сибирдеги элдердин жана Борбордук Азиядагы түрк элдеринин бөлүштүрүүлөрүнө типологиялык жактан жакындыкты түзөт.

Кыргыз элинин бала тарбиялоодогу жаш курагына жараша мамиле кылуу өзгөчөлүктөрүнүн улуттук маданияттагы ордун аныктоо багытында лейлектик килемчи кыздарды килем токууга үйрөтүү, кыз балдарды өз себин өзү даярдоого көнүктүрүү салттары тууралуу сөз болуп, «Манас» эпосунда эпикалык баатырдын жаш курак жактан жетилиши этаптары чыгармадан алынган үзүндүлөр аркылуу түшүндүрүлөт. Эпикалык дастандарында баатыр катары жигиттин жетилиши сегизден он эки жашка чейинки куракта деп

каралып, бул мезгил аралагы илимий жактан психологиянын, физиологиянын, медицинанын окууларына да, ислам дининин шарыяттары да дал келген.

*«Салттуу үй-бүлөдө курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык балдарды тарбиялоо проблемасынын изилденишине обзор»* аттуу параграфтын биринчи бөлүмүндө проблеманын жалпы дүйнөлүк жана орус педагогикасында анализдениш тарыхына, экинчи бөлүмүндө кыргыз этнопедагогикасында изилденишине көңүл бурулат. Байыркы грек, кытай, индия элдеринен, анын ичинде Грециянын Спарта тарбиясынан, Гомердин «Илиада» менен «Одиссея» деген чыгармаларынан, гректердин Афина маданиятынан балдарды курагына жараша тарбиялоо мисалдары алынат, Сократтын (б.з.ч. 467-399-жж.), Платондун (б.з.ч. 427-347-жж.), Аристотелдин (б.з.ч. 384-322-жж.), Демокриттин (б.з.ч. 460-370-жж.) педагогикалык идеяларындагы балдарды куракка жараша окутуу жана тарбиялоо боюнча ойлору иште ырааттуу түрдө баяндалат. Андан ары ушул эле багытта Т. Мордун (1478-1533-жж.), Ф. Рабленин (1494-1553-жж.), Я.А. Коменскийдин (1592-1670-жж.), Ф.А. Дистервегдин (1790-1866-жж.), Л.Н. Толстойдун (1828-1910), К.Д. Ушинскийдин (1824-1870-жж), Г.Н. Волковдун (1927-2010-жж.) эмгектеринен мисалдар алынат. Советтик жана постсоветтик өлкөлөрдүн өкүлдөрү болгон Ш.М. Арсалиев, А.Б. Афанасьев, З.К. Дахужева, Ж.Ж. Наурызбай, В.А. Николаев, А.С. Шаалы ж.б. этнопедагог окумуштуулары балдардын курак өзгөчөлүктөрүн эске алып тарбиялоо боюнча элдик педагогиканын тажрыйбаларын азыркы учурда колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет.

Балдарды салттуу үй-бүлөдө курагына жараша тарбиялоонун проблемалары «Манас» эпосун этнопедагогикалык багытта изилдеген эмгектерде (Т. Ормонов, С. Байгазиев, Ф. Баитова, Ж. Каденова), салттуу үй-бүлө проблемасы боюнча изилдөөлөрдө (А. Алимбеков, Б. Апышов, Ж. Бешимов, К. Кыдыралиев, С.М. Саипбаев, Н.И. Имаева, А.Э. Измайлов, Х.Ф.

Анаркулов, Т.Э. Уметов, А.Т. Калдыбаева, А. Муратов, С.К. Рысбаев ж.б.) чагылдырылган.

Диссертацияда жогорудагы авторлордун изилдөөлөрүндөгү биздин темага байланыштуу учурлар талдоого алынган. Жалпысынан этнопедагогикалык изилдөөлөр көп эле болгону менен алардын ичинде салттуу үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары атайын бөлүнүп алып, системалуу изилдөөгө алынбагындыгы аныкталды.

*«Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздери»* деп аталган параграфта изилдөөбүз үчүн методологиялык негиз болуп берген философиялык, эстетикалык, педагогикалык, психологиялык, этнографиялык адабияттарга мүнөздөмө берип, алардын кандай идеяларын эмгегибизде пайдалангандыгыбызды көрсөтүүгө аракет кылдык.

Биринчи глава негизинен теориялык-методологиялык багытта болуп, изилдөөнүн жалпы контуру аныкталды.

# II ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн материалдары

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөнүн материалдары негизинен эки булактан турат: биринчиси – кыргыз этнопедагогикасынын материалдары; экинчиси – ошол этнопедагогикалык материалдарды бүгүнкү күнгө ылайыктап классикалык педагогиканын концепциялары менен айкалыштырган замандап материалдар.

Кыргыз этнопедагогикасы өзү улуттук салттардан, үрп-адаттардан, фольклордон тургандыктан анын негизи материалдары да этнография жана элдик оозеки чыгармачылык менен байланышат.

**Этнография –** элдин, уруунун, уруктардын жашоосундагы кечирген турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, үрп-адаттары (баланын туулганынан жетилишине чейинки ырымдары; үйлөнүү, сөөк көмүү учурундагы салттар ж.б.) тууралуу илим болуп, анын материалдары биринчи кезекте «талаа экспедициялары» деп аталган атайын адистер тарабынан эл ичинен жыйналып, жазылып алынган маалыматтар. Мына ошол маалыматтардын ичинде кыргыздардын бала тарбиялоо маданияты, анын ичине ошол тарбиялоо процессин алардын курагына жараша жүргүзүү өзгөчөлүктөрү чагылдырылат.

Этнограф С.М. Абрамзон баланын жаңы төрөлгөн кези тууралуу мындай деп жазат: «Наристе пайда болгон алгачкы күндөр үй-бүлөдө бир жагынан өзгөчө кубанычка, экинчи жактан – ымыркайдын өмүрүн сактап калуу жөнүндө үзгүлтүксүз камкордуктарга жык толгон. Бул күндөр тырмактай бала үчүн да, анын алсыз энеси үчүн да өзгөчө кооптуу деп эсептелген. Бала төрөлгөндүгүнө байланыштуу ата-энелери сары майга көөлөнгөн талканды жентек деп меймандарды сыйлашкан. Үй-бүлөдө бала токтобогон учурларда баланын

өмүрүн сактап калуу үчүн бүтүндөй бир катар дуба-демдерди жасашкан. Алардын ичинен чоочун аялга эмизүүгө жаңыдан төрөлгөн баланы берүү ырымы өзгөчө орунду ээлеген. Белгилүү убакыт өткөндөн кийин аны кайра алышып, бул баланы «сатып алуу» катары ырымдалган. Кээде аны чоочун үй-бүлөгө 3, 7 же 40 күнгө беришип, ал эми айрым учурларда ал түгүл энесине көрсөтүшкөн эмес. Баланы «сатып алууда» аны эмизген аялга акы катары баланын жынысына жараша тогуз буюм беришкен» [5].

Бул учур – баланын туулгандан кырк күнгө чейинки учурунда аны тарбиялоонун айрым багыттары этнографиялык эмгектерде мындай чагылдырылат: биринчиси – баланын төрөлүшү үй-бүлөдө өзгөчө кубаныч эсептелет; экинчиси – климаттык жана медициналык кароо жок болгон шартта төрөлгөн баланы эсен-аман сактап калуу түйшүгү башка түшөт; жаңы төрөлөрү менен азан айтып, атын коёт, кийин баланын жентегин берет, жентек катары жентек той өткөрөт. Эгерде ошол үйдө мурдагы төрөлгөн баласы токтобой каза болуп калган болсо, башка бир аялга эмизип, багып туруугa, же үч, же жети, же кырк күнгө чейин берген да, кийин ырымы кылып кайра андан жолдугун жасап «сатып алган». Мындай балдарга Сатылган, Сатыбалды дегендей ысымдарды койгон. Баланы сакташ үчүн жаңы туулганда апасы жоолугунун маңдайына төөнөгүч тагынып жүргөн, ал ымыркайды жаман күчтөрдөн, көз тийүүдөн сактайт деп эсептеген, ошол жаңы туулган баланы жума күндөрү киринтпейт, салмактабайт, кырк күнгө чейин киши-карага көргөзбөйт. Эркек бала туулганда өзгөчө кубаныч болгон, элдик ишеним боюнча бала туулганда ал эгер эркек болсо жерде жаткан таш да «Мени козгой турган адам туулду» деп сүйүнөт дешет.

Баланын өмүрүндөгү биринчи той – жентек той. Ата-эне, көбүнчө чоң ата-чоң эне бала төрөлөрү менен ага арнап той өткөрүүгө камынган, ага чейин дале уккандар жентек жейбиз деп неристенин үйүнө келе берген. Анан атайын бир күндү белгилеп жентек той өткөргөн. Ал тойдогу негизги көңүл бурулган адам – жаңы төрөлгөн бала, ага арнап туугандары энчилеп мал алып келген, кийим-

кече берген. Үйгө түшкөндөр «Бешик бооңор бек болсун!» дешкен. Бул болсо баланын бешиги дайыма терметилип турсун, өмүрү узун болсун дешкени. «Баланын туулганына эмес, турарына сүйүн» деп анын өмүрүн тилешкен. Жаңы төрөлгөн балага көзүбүз тийип калбасын деп, көп үйрүлүп карай берген эмес, «аман болсун», «чоңоё берсин», «өмүрлүү болсун» деп коноктор дасторконго отурган. Баланын көрүндүгү деп да коноктор ала келгендерин үй ээлерине тартуулаган. Ушул тойдо балага арнап карындагы сары май бузулат. Аны негизинен наристенин таенеси, же таежелери мурда даярдап жүргөн болот да, ошолор алып келген карын май томурулат да, биринчи болуп ал майды балага оозандырышат. Ошентип адамдын эң биринчи ооз тийген тамагы сары май болуп эсептелет. Кыргыздар «Сары май турган жерге дарт турбайт» дейт, дасторкондо сары май турса, сөзсүз ооз тийиш керек, эгер сары майдан ооз тийбей калсаң ал «мендей саргарып кал» деп каргайт экен деген ишеним бар. Жентек тойдо талкан сөзсүз коюлат, аны майга көөлөп жешет, балдарыбызга ооз тийгизели деп үйлөрүнө сала кетет.

Жентек тойго союлган малдын моюнун таза мүлжүп, жипке тизип коюшкан – баланын моюну ошондо тез катат деп эсептешкени, же аны таза жерге көмгөн – Умай-Энеге курмандык, а Умай-Эне баланы ар кандай кырсыктардан коргоп жүрөт деп эсептешкен.

Жентек тойдо башынан аягына чейин балага ак баталарын берип отурат. Демек, кыргыз баласы туулганда эле анын өмүрү бата менен коштолуп жүрөт.

В.В. Радлов жазып алган вариантта Жакып карыя менен Чыйырды байбиченин жентек тоюна Жаткенден (жат шаарлардан) жети элчи келет да, «жентегин мыктап жеп кетет, Манас желмогуз чыгат деп кетет». Жакып хан жентек той бергенде көк бөрү, тыйын эңмей, оодарыш, жамбы атмай, найза сайыш, кыз куумай, күрөш ж.б. улуттук оюндар уюштурулат.

С.М. Абрамзондун этнографиялык изилдөөлөрү боюнча бала төрөлгөн соң «Эгер даяр бешик болсо бешинчи-жетинчи күнү, же болбосо экинчи же

үчүнчү күнү баланы бешикке бөлөшкөн. Бул күнү бешик тойго меймандар чакырылган. Баланы бешикке бөлөө өзгөчө ырым-жырым менен коштолгон» [5]. Бешикке салуу жөрөлгөсү – бешик тою менен коштолгон элдик салт. Аны да жаңы гана төрөлгөн наристенин ата-энеси же чоң ата-чоң энелери уюштурган. Мында да көңүл борборунда ымыркай бала турат. Ошол күнгө мурда бир тууганарынан калган же баланын тай журту алып келген бешик даяр болот. Аны бешик усталар арчадан, талдан, теректен ж.б. дарактардан жасашкан. Баланын уйкусу жакшы болсун (комфорт) деп бешиктин жабдыктарын (төрт жаздык, эки олпок, чарчы ороо, кол боо, тизе боо, кыпчык, шимек, күлтүк, кышкы жана жайкы, ичтен жана сырттан бешик жабуу ж.б.) даярдашкан, же атайын кол өнөрчүлөргө даярдаткан. Бала ойносун үчүн эркек болсо ар кандай чүкөлөрдү, кыз болсо шуру-мончокторду, көз тийбесин деп көз мончокторду тагып коёт, кээ бирлер молдолорго жасатып тумар тагат.

Аялдар, негизинен чоң энеси, таянеси же алардын ордун алмаштырар башка туугандары бешикти Умай-Эненин колу менен деп арчалап ысырык салып аластап чыгат, баланын шимегин койдун же уйдун майы менен майлайт. Анан алар куру бешиктин ичине койдун оң жана сол чүкөлөрүнөн бирден салып, анын баш жагын өйдө көтөрөт, ошол кезде «оң бол», «оң бол», «оң, оң» деп турушат. Ошондо чүкөлөр кубалашып келип күлтүккө түшөт. «Мына жолу оң болот экен» дешет ошол процессти жакшылыкка жоруйт. «Оң болсун» дегени – анын жолу ар дайым жолдуу, оң болот дегени, койдун чүкөсүн салганы – койдой момун, пайдалуу болсун дегени, оң жана сол чүкө салганы – сөзү, өзү оңго-солго таанымал, даңазасы оң-солго жетсин деген тилектери. Баланы бөлөп жаткан аял сүйлөбөйт, сүйлөсө – бала да сүйлөөк болуп калат, оозуна боорсок тиштеп турат – баланын оозу нанга толуп турсун дегени. Бешикке баланы жаткыргандан кийин бешиктин үстүн баштык, кап, кийим-кече, жууркан, куржун, жалайык, кыскасы, жети түрдүү нерсе менен жабат, жанына кетмен, күрөк, балта, чот сыяктуу эмгек куралдарын да коюп коёт, бала эмгекчил

болсун деп. Бөлөп жатканда баланы жаткырар кезде байбичелер «Бешиктин ээси келди, жин-шайтандар качкыла» деп кара күчтөрдү кууп чыгат.

Кыргыз элинин салттарын, үрп-адаттарын изилдеген орусиялык жана советтик Х.А. Аргынбаев, К.Л. Задыхина, Г.П. Снесарев, А. Калыш, Н.А. Кисляков, О.А. Сухарева, Н.П. Лобачева, Л.А. Фирштейн ж.б.) этнографтар балдарды тарбиялоо, анын ичинде курак өзгөчөлүгүнө карап тарбиялоо өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтарды калтырып кеткен.

А.С. Кочкуновдун «Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса)» [87], Д.Т.Молдокулованын «Кыргыздардын үй-бүлөлүк мамилелеринде, турмуш-тиричилигинде колдонулган салттуу жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)» [109] деген диссертациясында жана анын негизиндеги «Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)» деген монографиясында [108] кыргыз үй-бүлөсүндөгү салттуулук жана анын балдарды тарбиялоодогу көрүнүштөрү тууралуу кызыктуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

С.М. Абрамзон этнографиялык экспедицияларынын материалдарына таянып баланын кыркын чыгаруу расмы тууралуу айтат. Бул күн – баланын туулганына кырк күн болгондо атайын белгиленет жана анын өзүнчө жөрөлгөлөрү болот: «Кыркынчы күнү (кыркы) меймандар чогулуп, той өткөрүлгөн. Төрөлгөндөн кийин балага кийгизилген «ит көйнөктү» бул күнү чечип салышып, ага башка көйнөктү – «кырк көйнөктү» кийгизишкен. Ал көйнөк баланын энеси бардык коңшу боз үйлөрдү кыдырып чыгып, ар кандай кездеменин кырк курандысынан тигилүүгө тийиш болгон» [5]. Баланын ден соолугу нормалдуу болсун үчүн анын кыркы чыкканга чейин, ага эмчегин берип эмизип аткан энеси муздак сууга колун салбайт, темирге, ташка колун тийгизбейт, баланын атын толук айтып чакырбайт. Кыркы болгондо биринчи жолу баланын карын чачын (энесинин жатынында пайда болгон чачты) алат, кырк үйдү кыдырып, кырк

кашык суу алып келип, баланы ошол сууга туз салып (же адырашманга) киринтишет, анан ошол суу менен баланы эмдеп-домдоп, суудай өмүр, тунуктук тилешет. Ошол күнү жети ташты кызарганча ысытып, аларды бир-бирден алып, баланы киринтүү үчүн даярдалган сууга салат да, буу чыккандан кийин ага баланы тосот, бул салтты «коркоктоо» деп аташат. Баланын кыркын чыгарганда кырк токоч жасайт жана аны элге таратып берет. Баланын кыркын чыгарып атканда эркек бала болсо анын карын чачын ушунун өнөрүн тартсын деп уста, саяпкер, мүнүшкөр, улакчы ж.б. айылдагы өнөрлүү, атактуу кишилерге алдырат, алардын өнөрү жуксун дешет, кыздардын тырмагын уздарга, комузчуларга, чеберлерге алдырат.

Жентек берүү, бешикке бөлөө, кыркын чыгаруу салттарын балдар аң-сезимдүү түрдө билбейт, бирок булар ошол баланын катышуусу менен болот, мындагы башкы тарбиялык таяныч – балага бата алуу, ата-бабалардын салтын сиңдирүү.

Бул салттар – балдардын туулган кезинен баштап ошол туулганга кырк күн болгонго чейинки кылымдардын сыноосунан өткөн элдик салттар.

Этнографиялык эмгектердин маалыматтарына караганда балдардын курак өзгөчөлүгүнө байланыштуу кийинки салт – тушоо кесүү. Бул адатта бала бир жашка жетип, бир-эки кадам шилтеп, алдыга талпынып, басууга аракет кылып калган учурда аткарылат. Тушоосу кесилүүчү баланын чоң энеси, апасы же дагы бир туугандары ак жипти оң ийрип, кара жипти сол ийрип, анан аларды өрүп бириктирип, бир жип кылат да, ошол жип менен баланын эки бутун кайчылаштырып, бирок жыгылып кетпей тургандай абалда байлашат. Байлоосу сыртка келтирилет. Баланын колуна бычак карматып коёт, аны биринчи келген балага берет. Алысыраактан эркек балдар чуркай баштайт да, ким алдын келсе, ошол бала тигил тургандын жиптерин кесет. Жиби кесилген баланы энеси менен жанагы кескен бала жетелейт, баланы бастырышат. «Тай-тай-тай балам,

тай, балам, бас-бас, бас, балам» деп чоң аталар бата берет. Анын башына чачыла чачылат.

Тушоо кесүүнүн педагогикалык мааниси – эми баланын бутун кармап турган кара нерсе – кара жип, ак нерсеге – ак жип орун бошотуп берди, эми мүдүрүлбөй шыр басып кетсин деген символика.

Эркек балдар үчүн аткарылуучу кийинки этнографиялык жөрөлгө – баланы сүннөткө отургузуу. «Мусулмандык расимдин көз карашынан алганда сүннөткө отургузууга зор маани берилген, баланы үч же жети жашында, көбүнчө ал беш жашка толгондо сүннөткө отургузушкан. Бул расим (кол адалдатуу, чочок кестирүү, сүннөт) байларда чоң той өткөрүү жана ар түрдүү көңүл ачуу (күрөш, ат чабуу д.у.с.) менен коштолгон» (С. М.Абрамзон [5]). Демек, бул мусулман дининен кийин кирген салттык, медициналык, педагогикалык жөрөлгө баланын курак өзгөчөлүгү менен тыгыз байланыштуу. Ал баланын так жашында (3,5,7 жаш) аткарылат, мына ушул жашында адамдын организминде кандайдыр бир өзгөрүүлөр болорун кыргыздар билишкен, анын калса бул ишти – жазда, баланын эти жумшап турган мезгилде жүргүзүшкөн.

Сүннөткө отургузар алдынан же отургузгандан кийин сүннөт той берилген. Баланы өз убагында сүннөткө отургузуп, мусулман кылуу – ата-эненин баланын алдындагы чоң парзы, ата-энелик милдети. Тойго чакырылгандар ботолуу төө, жылкы, тай, кулундуу бээ, кунан, музоолуу уй, торпок-тана, кой-эчки жетелеп келип, тойго кошот. Тойдо улак, жамбы атыш, кыз куумай, күрөш, эр эңиш, оодарыш, аламан байге, тыйын эңмей, жорго чабыш, күрөш, ордо, селкинчек, жоолук таштамай, токту сурамай, ак чөлмөк ж.б. улуттук оюндар ойнолуп, кыз-кыркын, жигиттер ырдап, бийлеп тойдун көркүн ачат. Баланын башынан ылдый чачыла чачылат, кийит кийгизилип, белине белбоо курчалат.

Сүннөттүн жана сүннөт тоюнун педагогикалык мааниси – эркек баланын эркек экенин, ата уулу экенин даңазалоо, баланы адалдоо, тазалоо, анын жигиттигине жол ачуу.

Кыздардын болсо кулагын көзөтүү салты алардын ата-энесинин, негизинен энесинин, чоң энесинин милдети болгон. Бул кыздардын кулагынын жумшак жерин көзөө, ошол жерге сөйкө салуу үчүн ылайыктоо. Али өзү толук түшүнө элек кыз баланын өмүрүндөгү мындай маанилүү жөрөлгөнү кыздын таенеси же таежеси, же алардын ордун басуучу аялзаты аткарган. Ал аял кыздын кулагынын жумшак жерин акырындап алдап укалап туруп, көзөйт (тешет) да, ал жерден иттин жүнүн чыйратып туруп өткөрөт, же жибек жип өткөрөт. Ошол жерден кан чыгып, жип этке жабышып калбасын үчүн шилекейлеп же майлап турат. Кызга жакындары сөйкө белек кылат. Кулагы бир аз жакшы болгондон кийин кыздын кулагына ошол сөйкө салынат. Бул болсо ага ургаачы экендигин сездирүү, эркек балдардан айырмалуу экендигин түшүндүрүү.

Эркек балдарда атка мингизүү салты кеңири учурап келген. Ал эркек балдар төрт-беш жашка чыкканда – тайга минип кетүүгө жарап калганда аткарылуучу салт. «Кыргыз эли өмүр бою ат үстүндө жүргөн, алардын өмүрүнүн көп учуру ат менен өткөн. Андыктан атка минүү атайын ырасым, жөрөлгө катары кабыл алынган. Муну «аттантуу», «тайга мингизүү», «ээрге отургузуу» деп да аташат. Баланын чоң ата-чоң энеси, же ата-энеси атайын үйрөтүлгөн тай, же кунан камдайт. Ага балдарга ылайыктап жасалган ээр – айырмач токуйт. Бала чалкалап же эңкейип кетпесин, бир жагына ообасын деп айырмачтын эки капталын жалпак жыгач менен тиретип коёт. Үзөңгүгө баланын буту жетпейт, андыктан кыска кылып териден же кийизден бала бутун салуууга ылайыктап темингич жасап берет. Аземдүү ат жабдыктары менен шөкөттөбөйт. Анан баланы атка мингизет да, аны бир аз жетелеп, анан ага

тизгинди карматып жатып ар кандай баталарды багышташат. Мисалы чоң атасы тайды алдына алып келип, анын ээрин кармап туруп батасын берет:

Мобул ээр бабалардыкы,
Нечен доор, заман баскан.
Бек отур, балам.
Элиңе бол караан.
Сапарың узак болсун
Бабалардын касиети колдосун.
Атагың Мисирге жетсин,
Атың алыстан кетпесин.
Чылбырын уулуң жетелесин,
Зыйнатың элге жетсин.
Кабарың Кырымга жетсин,
Даңкың Урумду жарсын,
Даңканың кылымга калсын,
Ата наркы өчпөсүн,
Өмүрлүү бол, уулум!
Бекем болсун тууруң,
Теңир болсун улугуң!
Оомийин!

Атка жаңы минген баланы коштоп атасы мал союп, этин алып, чаначка кымыз же башка суусундуктарды куюп, жакын адамдардыкына, же баланын тайларына, же өзүнүн досторунукуна алып барат. Ал жактагылар баланын өзү ат минип келгендигине сүйүнүп, ага ырымы кылып мал энчилейт. Элдер балага баталарын берет.

Атка минүүдө мындай салт да болгон: бала айырмач токуп минген тайдын же кунандын канжыгасына жаңы тигилген кымкап же башайы чапан же тон байлап коюшат да, жакын адамдарыныкына барышат, ал кишилер кубанып

тосуп чыгып, канжыгага байланган чапанды же тонду алышат, айырмачты да алып, башка тайга токуп коёт, «эми өзү ат минүүгө жараптыр» – деп атына ээр-токум токуп берет, мал союп сыйлап узатат.

Эркек баланын ат минүүсү – анын турмушундагы чоң окуя болгон. Андан кийин аны эркектана катары эсептешип, ат мингизип ар кайсыл жактарга жумшай берген» [113, 45-46-бб.]).

Этнографиялык изилдөөлөр боюнча кыргыз кыздары төрт-беш жашка келгенде аткарылуучу салт – чач өрдүрүү. Кыздын чоң энеси жана апасы чач өрдүрүү учуруна да өзгөчө маани берген. Чач өрүүгө кыздын чоң энеси, же таенеси, же айылдагы нарктуу байбичелердин бири катышкан. Колго анча кире элек чачты суулап, өргөн болуп, чачка жип же бир жасалгаларды байлап койгон. Кыйла мезгил өткөн соң үйдүн улуу кыздары же кыздын апасы булактан таза суу алып келип, жылытып, айран же сүзмө кошуп, чачты таза жууйт, анан майда тиштүү тарак менен тарап, жумшартып, ошондон кийин майда-майда чачтар кылып өрүп чыгат. Оң жагынан беш, сол жагынан беш өрүлгөн чач болуп, ошол чачтар кыздын бетин жапкан, мындай кыздарды беш көкүл кыз дешкен. Кыздын беш көкүл болушу – анын өзүнө кыз экендигин, ургаачы экендигин сездирүү, назик, таза, ыймандуу болууга тарбиялоо.

Беш өрүмдөн кийин чачтар калыңдап жети, тогуз, он үч деп так санда өрүлүп отуруп, акыры өрүмдөрдүн саны кыркка жеткен. Күйөөгө кетер алдынан мына ушул кырк өрүм жазылып, кыз курак бүтүп, эки өрүм гана чач калат. Демек, кыздын өрүм чачтарынын саны анын жаш курагын белгилөөчү бир көрүнүш болуп саналат.

Кыргыздардын балдардын курагын белгилөөдө өзгөчө маани берүүчү дагы бир белги – мүчөл, мүчөл чыгаруу. Элибиз жаныбарларды жыл катары белгилеп, он эки жылдык циклди колдонгон. Жыл сүрүүнүн ошол циклинин биринчи жылы – «чычкан»; экинчиси – «уй»; үчүнчүсү «барс»; төртүнчүсү – «коён»; бешинчиси – «улуу» (кытайча «лу» – «ажыдаар»); алтынчысы –

»жылан»;  жетинчиси – «жылкы»;  сегизинчиси – «кой»; тогузунчусу – «мечин» («маймыл»); онунчусу – «төөк»; он биринчиси – «ит»; он экинчиси – «доңуз». Мына ушул циклге ылайык бала он үч жашка жеткенде бир мүчөлү болот да, ага карата түлөө өткөрөт, же мүчөл той берет. Мүчөл жылында баланы же бир жакшылык же бир жамандык тооруп турат деп ишенишкен. Мүчөл жылдары: биринчиси – 13 жаш; андан ары 25 жашка кадам таштаганда – эки мүчөлү; 37 жашы – үч мүчөлү; 49 жашы – төрт мүчөлү; 61 жашы – беш мүчөлү; 73 жашы – алты мүчөлү; 85 жашы – жети мүчөлү; 97 жашы – сегиз мүчөлү ж.б.

Мүчөлүн чыгарганда мүчөл той кылып, мал союп, кан чыгарат, баланын жаткан жерин жыйнайт, арча менен аластайт, жууркан-төшөгүн күнгө жайып, кургатат, же жаңылайт, көжө жасап, ага куйрук май, бөйрөк май кошуп, элди сыйлайт, ошол баланын үй алдына от жагат, ошол оттон баланы секиртет, отко баланын эски кийимдерин өрттөйт да, балага келүүчү кырсык ошол отко күйүп кетет дешкен. Мүчөлү чыгып аткан балага кызыл түстөгү кийим кийгизген, кызыл түс жамандыктан коруйт деп ишенген, аяк (жыгач идиш) тептиришкен да, ошол сынган аяк менен дагы кырсыктын чыгып кетерине ишенген.

С.М. Абрамзон тарыхчы-этнограф А.Н. Бернштамдын пикирине таянып мындай дейт: «Кыргыздын балдары 6-7 жашынан тартып эле, А.Н. Бернштам белгилегендей, койго (музоого) мингенди, жаа менен канаттууларды атканды, кийинчерээк тайларды мингенди үйрөнүшкөн. Кыргыздарда бул үчүн балдарга ылайыкталган ээрдин атайын тиби – айырмач болгон, бул ээр балдарга атчан жүрүүгө өз алдынча үйрөнүүгө мүмкүндүк берген. Кийинчерээк кыргыздын эркек балдары майда жырткычтарга мергенчилик кылышып, тоолордо, өз айлынан алыскы жайыттарда көчүп-конуп жүрүп, кыйын-кыстоо шарттарда атуу өнөрүн үйрөнүшкөн. Жашы жетип, болжол менен 14-15 жаш курагында кыргыз уландары атчан аскерлерге кошулуп, жоокер болгон. Уландарды аскер ишине үйрөтүүнүн негизин жеке машыктыруу түзгөн, бирок эпостун материалынан көрүнүп тургандай, тобу менен чогуу үйрөтүп машыктыруу ыгы

да колдонулган. Өзүнүн теңтуштары менен аң уулап, көңүл ачып жүрүп, Манас 11-12 жашында эле жааны чебер ата билген, 13 жашында найза менен душмандарын жеңген, ал эми 14 жашында алардын айылдарын кыйраткан» [5, 562].

Бул этнографиялык маалыматтарда байыркы кыргыздардын балдарынын курактык жактан өсүүсү алардын төмөнкүдөй ишмердүүлүктөрү менен байланышкан:

– 6-7 жашында: койго, торпокко, тайга минген; конуп турган жана учуп бараткан канаттууларды атууну үйрөнгөн;

– 9-10 жашында: майда жырткычтарга (мисалы, суур, кашкулак) аңчылык кыла билген; атуу өнөрүн, атта жүрүүнү мыкты өздөштүрө баштаган;

– 12-23 жашында: жааны чебер ата билген; найза менен сайышка түшкөн;

– 14-15 жашында атчан аскерлерге кошулуп, жоокер катары элин-жерин коргогон; душмандын айылдарын кыйратууга катышкан ж.б.

Ушул сыяктуу маалыматтарды берген этнографиялык эмгектер, этнографтардын жазып калтырган күндөлүктөрү, жол очерктери, макалалары биздин изилдөө үчүн көптөгөн материалдарды берет.

Экинчи бир материалдар – **элдин оозеки чыгармачылыгы (улуттук фольклор) жана төкмөлөрдүн чыгармачылыгы.** Элдин руху, салт-санаасы, үмүт-тилеги, жашоо шарты, эстетикалык идеалдары жазуу-сызуу маданияты анчалык өнүкпөгөн кезде оозеки адабиятында, элдик төкмөлөрдүн чыгармачылыгында сакталып келген.

Элдик төкмөлөр балдардын курак өзгөчөлүгүн мындай мүнөздөйт:

**Таблица 2.1. – Эл акындарынын балдарды курак өзгөчөлүгүн мүнөздөөсү (2-3 жаштагыларга).**

| Курак | Акын | Ыр саптары |
| --- | --- | --- |
| **2-3 жаш** | Эшмамбет Байсеке уулу | Эки жашар болгондо,<br>Энесине ыр кылып,<br>Ыйлап өткөн балалык,<br>Элде жокту тапкын деп,<br>Кыйнап өткөн балалык [70, 231-б.] |
| | Барпы | Экисинде эс кирет,<br>Үчкө жашы жеткенде,<br>Эркелеп, күлүп эчкирет.<br>Ата-энеси угат дейт,<br>Чулдурап тили чыгат дейт.<br>Ата менен энеге<br>Шондо керек кубат дейт [46, 45-б.] |
| | Жеңижок | Үчкө жашы толгондо,<br>Үй-бүлөдө тили бал.<br>Үйдүн ичин чаңытып,<br>Үч көтөрчү жини бар [69, 27-б.]. |
| | Токтогул | Эки жашар кезинде,<br>Күлдүн баарын чаңдатып,<br>Чарчаганды билбестен,<br>Мейманды көзгө илбестен,<br>Басып жүрөт балалык,<br>Энесинен башкадан,<br>Жат кишиче жалтанып,<br>Качып жүрөт балалык.<br>Үчкө жашы чыкканда,<br>Жыгылып туруп сүйүнүп,<br>Алдыңан чыкса аталап,<br>Көтөрүп алып жыттасаң,<br>Чарчаганың билинбейт [166, 153-б.] |

*Элдик төкмөлөрдүн ырлары боюнча 2-3 жаштагы балдардын сапаттык белгилери:*

Бул жерде балдардын эки-үч жашына берилген мүнөздөөлөрдү жыйынтыктап көрсөк, мындай белгилер тууралуу айтылат: энесине ыйлайт;

жокту тапкын деп кыйнайт; экисинде кичине эс кирет; тили чулдурап чыгып, ошол чулдуруган тили менен ата-энесин кубантат; үч жашында үйдүн чаң-тополоңун чыгарып, кой дегенге көнбөстөн өз билгенин кыла берет; мейманды көзгө илбейт; энесинен башкадан жатыркайт; үчкө чыкканда жыгылып-туруп атасын алдынан тосуп чыгып, аны көтөртөт ж.б.

*2-3 жаштагы балдарды тарбиялоо:* Бул курактагы балдар жогорудагыдай өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан аларды тарбиялоо ыкмалары жана каражаттары да ар түрдүү болуп, негизги тарбиячы эне болот. Ушул куракта баланын оң жана терс сапаттары билине баштагандыктан энелер анын терс сапаттарын (мисалы, таарынчаак, ыйлак, айтканынан кайтпаган көк ж.б.) оң сапаттар менен алмыштырууга тырышат. Кээ бир энелер «бул ушундай көк бет», «ушундай таарынчаак» деп балага таасир этпей, анын мүнөзүн жактыргансып коёт, натыйжада бала өзгөрбөйт, ошол терс сапаттары улам көбөйүп отурат.

2-3 жашында балдар айтканын кылган, эрке болот, ата-энелер анын ошол эркелигин мактап, «кийин эс киргенде токтолот», «эс киргенде эркелиги калат» деп коюшат, б.а., баланын айтканы менен болот. Мунун да баланын калыптануусуна тийгизген терс жактары улам жылдар өткөн сайын көбөйүп отурат. Бул жаштагы баланын тили чыгып, тыбыштарды, сөздөрү айтып аткан кези болот, ошондуктан ата-энелер, улуу бир туугандары баланын сөздөрдү туура, так айтышына кам көрүшү керек. Ата менен энени жакын таанып бул жаштагы балдар ошол экөөнө өзгөчө талпынып, аларды көтөрөт бекен деп ээрчий карайт, мына ошол жакындыкты сезип ата-энеси баланы ошол кезде өздөрүнө жакындатуу, тартуу керек, бул болсо аны көтөрүү, ойнотуу, чулдуратып сүйлөтүү менен байланышат.

**Таблица 2.2. – Эл акындарынын 4-6 жаштагы балдарды курак өзгөчөлүгүн мүнөздөөсү ().**

| Курак | Акын | Ыр саптары |
|---|---|---|
| **4-6 жаш** | Барпы | Беш жашарда белсенет,<br>Алты жашта аты бар,<br>Акыл ойлоп теңшерет [46, 45-б.]. |
| | Жеңижок | Төрткө жашы барганда,<br>Таңга маал торгойдой,<br>Сайрап турган балалык.<br>Жоогазындай жайлоодо,<br>Жайнап турган балалык.<br>Бешке жашы барганда,<br>Агын сууну бойлошот.<br>Кой дегенге болбостон,<br>Балчык кечип ойношот.<br>Тетири кийип чапанын,<br>Атчан адам көрүнсө,<br>Үркүтмөккө жол тосот!<br>Ачылып калса аркасы,<br>Айып болуп калат деп,<br>Чочубаган балалык.<br>Аспиеттеп ат кармап,<br>Токубаган балалык.<br>Алты жашар убакта,<br>Атасы кармап берсе да,<br>Аптиек менен куранды,<br>Окубаган балалык.<br>Жеңе менен эжеден<br>Уялбаган балалык.<br>Оюн кызык көрүнүп,<br>Зарыгып жумшап жатсаң да,<br>Тил албаган балалык.<br>Ак сакалдуу кишини,<br>Сиз дебеген балалык.<br>Оокат үчүн умтулуп,<br>Иштебеген балалык.<br>Алдап айткан кебиңдин,<br>Калпын билбейт балалык.<br>Ата менен эненин, |

| | | |
|---|---|---|
| | | Баркын билбейт балалык.<br>Алган менен саткандын,<br>Наркын билбейт балалык [69, 28-29-бб.]. |
| | Ток тогул | Төрткө жашы чыкканда,<br>Уруштуруп балдарды,<br>Кайрап турган балалык.<br>Бешке жашы чыкканда,<br>Кайгы, капа ойлонбой,<br>Жайнап турган балалык.<br>Алты жашка чыкканда,<br>Алышып ойноп жаш балдар,<br>Кыйын кызмат кылгансып,<br>Чарчап келет алсырап,<br>Жааган күндөй бүркөлүп,<br>Апасынан нан сурап [166, 155-б.] |

Мына ушинтип акындар улам кийинки жаштагы балдардын сапаттарын, психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жүрүш-турушун, ата-энесине, туугандарына кылган мамилесин баяндап берип отурат.

Акындар мындай балалык тууралуу ырын кыргыз элинин практикасынан, жашоо-турмушунан топтогон жыйынтыктарынан улам айтып берет, ал эми алардын ырын угуп отурган адамдар мына ушул акыл-насааттардан педагогикалык сабак алат.

А.Т. Калдыбаева кыргыз балдарынын 12-13 жаш мезгилине чейинки курагы калыптануу курагы экендигин айтып, андан ары мындай деп жазат: «Калыптануу мезгилинде бала кандай тарбия алат:

Биринчиден, табият менен алака-катышта болот, кыргыз баласынын жаны табият менен биригип калат («Агын сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот», «Топучак издеп шиш менен, казып жүргөн балалык»).

Экинчиден, анын акыл-эси оюн менен байланышып, оюн ал үчүн таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк функция аткарат («Он жашарда октолот, агайныга жоголот», «Оюн кызык көрүнүп, зарыгып жумшап жатсаң да, тил албаган балалык», «Жети жашка барганда, айылдагы иттерди, кууштурган

балалык», «Сегиз жашка барганда, оюнга такыр тойбогон, оромпой тээп, чики атып, ок жыландай сойлогон», «Оюнга мооку канбастан, жутунуп турган балалык» ж.б.).

Үчүнчүдөн, кыргыз баласы элдин чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги менен тааныша баштайт («Жети жашка барганда... тезек терип, суу ташып, бир аз жумуш кылган балалык», «Сегиз жашка барганда... торпокту минип жүдөткөн, тотугуп бетин түлөткөн, кубалап кулун, тайларды, кубарып чарчап күнү өткөн», «Тогуз жашка барганда... «Эки айылдын жылкысын, алдыртан кошуп ийишип, айгыр менен айгырын, алыштырган балалык», «Он бир жашка келгенде, чыйрак болсо ат чабат» ж.б.).

Төртүнчүдөн, бала – бул али инсан катары жетиле элек индивид, демек, анда балалык бөксөлүктөр, дал ошол балалыгы менен кызык да, сонун да өзүнчө белгилер бар учур («Менин атым күлүк» деп, жарыштырган», «Айлына мейман келгенде, «алакүш» деп иттерди, тукуруп турган», «Тетири кийип чапанын, атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот!» ж.б.) [78, 107-108-бб.].

Ошентип элдик чыгармалар жана элдик ырчылардын чыгармалары биздин изилдөө үчүн өзүнчө бир материалдар тобун түзүп берди жана аларды анализдөө аркылуу элдик педагогикадагы балдарды куракка жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн аңдап билдик.

Изилдөөбүзгө материал болуп берген үчүнчү булак – **этнопедагогикалык изилдөөлөр.** Кыргыз элинин тарбия маданиятын, улуттук тарбиянын салттарын Г.Н. Волков, А. Алимбеков, Б. Апышов, Ж. Бешимов, Т. Ормонов, Н. Имаева, Ж.И. Койчуманов, А.Э. Измайлов, С. Байгазиев, А.Т. Калдыбаева, С. Рысбаев, А. Муратов, Г. Карагозуева, К.И. Жаныгулов, Ж. Каденова ж.б. окумушуулар изилдешкен. Алардын изилдөөлөрүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө, б.а., жашына карай тарбиялоонун проблемалары да каралган.

А. Алимбеков балдардын курагына жараша тарбиялоо иш-чараларынын алкагын мындайча карайт, аны биз таблицага алып көрөлү.

**Таблица 2.3. – А. Алимбековдун белгилөөсү боюнча 4-5 жаштагы баланын өзгөчөлүктөрү жана жетилиши**

| Жашы | Өзгөчөлүктөрү |
|---|---|
| 4-5 жаш | «...ата-энелер балдарды 4-5 жашынан баштап эле өзүн кароого, кийимдерин күтүүгө, үйдөгү тазалыкты, ирettүүлүктү сактоого, бешик терметип бөбөктөрүн багууга, көмөктөшүүгө үйрөтө баштаган. Ошондуктан, бул курактагы баланы «өзүн өзү эптеп», «анча-мынча ишке жарап калган» бала деп мүнөздөшкөн. Ошону менен бирдикте бул куракта «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» деп, алардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бөлүшкөн». |
| 7-8 жаш | «...7-8 жаштагы баланы «кол арага жарап калган бала» деп мүнөздөшөт. Чындыгында эле бул курактагы балдар мал кайтарууда, багууда, кыздар ийне кармап, үй шыпырып, тамак даярдоодо ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташат. Бул курактагы балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүш-туруш адебин тез кабыл алышат. Ушундан улам, ата-энелер балдарды олдоксон жорук-жосундардан окчун кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүүгө далалат кылышкан». |
| 9-10 жаш | 9-10 жаштагы бала айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча аткара баштайт. Ошол эмгек иш аракеттерине жараша алар «орок оргонго», «мал бакканга жарап калган бала» деп мүнөздөшкөн. Кыз балдар уул балдарга караганда социалдык-турмуштук тажрыйбаларды өтө тез кабылдайт. Өзүнүн келбет-боюна, жүрүш-турушуна олуттуу көңүл бура баштайт. Атап айтканда, эркек балдардан бөлөк ойнойт, атасынан, улуу агаларынан иймене баштайт. Ошону менен бирдикте үй-бүлөдөгү милдети да күчөйт. Ар кандай жумушту энеси менен барабар аткарууга көнүгө баштайт. Ал эми үйдөгү тазалыкты сактоо ушул жаштагы кыздардын түздөн-түз милдетине айланат. Коомдук пикир да «кыздуу үйдө кыл жатпайт» – деп кыздардан ушуну талап кылат» [12, 65-б.]. |

А. Алимбеков кыргыз балдарынын бир мүчөлү чыкканда, б.а., он эки жаштан кийин жетилген куракка келди деп эсептешкенин билдирет. Ошондой эле ал балдардын жетилүүсүн алардын эмгектенүүсүнө, эмгекке кылган мамилесине карай аныктайт: «...төрт түлүк малды асыроого 10-12 жашынан билим жагынан да, практикалык жагынан да даяр болуп калыптанган. Уул балдар 14-17 жашында жылкычынын, сакманчынын, чабандын милдеттерин кадыресе өз алдынча аткарууга жетишкен» [11, 13-б.].

Этнопедагогикалык изилдөөлөр боюнча салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдар эмгек аркылуу эрктик-мүнөздүк сапаттарын калыптандырган. Көчмөн турмуш образы, жаздоо, күздөө, кыштоо деп көчүп-конуп жүрүү, мал чарбачылыгы балдарды эрте жашынан эмгекке көнүктүргөн. Балдарды кыргыздар «козум», «улагым», «тайым» деп эркелеткени да алардын ушул жаныбарлар менен бирге чоңойгонун тастыктоочу фактылардан. Үй айбандарынын катарына киргизип, итти да, өзгөчө короо кайтарган короочу иттерди, аңчылыкка кошо чыккан тайган иттерди жакшы көрүшкөн, алардын балдары менен өз балдарын 3-4 жашынан чогуу өстүрүшүп, балдарды «күчүгүм» деп эркелеткен. «Манас» эпосунда Манасты элдин баары «Чоң жинди» деп атап атышканда Акбалта аны «Кабыланым» деп эркелетет. «Манас» эпосундагы Кумайык иттин образы да ушундай итке мамиледен келип чыккан. Аны көк жору тууйт, көзү ачыла элек кезинде эч кимге көрсөтпөй багышат, ал Манас аңчылыкка чыкканда жанында жүргөн алгыр ит гана эмес, баатыр менен жаны, каны бир кайыптан туулган ыйык жаныбар катары эсептелет. Манас каза болуп, Семетей Букарга – таятасына кетип, он экиге толгондо эли кыргыз, жери Талас экенин угуп, журтун издеп келгенде эң биринчи ушул атасынан ити Кумайык тосуп чыгат.

Инсандын жетилиши катары да «Манас» эпосунда он эки жаш эсепке алынат. Ислам дини боюнча да эркек балдар он эки жашында балакатка жетет. Балакатка жетүү – баланын өмүрүндөгү бир белес, анда адаттарынын,

ишенимдеринин, мүнөздөрүнүн, эркинин калыптануу процессин жетилет. Он эки жаш – балалыктын бүтүшү, жигиттиктин башталышы. Ошону үчүн жигиттер дал ушул жашынан жоого аттанат, ушул жашынан ата журтун табат, ушул жашта өч алуу үчүн душманы менен кандуу кармашка чыгат.

Этнопедагогикалык изилдөөлөр баланын курагына жараша тарбиялоо – кыргыз эл тарбиясынын негизги принциптеринин бири экендигин көрсөтөт. Кыргыздар балдарды куракка карай мындай бөлүштүрөт:

- жаңы төрөлгөн бала;
- көзүн ача элек кез;
- кызыл эт;
- ымыркай;
- наристе;
- күлүп калган;
- сары ооз кез;
- чакырганды билген;
- эмчектеги бала;
- энесин ээрчип калган;
- канат каккан учур;
- колдогу бала;
- күл чачар;
- бүлдүргүч;
- бок мурун;
- секелек (кыз);
- жеткинчек;
- өспүрүм;
- балакатка жеткен;
- тестиер;
- боз улан;

– бозой;

– бийкеч;

– эр жигит;

– боз салкын;

– бойдок (жигит, кыз) ж.б.

–

Мындай бөлүштүрүү ошол айтылгандай курактагы балдардын мүнөздөрүнө, типтүү жүрүш-турушуна, физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Мындай бөлүштүрүү орус жана совет психологдорунун (Б.Г. Ананьев, Л.И. Божович, Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, С.Л. Рубинштейн, Д.Б. Эльконин ж.б.) балдардын курагына жараша ажыратуу теориясына ылайык келет. Ошондой эле кыргыз психологдору (Ж.М. Жумалиева, А. Закиров, Т.А. Коңурбаев, Мурзаев, К.М. Миңбаев, Н.Н. Палагина, А.Ы. Ысыкеев, М.) да улуттук психологиядагы курак өзгөчөлүктөрдү изилдеп чыгышкан.

Жогорудагы балдардын курак жашын белгилип айтууда кыргыздар балдарды үй жаныбарларынын жашы менен салыштыра караган (улактай, кулундай, козудай, тай кези), канаттуулар менен байланыштырган (сары ооз балапан, канат күүлөгөн кез), мына ушуларга карап алардын жашоо образын аңдап билүүгө болот.

Ушундай этнопедагогикалык изилдөөлөр биздин диссертациянын материалдарынан болуп берди.

***Атактуу инсандар менен маектешүү, алардын эскерүүлөрүн пайдалануу.*** Кыргыз элинин үй-бүлөлүк жана жалпы эле коомдук тарбиясында балдардын курак өзгөчөлүгү канчалык даражада эске алынгандыгын биз бир нече атуулдар менен алардын кандайча тарбия алгандыгын оозеки жана жазуу формасында баяндап берген маектерине, эскерүүлөрүнө көңүл бурдук.

Алты жаш курагы тууралуу Ч. Айтматов кийин атактуу жазуучу жана коомдук ишмер болгон кезде мындай эскерет: «1934-жылдын башы. Мен алты жаштагы бала кезим. Атам Төрөкул өз мезгилинин белгилүү инсандарынын бири болгон. Кат сабаты эрте жоюлган, Жамбылдагы Олуя-Аата аттуу орус мектебин бүтүргөн, отузга чыга элек жатып, мамлекеттик кызматтарда иштеген адам эле.

Туш тарап жаңырып, чоң өлкөдө колхоздоштуруу аттуу үлкөн бир саясат үстөм кылып аткан чак. Элдин баары бул саясаттын ыңгайы менен болуп, эми өз жашоо-турмушун, кылымдан берки келаткан көз караштарын өзгөртүп, ушинтип жаңы өкмөттүн жарыгы менен жапырт кат-сабатыбызды жоюп, жакырчылыктан арылып, ага себеп болгон бай-манаптарды түп тамырынан жок кылабыз деген саясат менен келечектен көп нерсе үмүтетип, алдыга ошол ой сүрөп турган кез.

Түштүктүн Араван районунда – Фергана өрөөнүндө пахта айдалат эмеспи. Пахта – кара тер менен каржалган мээнеттен гана агарган, баалуу зат. Аны айдап, сугарып, терип алуу иштери үзгүлтүккө учуратылбай, жалпы жамааттын аракети, колу менен бүткөрүлсө, үзүрү ошончолук жакшы болот. Атам мына ушундай уюштуруу иштерин аткарчу. Күнү-түнү тыным билбей иштеп, араба дөңгөлөгүн токтотпой, чарчадым-чаалыктым дебей, жер кезип жүргөнү жүргөн. Ар дайым эл менен байланышта болучу.

Балалыгым ачарчылыкта өттү. Көз алдыма ал кездеги кайырчы-тилемчилер азыр да кадимкидей тартыла калат. Алардан бирөө, кичинекей бала биздин үйгө тынбай келчү. Он-он бир жаштагы жетим бала болсо керек эле. Эптеп тамак тилеп жанбагуунун ыгын алган эпчил неме болчу. Ачык турган дарбазадан же терезеден башбагып, үнүн аянычтуу чыгарып, кайыр тилечү. Орусча, кыргызча аралаштырып:

– Мамочка, мамочка! Курсак пропал! Мамочка! – дечү.

Анын үнү ушунчалык боорду ачытчу жана ага ырайымы келген апам мага бир кесим нан же тамак карматып, ага берип келүүгө жумшачу. Биздикинен куркол кетпегендиктен кайрылып, бат-бат эле келе берчү. Атүгүл мен аны менен достошо да кетээр элем, кала берсе, кээде чогуу да ойноп калчубуз. Бир күнү атам аны байкап калды да, менден анын ким экендигин сурады. Мага тилмечилерге бер деп дайыма майда акчаларды карматар эле. Жанагы балага ошол акчаны бергенимде ал ушунчалык сүйүнгөн.

Ошол тилемчи бала ар дайым бир бөз куржун көтөрүп жүрчү. Али да көз алдымда, бир ирет ал куржуну дал-дал болуп сөгүлүп калыптыр. Анысында бир калай консервасынын бош идиши жүрчү. Анан да эки туулга шиши боло турган. Ал экөөбүз куу чырпыктарды жыйнап, от жагып, тиги бала жанагы калайга буламык бышырчу.

Бир ирет атам менен Анжиангa жөнөдүк. Мен үчүн бул сапар унутулгус бир окуя болгон. Анжиан – ошол мезгилде Фергана өрөнүндөгү эң ири шаарлардын бири эле.

Жол аябай узак болду. Биз улам-улам тыныгып, анан кайра жүрүп отурдук. Жол ката көп адамдар атам менен бир нерселерди сүйлөшүп, андан масылаат сурап атышты. Элдин жашоо жагдайын ушунчалык бир аянычтуу, оор мезгил эле. Кандай гана суроолор берилсе да, атам алардын баарына үмүттөндүрүүчү жоопторду берип, кеңешин айтып отурду. Көпчүлүк калк агезде жаңыча жашоо-турмуштун түпкү маңызын түшүнө албай, ара жолдо арасат турган. Колхоздоштуруу мына ушул маселени чечмек. Жалгыз үмүт ушул жамаатташтыруу жагында болгону менен турмуштун оор шарты элдин белин бекем басып, ныгырып жаткан. Ошол кыйынчылыктын баары бир адамга – акылдуу, ар дайым активдүү, чаалыкпай иштеген атама жүктөлгөндөй...» [7, 418-419-бб.].

Бул үзүндүдөгү окуя болгон кезде болочоктогу жазуучу өзү айткандай алты жашта эле. Ал өзүнүн ошол учурдагы көргөн-билгендерин айтып жатат.

Анын атасы белгилүү мамлекеттик ишмер Төрөкул Айтматов ал кезде партиянын Араван-Буура райкомунун биринчи катчысы. Дагы төрт жылдан кийин ал Москвада окуп жаткан кезде сталиндик репрессияга кабылып, атылып кетет. Мына ошол ата-бала мамилеси бул эскерүүдө абдан таамай чагылдырылган. Кыргыздарда «Атың барда – жер тааны, атаң барда – эл тааны» деген макал айтылып келет. Мына ошонун бир мисалы ушул Төрөкул Айтматовдун алты жашар баласын тарбиялашы: ал баласын пахта өсүмдүгү кандай өскөндүгү менен тааныштырат; өз жумушу (мамлекеттик милдети) кандай экендигин көрсөтөт; Фергана өрөөнүнүн географиялык, климаттык, демографиялык абалы тууралуу түшүнүк берет; кайырчылар менен тилемчилерге адамгерчилик менен мамиле кылуу керектигине тарбиялап, баласынын гуманисттик сезимдерин өстүрүүгө аракет кылат; орус балдар менен дос болууга чакырып, интернационалдык тарбия берет.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө аталар, көбүнчө чоң аталар, таяталар 6-9 жаштагы балдарды аттарына учкаштырып, өз айлы – тоо-таштагы жер-суу аттары менен тааныштырат, мисалы, бул жер эмне үчүн Көк-Жар, бул жер эмне үчүн Күмүш-Булак, бул жер эмне үчүн Бүркүт-Уя ж.б. аттар менен аталып калгандыгын уламыштар аркылуу айтып берет. Ошол аталардын жер таанытуу экскурсиялары, крайтаануу саякаттары менен жакшылып таанышкан балдар өз айылын сүйүп, мекенчилдик сезимдери калыптанат.

Белгилүү жазуучу Мурза Гапаров өз балалыгы тууралуу көп жылдан кийин мындай эскерет: «Чоң атам менен таятам ынтымак-ынак, жакын тууган кишилер экен. Атабыз менен апабызды бешиктеги кезинде эле кудалап коюптур. Атабыз 14 жашка, апабыз 13 жашка чыкканда үйлөнүшүптүр. Ромео менен Жульеттанын курагы. Жок, мен жөнеле дал келип калганын айтып атам. Эми, чырымтал түгү түшелек дегендей курак да. Чоң энебиз 13 жашар апабызды эки жылдай өз койнуна алып жатып анан: «Бар эми, эриң менен жат» – деп, атабызга өткөрүп берген имиш» [164, 159-б.].

Мына ушундан биз али чоңоё электе эле кыз менен жигиттин башын байлап койгондугун, алар качан гана балакатка жеткенде турмуш курууга уруксат бергендигин көрөбүз. Албетте, бул массалык көрүнүш болбосо да, айрым жерлерде учураган тагдырлардан.

Жазуучу андан ары балалыгы тууралуу мындай ой жүгүртөт: «Апамды да жакшы элестете албай калдым. Азыр эсептеп көрсөм, апам каза болгондо мен 3-4 жашта болсом керек. Ал кезде келиндер жаш кезинен көп өлчү экен. Андан үч бала элек: агам Зулпукар, эжем Ибадат, анан мен. Үчөөбүз апабыздан эрте ажырадык. Бизди таенебиз чоңойтту. Менин «биринчи университетим» ошо киши болду да. Салттуу, нарктуу, эски замандын кишилеринен эле. Бизди эрке жетим кылып өстүрдү. Апабыздын да, атабыздын да жоктугун эч билгизбеди. Атабызбы? Согушка кетип калган. Согушка кеткенде мен жаш элем, мектепке баралек болчумун. 42-жылдан 45-жылга чейин Улуу согушта жүрүп, согушту бүтүрүп, анан келди...

...Үйүбүз эки коргондон турар эле. Коргондун ичи жык толо алма, өрүк, жаңгак, шабдаалы, алча, гилас... Алардын арасынан туптунук тоо суулары агып өтөт. Айылдын бактарынан күбүлгөн мөмө-чөмөлөр да суу менен кошо агып турчу. Биз аларды тутуп алып жечүбүз, атургай кайсы бактан түшкөнүн да таанычубуз... Ал эми кош коргондун артында биздин аталарыбыздан калган кең өрүкзарлар жатчу созулуп. Ал өрүкзарга кош коргондон кош дарича чыгат.

Биздин үйгө бир чоң түп өрүк сөйкөнүп өсчү. Кыштын күндөрү, шамал түндөрү ошол өрүк кычырап, кычыраганы үйдүн ичине кирип турчу эле. А биз болсо үйдүн ичинде сандалды тегеректеп отурабыз... Сандал түштүк кыргыздарда печкенин милдетин аткарган. Үйдүн ортосуна жерди кичине казандай кылып оюп, ага кыпкызыл өрүктүн чогун салат, анан ал чок тез өчпөс үчүн үстүнө төрт бурчтуу жапыс үстөл орнотулат. Ал үстөлдүн үстүнө дасторкон жайып, оокат ичсе да болот, оокаттан кийин аны төшөнчү менен

жаап, сандалга бутту катып тегеренип жатса да болот. Ушундай сандал япондордо да бар. Аны орус котормочулары «жаровня» деп которуп жүрөт.

Биз ошол сандалды тегеректеп, үч небере өрүктүн кычыраганын тыңшап уктачу элек. Менин колтугумда бырылдап таргыл мышык уктачу. Таенем ташфонардын жарыгында отуруп, ийик ийричү. Кыш ичи эчкинин жүнүнөн же болбосо пахтадан жип ийрип чыгар эле. Жаз келип, күн жылый баштаганда эшиктин алдына таар (өрмөк) курат эле. Керели-кечке майышып, кайышып отуруп таар согот эле, жука кылып. Боёчу. Кышында араалап, отун кыла турган картаң өрүктөр болот, алардын дүмүрчөлөрү калат. Ошолорду жаз келип, жер жибий баштаганда акеме кетмендетип каздырат эле. Анан казган тамырларын балталап кыйдырат эле. Энем ошол тамырлардын кабыктарын чогултуп алып, казанга салып кайнатат эле ийриген жиби менен кошо. Анан боёлуп чыга келчү. Таар согулган соң, кайчысын алып, үстүн тегиздеп кыркып, агама, мага шым тигип берчү. Өзүң билесиң, анда кабат-кабат кийим жок, бирден ыштан-көйнөк, бирден шым кийип чоңойдук да» [164, 159-160-бб.].

Мурза Гапаровдун мына ушул эскерүүсүнөн көрүнүп турган элдик тарбиялык салттар: атасы согушка кетип, апасы эрте өлгөн он жашка чыга элек үч баланы таенеси багып өстүргөнү; балага ошол таене «биринчи университети» болгондугу, б.а., турмушту, элди-жерди, жашоону тааныткандыгы, тууган-уругу, ата журту, эне журту тууралуу айтып бергендиги; элдик оозеки чыгармалар менен баланын көкүрөгүн ачып, дилин уюткандыгы, кийин алар көптөгөн чыгармаларына азык болгондугу; ошол таенинен айткан-дегендерин, акыл-насааттарын жазуучу кийин «Көчө» фильминин сценарийин жазууда пайдалангандыгы; кыргыз эл педагогикасындагы «эрке жетим» түшүнүгү, б.а., жетимдигин билдирбей, эркелетип «канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай» өстүргөндүгү ж.б. Мындай чоң эне, таене өстүргөн балдар чогоол, кекчил, ошол эле кезде элдик нускаларды жакшы билген адам болуп чоңоёт. Таене, чоң энелер мындай балдарды ата-энеси жок деп ашка-тойго өзү менен

кошо алып барып жүрүп, аны урушпай жана бирөөлөргө да кактырбай өстүрөт. Анын ата-энеси тууралуу эр жеткенче өзүнө айтпайт, качан гана бала эр жетип үйлөнөрдө, кыздар турмушка чыгарда өзүн багып жүргөн чоң ата-чоң энеси, таята-таенеси анын ата-энеси эмес экендигин түшүнгөн.

Таене балдарды эркелетип гана калбай, аларга эмгек кылууну үйрөтөт («акеме кетмендетип каздырат эле», «тамырларын балталап кыйдырат эле»), бул болсо, балдар келечекте жалкоо болуп калбасын, өз оокатын өзү тың кылсын деген тилеги эле. Ошол эле кезде балдарга кийим бычып, тигип, ошондой бычып-тигүү иштерине аларды да катыштырчу.

Болочок жазуучуну 3-4 жашынан (эс киргенден) тартып алма, өрүк, жаңгак, шабдаалы, алча, гилас өскөн бакчага эркин коюу, ал жерден «туптунук тоо сууларынын агып өтүшү», «аларды балдардын тутуп алып жеши, атургай кайсы бактан түшкөнүн да таанышы, кош коргондун артынан кең өрүкзарларга чыгышы анын дилине чыгармачылыктын уюткусун салып, көркөмдүктү сүйө билүүгө, ылгай алууга тарбиялаган.

М. Гапаров маегинде орус жазуучулары, мисалы, Л.Н. Толстой, М. Горький, И. Бунин өз бала чагы, өспүрүм чагы тууралуу жазып кеткенине суктанат, кыргыздарда мындай салт сакталбаганына өкүнүү менен карайт [164, 163-б.]. Албетте, мындай мемуардык китептер көп болгондо биздин изилдөөгө да чоң жардам бермек.

Журналист-тарыхчы Султан Абдырахманов балалык кези тууралуу маектеринин биринде мындай дейт: «Биз көп бир тууган болгондуктан апам тандырдан нанды үзүп алары менен чарага эки-үч ысык нанды туурап жиберип үстүнө бир чыны сары майды куюп мыкчымай жасап тоголоктоп колубузга карматчу. Мыкчымайды мен апам каза болгонго чейин шарт боло калганда тандырга нан жабылаары менен жасатып жегенди жакшы көрчүмүн. Азыр тандырды көрсөм эле апамдын мыкчымайларын эстеп, өз колу менен жасап берген тамактары көз алдыма келип жаман болуп кетем» [4].

Өткөн кылымдын 50-жылдарынан тартып Кыргызстанда демографиялык өсүш жогорулап, элдин турмушу жакшырып, көп балалуу үй-бүлөлөр көбөйгөн. СССРдин өкмөтү ар бир бала төрөлгөндө эл арасында «сүйүнчү пул» аталган пособие берип, андан ары бешинчи баладан тарта энелерге медаль жана акчалай жөлөкпулдар берилген, он бала төрөгөндөргө «Баатыр Эне» деген медаль ыйгарылган. Көп балалуу энелерге көп жеңилдиктер берилип, алар өкмөт жана эл тарабынан ардакталган. Мына ушул кезде көп балалуу үй-бүлөдө чоңойгон болочоктогу журналист апасынын камкордугуна кандай алынганы, ысык нанды сары майга туурап ийип, мыкчымай деп аталган блюда жегенин тамшануу менен эскерет.

Көп балалуу бүлөлөрдө балдар бири-бирин тарбиялаган, эженин сөзүн сиңдиси, аганын сөзүн иниси милдеттүү түрдө уккан, ошол эле кезде мектепте болсун, коомдук жайларда болсун улуулар кичүүлөрүнө көз салып, аларды башка бирөөлөр бейчеки токмоктоп кетишинен коргогон.

Ал гана эмес, ошондой болсо да ата-энелер балдарын темирдей катуу тартип менен тарбиялаган. Бул тууралуу С. Абдырахманов жогорудагы маегинин бир жеринде сөзүн мындай улантат: «Төртүнчү классымда атамдын сөзүн укпай койгондугум үчүн камчы менен таяк жеп, солуктап ыйлаганым күнү бүгүнкүдөй эсимде. Апам мага болушпастан «атаңдын сөзүн укпасаң ушундай болот, балам, мындан кийин атаңдын сөзүн аткарып жүргүн» деп башымдан сылап сooроткон» [4]. Баланы уруп тарбиялоо көп балалуу үй-бүлөлөр үчүн кадыресе элдик тарбиянын бир методу болгон. Бирок ал балдар ата-энесинин урганына көпкө таарынчу эмес, какыс-кукус кылып койдум деп камчысы же шапалагы тийген ата-эне өзүнчө күнөөлүүдөй болуп калчу. Ата-бала таарынычы бат эле жазылып, бала бул окуядан кадимкидей тарбиялык таасир алчу.

***Аксакалдар менен аңгемелешүү.*** Ушул темага материалдарды издеп «талаа экспедициялары» деп аталган изилдөө материалдарына таянып бир катар адамдар менен жолугуп, алардын сөзүн уктук.

***Ош шаарынан Касымбай Жолдошов (1915-жылы туулган, Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусу):*** Анда он бир-он эки жашта элем. Отуз экинчи жылдагы ачарчылык казактарды эле эмес, кыргыздарды да каптап калды. Күндө өлүм, ый. Ачка адамдар, кайыр сурагандар көбөйдү. Кыйынчылыкта кишилер бири-бирине жакын болуп каларын, бири-биринен тамак-ашын кызганып да каларын ошондо баамдадым.

Алардын Нуралы деген кошунасы боло турган. Жалгыз бой. Анча-мынчада Касымбай барып, тамынан, өзүнөн кабар алып коёт. Бир күнү барса, жатыптыр. Катуу ооруп калыптыр, үстүнө жаба турган эски таарын улам-улам тартып коёт, анысы же башына жетпейт, же бутуна жетпейт, же бир ысыгы жок. Кирлигинен майы чыгып, жыттанып турат.

– Касым! – дегендей болду акырын үн чыгарып. Сүйлөөгө да дарманы калбаптыр.

– Эмне! – Касымбай да келгенин билдирип үнүн чыгарды.

– Келдиңби?.. Ооруп калдым! – Ушинтти да ыйлап ийди. Ыйлай берди. Ыйлай берди. Өксүп, бышактап ыйлады. Бала эмне кылсын, унчукпай жанында отура берди. – Мага суу кайнатып бере аласыңбы?

– Бере алам! – Касымбай үйүнөн чайдоско суу алып келип, жолдон куурай тере келип, от жагып, суу кайнатып Нуралыга сунду.

– Нуралы калтыраган, тырышкан, бырышкан колу менен ысык сууну алаканына коюп, сугалактык менен ууртап кирди. Бир чайдос дак суу ичкен соң кичине жан кирип:

– Мен бир карып кишимин. Жакын тууган-урук, аял-бала деген менде жок. Ар кимдин ишин кылып жан бакчу элем. Эми минтип кесел болуп калдым.

Колуңан иш келбесе – эч кимге керегиң жок экен. Оозума суу тамчылатар пенде жок. Өлүп калсам мени ким көрүп, ким көмөт деп коркуп атам! – деди.

Касымбай унчукпады. Унчукканда эмне дейт.

– Касым, балам, сен мага бир-эки жолу келип сууктук ичирип турасыңбы? – деп жалооруй сурады.

– Мейли! – деди Касымбай.

Ошондон кийин мектепке кетээрде бир, келгенден кийин бир келип, суу кайнатып берип жүрдү. Бир күнү сурады:

– Нуралы, аке, сиз кайнак суу эле ичесиз да, ушуга кантип чыдайсыз?

– Тузу жок нан болсо... Жемекмин! – деди Нуралы акырын шыбырагандай. Анан дагы бакырып ыйлап жиберди. Бар күчү менен кыйкыргандай болду.

Касымбай ошондо түшүндү. Бул үйдө оозго сала турган ныпым эч нерсе жок экендигин. Ошон үчүн үйдүн ичинде жорголоогон чычкандар да жок экен да.

– Апа, – деди Касымбай үйүнө жүгүрүп келип: "Нуралы аке тузу жок нан жейт экен. Нан жаап бересизби?".

– Оо каралдым ай, – деди Жээнгүл же кошунасына же баласына боор ооруп атканы түшүнүксүз. – Анын Саралада атасы менен бир тууган эжеси бар, ал да карып калды, ал да бир карып, буларга каралашпайт, ооругандан бери бир келип көрүүгө жараган жок. Сен каралашып тур, батасын аласың.

Ошол күнү апасы Нуралы акеңе деп кичинекей токоч жаап берди. Алып барды. Алып барса, нанды көрүп, көзүнө сүртүп, өөп, Касымбайга батасын берип, эми четинен чымчып, дак сууга сал дегендей ишарат кылды...

Бир күнү эле Касымбай мектептен келсе, апасы Нуралыны туугандары алып кеткенин айтты. Туугандары алып кеттиби, же ажал алып кеттиби,

Касымбай түшүнбөдү. Жүгүрүп жаман алачык тамынын астына барды. Тамдын эшигине эч ким кирбесин дегендей каршы-терши кылып шада кагып коюптур.

Там алдында Касымбай агасы Ыстамбай келип алып кеткенче ыйлап отурду...

Мына ушул баянды айтып аткан аксакал мындан сексен жылдай мурдагыны, тагыраагы, 1932-жылдыга ачарчылыкты эсине түшүрүп отурат. Мындан кыргыздар 11-12 жашар баланы кандайча тарбиялаганын көрөбүз: ал балага ачка жатса да мээрим менен караган, жашоого каниет кылган кошунасы Нуралы; оорулуу кишиге колунан келишинче каралашкан, ага суу кайнатып берген өспүрүм бала; өзүндө жок болсо да эптеп бир токоч бышырып берген эне; нанды көзүнө сүртүп, өөп аткан оорулуу, алсыз, ачка адам; улуу адамдын жаш балага бата бериши ж.б.

***Кара-Суу районунан Самат Бектемиров (1934-жылы туулган):*** Мен анда 7-8 жашта болсом керек эле. Кан күйгөн согуштун оор жылдары. Аталарыбыз майданга кетип, энелерибиз менен калганбыз. Атам урушка аттанар кезде жан алы калбай Өзбекстанга барып күнү-түнү иштеп бир кап буудай таап келди. «Ушуну оокат кылып кыштан чыгарсыңар» деп кетти. Апам чиедей төрт баласы менен калды. Талаадан машак теребиз, апам колхоздо иштейт, эптеп өлбө жаным өлбөлөп күн өткөрүп жаттык. Кыш да келди. Жей турган эгин түгөндү. Элде жапырт ачарчылык, бүт бардык жокто жокчулук, колхоз «Бардык эгин фронт үчүн» деп алып турат. Кимдир бирөөдө дандын кайсыл түрү – арпабы, буудайбы, жүгөрүбү, таруубу болсо болду, түнү тегирменге алып барат да, болгонун ун кылып келип, ошол эле түнү балдарын ойготуп, же ансыз эле ачкалыктан уктай албай жаткан балдарына элден жашырып, үйүнөн чыккан жыт түгүл, мордон чыккан түтүндү билгизбей, катырма жасап берет. Кап менен дан ташып, кап менен ун тартып келиш жоголду. Күндүз болсо балдарына ылайык гана өзөк жалгар суюк атала кылат. Адамдар бири-бирин аңдып, бири-бирин жек көрүп да калды.

Атам жерди чукуп, орочо кылып, ичин жакшынакай шыбап, бир кап буудайын төгүп, апама көрсөтүп кеткен экен. Биз билбейбиз.

Бир күнү эле таң атып-атпай апам кыйкырып калды:

– О наалаты! О балдардын ырысын талашкан ууру!

Биз баарыбыз ойгонуп, сыртка чуркап чыксак, апам чачтарын жулуп отуруптур. Оозу ачылган оро турат. Ичиндеги дандын бир бүдүрүн калтырбай алып кетиптир ууру.

Эл топтоло калды. Төрт бала өң-алеттен кетип, бири-бирибизди карай албай нес болуп турабыз. Туугандар кайрат айткан болушат. Ууруну каргап-шилейт. Мен болсо ушулардын бири эле ууру дедим. Тургандар да «уруу алыстан келмек беле, өзүбүздөн эле» дешти.

Бир убакта «топуңду тос» деди бирөө. Баш кийимди алып тосо койсом, бир ууч буудай таштады ал киши. Анан анысы-мунусу болуп отуруп, бир аз эгин берип кетишти.

Ошол окуя – ошондогу ууру жана адамдардын жакшылыгы эч эсимден кетпейт.

***Ноокат районунан Ибадат Тойчубаева (1943-жылы туулган):*** Апамдар мени 6 жашымдан уй саанганга, аны байытпай бышырганга, каймак кылып тартканга үйрөттү. Алты бир тууган элек, ар кимибизге жумушту бөлүп берчү: агам тоодон эки күндүн биринде отун алып келчү, отунга барбаган күнү талаадан тезек терчү; эки эжем апам менен бирге колхоздун тамекисинде иштешчү; мен сүт менен алекмин, кичүү иним менен карындашым эс кире элек болгондуктан аларды чоң энем карайт эле. Экөөнү ээрчитип алып, адырлардан гүл терип, жазында жаңы чыккан чырыч терип, күзүндө колхоз жыйнап кеткенден кийин калып калган алмаларды терип келип турушчу.

Ошентип, бирибиз да калбай иштейт элек. Мына ошол эмгекчилдигибиз менен баарыбыз үй-жай, короо-жай күттүк, малдуу болдук.

Мына ушундай улуу муундагы адамдар менен аңгемелешүү, алардын эскерүүлөрүн угуу – биздин изилдөөнүн аргументтүү болушуна шарт түздү. Ал аңгемелешүүлөр темабызга байланыштуу төмөнкүлөрдү көрсөттү:

– салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө кыз балдар 6-7 жашынан улуулардын көмөгү жок эле өзүнчө уй саап, суу алып келип, сүт тарткан;

– энелер кыздарына 8-9 жашынан тартып сайма сайганды, кийим жамаганды үйрөткөн;

– эркек балдар 12 жашынан өзү башка балдар менен кошо тоого барып, отун алып келип, үй-бүлөсүн отун менен камсыз кылууга жараган;

– кыз 9-12 жашынан өзүнө сеп камдаган: жууркан, жастык жасап, төшөк каптаган, чачык, туткуч, туз баштык ж.б. буюмдарды тиккен, жүн жана пахта тыткан, сайма сайган, жип ийриген, тери ашаткан, өрмөк соккон, Баткен жакта килем токууга башка кыздар менен бирге тартылган;

– кыздар да, балдар да 11-12 жашынан оорулуу жарандарга жардам берип, аларга каралашкан;

– кыздар 14-15 жашынан өзүнө, сиңдилерине көйнөк бычып, тиге алган;

– кыздар 8-9 жашынан тамак кылып, 14-15 жашынан дандырга нан жапкан;

– эркек балдар 6-7 жашынан мал кайтарып, мал асыроого каралашкан;

– кыздар да, балдар да 10-12 жашынан ата-энеси менен бирге колхоз-совхоз жумуштарына жардам берип, чоң күч болуп эсептелген ж.б.

***Студенттерге эскерүү-эссе жаздыруу.*** «Менин өмүрдө элдик таалим-тарбиянын мааниси өтө чоң. Анткени кичинемден чоң апам бизге көп нерселерди айтчу. Мисалы, мен кичирээк чакта айылда үйүбүз мүрзөлөргө жакын эле. Ошондо биз сөөмөйүбүз менен мүрзөнү көргөзсөк урушаар эле. Көрүстөндү көргөзбөйт, антсе, жаман болот деп. Ал эми караңгыда бирөө сүт сурап келсе берчү эмес же ай-жылдызга көрсөтпөй бир нерсеге ороп берчү. Эмнеге экенин сураганымда уйдун желини чочуп калат дечү. Дагы ушул

сыяктуу көп нерселерди айтчу, мисалы, баланы көп өппөгүлө уурту жарылат же таманынан өппөгүлө кийин чоңойгондо кайрымсыз болуп калат деп. Бешикти куру терметпе, бутуң менен эшикти теппе, жагыңды таянба – бул жесирликтин белгиси деп урушуп калар эле. Анда көп нерсеге маани бербесек керек, мен ишенчү эмесмин, бирок мен деле азыр карап көрсөм ошол сөздөрдүн баарын колдонот экенмин. Үйдө деле шыпыргыны тике койбойм, караңгыда тырмак албагыла дечү, аны да турмушумда колдоном. Анан апамдын эң эле көп айткан сөзү эркек баланы теппе дечү, башыңа эки жоолук же топу кийбе – эки эрге тийип каласың дечү. Эркек баланы теппе дегени бул тукумсуз болуп каласың дегени экен го көрсө.

Дагы ушул сыяктуу сөздөрдү апамдын айткандарынын баардыгын эле өзүм дагы колдонуп, башкага дагы андай кылба деп айтып келем. Эгер маанисин билсем чечмелеп берем, билбегенимди жөн гана «жаман болот» деп коём. Ошондой эле үйдө эркек кишиден биринчи тамакка кол созбойбуз, буга үй-бүлөбүз менен бардыгыбыз көнгөнбүз. Атам эшикте жүрсө да келгенче күтөбүз. Ошондой эле макалдар менен тарбиялачу апамдын көп айткан макалы: «Таш менен урганды – аш менен ур». Анткени бирөө сага жамандык кылса ага сен жакшылык гана жасап жүр дечү.

«Кишиге далыңды салып отурба», «жатып алып тамак жебе, шайтан кемпир үстүңдөн атап кетет» деп, «дасторконду атап өтпө», «караңгыда күзгүгө көрүнбө», «күзгүнүн бетин жаап кой» деген сыяктуу сөздөрдү азыр да өзүм колдонуп жүрөм. Анан дагы баланы уктатып жатканда айткан ырды дагы чоң апамдан үйрөнгөм.

Алдей, алдей, ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк.
Кунан койду сой бөбөк,
Куйругуна той бөбөк.
Атаң тойго кетти эле,

Чөнтөгү толгон эт келет.

Апаң тойго кетти эле,

Эмчеги толо сүт келет,

Алдей, алдей.

Бул ырды да колдонуп айтып жүрөм. Мен үчүн бул сөздөрдүн тарбиялык мааниси абдан чоң» *(Айпери Санамбай кызы, И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИнин студенти)*.

«Биз кичине кезибизде чоң энем көз тийбесин деп, чекебизге көө сүйкөп, же болбосо көз мончок тагып койчу, же көзүбүзгө тирсек чыкканда эки манжама кызыл жип байлап койчу. Анан да бала жаңы төрөлгөндө баланын моюну токтосун деп койдун моюнун таякка түз кылып тизишкен.

Мен кичине чагымда катуу коркуп чоң энем келип сөөмөйү менен оозумду үч жолу көтөрүп апаптап койчу. Колго сөөл чыкканда мүрзөгө барып куран окуп, анан ошол адамдын топурагын бет аарчыга кичине түйүп алып, анан үйдөн анын топурагын сөөл чыккан жерге сүйкөп койгон. Без чочуганда көө сүйкөп ырымдап койчу же эртең менен турганда мойнуң кооз болуп калганда эшикке чыгып сулуу адамга үч жолу жүгүнүп койсоң айыгып калат деген. Тишиң түшкөндө нанга кошуп «жаман тишимди сен ал, жакшы тишиңди мага бер» деп итке таштатчу. Баланын башына чач өспөй кыя болгон учурда баланын топусуна кичине жем салып эшекке жем беришет, анан ошол топуну жуубастан балага кийгизип ырымдашат» *(Элмира Уркасымова, И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИнин студенти)*.

Биз кичине кезибизде таяк таянып ойноп калсак чоң атам урушаар эле, «таяк таянба, аза күткөндө боз үйдүн түбүндө ошол адамдын жакындары таяк таянып өкүрүшөт» деп. Ал эми кээде «өхх» деп үшкүрүп калсак, чоң апам «көйнөгүңдү уй жегир, антип үшкүрбө» дечү. Ошондой эле караңгыда эшикке чыксак «башыңа бир нерсе кийип чык, жылаңбаш чыкпа» деген. Менин апам кечинде эшикке чыгып Ай тууганын көрүп үч жолу жүгүнүп, анан «Ай

жаңырыптыр, жалгасын» дээр эле. Бул ишенимди кармап мен деле өз турмушумда Ай жаңырганын көрсөм жүгүнүп коём.

Бир жолу байкем биздин үйгө келгенине көп узабай эле бетине жара чыгып кеткен. Чоң апаларым жети таш алып, аларда ошол жараларга тийгизип, «Жетинин бири кыдыр, дартыңа шыпаа болсун» деген сыяктуу сөздөрдү айтып жоолукка ороп билине таңып койгон. Үч күндөн кийин чечип көз тийгендигин айтты. Ошондой эле моюну токтой элек балага арналып союлган койдун моюн сөөгүн бири-биринен ажыратпай баланын моюну токтогонго чейин таякка илип коюшкан» *(Рахат Түнкатарова, И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИнин студенти)*.

«Бир жолу мен кичине кезимде катуу ооруп калдым. Чоң апам жети токоч сындырып этек-башыма тийгизип «сук-суктап» итке берген, ошону менен иттин сугу өтсүн деп чоң апам ырымдаган эле, ошондо кадимкидей жеңилдеп калгам. Чоң апам дайыма жатарда келме келтирип жаткыла деп үйрөткөн. Мен дайыма кечинде жатканда:

Жаттым тынч, жаздыгым кенч,

Тилим куран, тилегеним ыйман, – деп, келме келтирип уктайм.

Мурун бир жолу менин ээгимдин астына сөөл чыгып калган эле, ошондо жаңы союлган согумдун бөйрөгүнө чоң апам 40 шишти сайып илип койгон, кургагандан кийин кадимкидей кичирейип жоголуп кеткен.

Менин кичинекей сиңдим итий оорусу менен ооруганда чоң апам иттин өлгөн жерине алып барып, башы кургап калган жерге оонатып жаткырып ырымдаган жана эшекке баланын топусунан үч жолу жем бергенде балага кадимкидей таасир берген *(Нурайым Сагынбекова, И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИнин студенти)*.

Жогоруда студенттер жазган эскерүү-эсселерден биздин темага байланыштуу төмөнкүдөй материалдарды алдык:

Биринчиси, ата-энелер балдарын өздөрү ишенген жана өздөрүнө жакын элдик ишенимдер жана салттар менен тарбиялоого аракет кылат.

Экинчиси, балдар ата-энелери үйрөткөндөй элдик медицинанын каражаттарын, дарылоо, ырымдоо ыкмаларын азыркы күнгө (студент курагына) чейин колдонуп келет жана аларды кийинки муундарга да өткөрүп берүүгө даярдыгы бар экендигин көрсөтөт.

Үчүнчүдөн, азыр кээ бирлер элдик ырым-жырымдар, дарымдар деп четке сүрүп, жараксыз деп эсептеген көрүнүштөр эл арасында балдардын өтө жаш курагынан пайдаланылып келген.

Төртүнчүдөн, азыркы студенттер элдик ишенимдерге жана тыйымдарга кайдыгер эмес, бир убакта советтик учурда эскинин саркындысы деп карагандай карабайт жана алардын айрымдарын элдик билимдердин бир бөлүгү катары мугалимдик практикасында колдонууга даяр турушат.

Жогоруда биз көрсөткөн этнографиялык маалыматтар, этнопедагогикалык эмгектер, атактуу инсандар менен маектешүү, алардын эскерүүлөрүн пайдалануу, карыялар менен аңгемелешүүлөр, студенттердин эскерүү-эсселери ж.б. дагы башка көптөгөн материалдар биздин диссертациялык изилдөөбүзгө жардамчы булак болуп берди.

Мисал катары алынып, изилдөөдө көрсөтүлгөн маалыматтарды, идеяларды, ой-пикирлерди талдап, корутундулап төмөнкүдөй илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгардык.

1. Кыргыз элинин салттуу педагогикасында көп кылымдар бою көрүнүп келе жаткан үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары азыркы күндө да колдонулуп жүрөт.

2. Жогорудагы пикирлерге караганда салттуу үй-бүлөдө балдарды 4-5 жашынан эмгек кылууга (мал кароо, тамеки тизүү ж.б.) аралаштырган жана эмгектенүү аларды турмушка бышырган, эрктүү, кайраттуу болуп өсүүгө көнүктүргөн.

3. Балдардын адептүүлүгү, анын ичинде өзүнүн тууган-уругуна кызмат кылуу, ата-энесин сыйлоо, уруу аксакалдарынын сөзүн аткаруу биринчи орунда турган.

4. Эмгекке үйрөтүү, адепке тарбиялоо балдардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык этап-этап менен жүргүзүлгөн.

5. Салттуу үй-бүлө жана салт сакталбаган үй-бүлө аралашып жашаган азыркы XXI кылымда үй-бүлөдөгү байыртадан келе жаткан балдарды тарбиялоонун мазмуну, формасы жана каражаттары улам трансформацияланып, салттуу кыргыз үй-бүлөлөрү азыйып бара жаткандыгы сезилет ж.б.

## 2.2. Илимий изилдөөнүн методдору

***Изилдөөнүн объектиси*** байыртадан келе жаткан кыргыздардын салттуу деп аталган типтүү үй-бүлөлөрүндө балдарды жаш курагына карап тарбиялоо ишмердүүлүгү, ошол тарбиялоо процесси болсо, ***изилдөөнүн предметин*** жогорудагыдай салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө карата тарбиялоонун мазмуну, каражаттары жана ыкмалары түздү. Ошол изилдөөнүн объектисине жана предметине жараша диссертациялык ишти жазууда көптөгөн теориялык жана практикалык, эмпирикалык методдорду пайдаландык.

*Алар:*

– балдарды тарбиялоо багытындагы кыргыз элинин салттуу педагогикасын комплекстүү үйрөнүү;

– изилдөө проблемасы боюнча факт жана материалдарды тандоо, системага салуу жана жалпылоо;

– салттуу педагогикалык маданиятка, анын ичинде балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо боюнча педагогикалык, этнографиялык,

социологиялык, тарыхый, филологиялык адабияттарды логикалык-тарыхый жактан анализдөө;

– социалдык-педагогикалык методдор: байкоо; анкета; аңгемелешүү;

– окуу-методикалык колдонмолорду, мектеп документацияларын үйрөнүү;

– «талаа материалдарын» (респонденттердин) жыйноо жана аларды жалпылап иштеп чыгуу ж.б.

Изилдөөнүн методу бул эмгекти жазуудан алдын ала койгон божомолду аныктоонун, чындыкка жетүүнүн, күтүлгөн натыйжага ээ болуунун ыгы, усулу.

Илимий эмгектин методдору изилдөөнүн объектисинен жана предметинен келип чыгат, ал изилденүүчү объектинин методологиялык-теориялык негиздерин, тарыхый жана өнүгүү этаптарын, азыркы учурдагы абалын аныктоо менен андан келип чыгуучу жыйынтыктарын илимий негизде аргументтөөгө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Биздин изилдөө этнопедагогикалык багытта болгондуктан тандаган методдорубуз тарых, этнография, адабият, лингвистика, психология, маданияттаануу, социология, антропология илимдеринин изилдөө методдору менен жакын болот.

Изилдөөдө колдонулган методдордун бөлүнүштөрү төмөнкүдө берилди.

**Таблица 2.4. – Илимий изилдөөдө колдонулган негизги методдор жана алардан күтүлгөн жыйынтыктар**

| **Илимий изилдөөдө колдонулган негизги методдор жана жыйынтыктар** | |
|---|---|
| **Методдор** | **Алынган жыйынтыктар** |
| Этнографиялык материалдарды үйрөнүү жана жыйынтыктоо | Кыргыз элинин үрп-адаты, салты менен педагогикалык маданияты биримдикте каралды |
| Тарыхый материалдарды үйрөнүү | Элдин башынан өткөн тарыхый |

| | |
|---|---|
| жана жыйынтыктоо | окуялар, тарыхта жашаган инсандардын өмүр баяндары менен бышыкталды |
| Элдик оозеки чыгармаларды, төкмө акындардын чыгармаларын пайдалануу | Фольклордук чыгармалар, төкмөлөрдүн ырлары аркылуу алардын педагогикалык ойлору аныкталып, балдардын курак өзгөчөлүктөрүн кандайча баа бергенди тастыкталды |
| Темага байланыштуу илимий-теориялык (философия, педагогика, психология, этнография, адабияттаануу, этнопедагогика, лингвистика) эмгектер | Биздин айткан сунуштар, пикирлер, жалпы эле изилдөө үчүн теориялык-методологиялык таянычтар табылды, изилдөөнүн илимий базасы бекем жана аргументүү болду |
| Аксакалдар, карыялар менен аңгемелешүү | Теориялык ойлор турмуштан алынган мисалдар менен, жеке адамдардын тагдыр-таржымалы менен бекемделди |
| Студенттерге эскерүү-эсселерин жаздыруу | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү тажрыйбалардын азыркы жаштарга тийгизип жаткан таасири такталды |

Метод туура табылбаса, күтүлгөн жыйынтык туура алынбайт, ошондуктан анын базасын методология түзөт. Метод объективдүү чындыкты таанып билүүнүн жолдору жана ыкмалары. Аларды педагогика илимин теориялык багытта изилдөөчүлөр үчкө бөлүп жүрөт:

1. Теориялык изилдөөлөр методу.

2. Педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү методу.

3. Математикалык-статистикалык методдор.

Мындан башка бөлүштүрүү да кездешет:

Ошондуктан этнопедагогикалык изилдөөлөрдө төмөнкүдөй методдор көп пайдаланылат:

1. Жалпы логикалык методдор: анализ; синтез; жалпылоо; жекелештирүү же бөлүп кароо; салыштыруу; ассоцациялоо; моделдөө; долборлоо ж.б.

2. Жалпы илимий методдор: темага жакын илимий эмгектерди талдоо жана керектүүлөрүн ылгап алуу; байкоо; темага байланыштуу элдик тажрыйбаларды үйрөнүү, жыйынтыктоо жана жалпылоо; педагогикалык тажрыйба, б.а. ж.б.

3. Тарыхый-салыштырма методдор: салыштырма-тарыхый анализ.

4. Генетикалык методдор: изилденип жаткан окуучулардын тегин, генин изилдөө.

5. Структуралык методдор: изилденүүчү элементтердин жалпы курам менен байланышын аныктоо.

6. Социологиялык методдор: анкеттөө; оозеки сурамжылоо; маектешүү ж.б.

Эми алардын айрым учурларына токтолуп кетебиз.

*Теориялык изилдөөлөр методу* төмөнкүлөр менен байланышат:

*1. Методологиялык негиздерин үйрөнүү методу.* Бул метод биздин изилдөөдө эмгегибизди эң биринчи таанып билүү, аң-сезим тууралуу философия, анын бир тарамы болгон эстетика менен байланыштырат. Ошондой эле этнография, социология, лингвистика, фольклористика, адабият таануу илимдеринин табылгаларын өз ойлорубузду так, туура аныктоо үчүн пайдаландык. Бул методдо кайсыл эмгектердин кайсыл учурларын, кайсыл окумуштууларын кандай эмгектерин пайдалангандыгыбыз тууралуу изилдөөнүн биринчи главасында (1.4) кеңири чагылдырып бергенбиз.

*2. Этнографиялык изилдөөлөрдү үйрөнүү, жалпылоо жана жыйынтыктоо методу.*

Кыргыз элинин турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, үрп-адаттары көптөгөн жылдар бою атайын этнографиялык изилдөөлөрдүн объекти болуп келген. Бул багытта өзгөчө XIX кылымда жана XX кылымдын биринчи жарымында Батыш

өлкөлөрүнөн (В.В. Радлов, Г. Алмаши ж.б.) жана Борбордук Орусиядан келген (С.М. Абрамзон, Х.А. Аргынбаев, А.Н. Бернштам, К.Л. Задыхина, Г.П. Снесарев, А. Калыш, Н.А. Кисляков, О.А. Сухарева, Н.П. Лобачева, Л.А. Фирштейн ж.б.) келген этнографтар, орусиялык географ-саякатчылар (С. Тянь-Шанский, М. Пржевальский, Ч. Валиханов ж.б.) кыргыздардын бала тарбиялоо салттары тууралуу ар түрдүү маалыматтарды жазып калтырган. Алардын кыргыз балдарын жаш курактарына жараша кантип тарбия беришкендиги биздин изилдөөдө бир метод катары пайдаланылды. Бул жагынан кыргыз этнографтары (К. Мамбеталиева, А. Асанканов, С. Кайыпов, А. Мурзахметов, А.С. Кочкунов, Д.Т. Молдокулова ж.б.) салттуулук жана анын кыргыз үй-бүлөсүндө сакталышы, балдарды тарбиялоодогу курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу тенденциялары тууралуу маалыматтарды топтогон, алардын ошол маалыматтарын үйрөнүү, иштеп чыгуу, жалпылоо жана жыйынтыктоо да биздин изилдөөлөрдүн бир методуна айланды.

*3. Фольклордук жана элдик төкмөлөрдүн чыгармачылыгын үйрөнүү, аларды жалпылоо жана жыйынтыктоо методу.*

Эл ичинде балдардын курагына жараша психологиялык жана жүрүш-туруш, мүнөз өзгөчөлүктөрү тууралуу көптөгөн чыгармалар калк ичинде айтылып келген, аларда элдин педагогикалык түшүнүктөрү да тарбиялоо идеялары катары берилген. Бул жактан биз «Манас» эпосу баш болгон дастандарды карадык, Т. Сатылганов, Жеңижок, Барпы Алыкулов, Эсенаман, Алымкул, Осмонкул ж.б. элдик ырчылар адам курагын туулгандан өлгөнгө чейин ырга салган. Алардын балалык, карылык тууралуу ырлары философиялык-педагогикалык мааниде эл ичине тараган. Барпы Алыкулов атүгүл «Адамзаттын балдары» деген ырында баланын төрөлгөнгө чейинки абалын да мындай ырдайт:

Адамзаттын баласы,
Кырк күндө кызыл кан болот.
Үч ай, үч күн болгондо,

Энеңдин ичи дам болот.

Төрт айда бадан дан бүтөт,

Беш айга кадам койгондо,

Эт тарткандай жан бүтөт.

Алты айда анык билинет,

Тогуз ай, тогуз күн,

Тогуз саатта,

Жер жүзүгө түшөт [46, 45].

Элдик төкмөлөр эл ичинен чыккан психологдор, педагогдор, философтор, физиологдор болгон, ошону үчүн алар адамдын кайсыл курагында кандай белгилери менен инсандык сапаттары кандайча калыптанарын эволюциялык планда көрсөтүп берет. Ошондуктан алардын ырларындагы балдардын жаш курагына байланыштуу педагогикалык ойлорун өз изилдөөнүн бир методу катары карадык.

4. *Этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык эмгектерди үйрөнүү методу* этнопедагогиканын теориясы жана тарыхы боюнча эмгектер үчүн аябай зарыл метод. Окумуштуулар, анын ичинде кыргыз окумуштуулары кыргыз улутунун балдарын курагы боюнча өнүгүү жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бир топ аспектиден карап чыгып, ошол өзгөчөлүктөрдүн багытын, жолун аныктап берген. Алар салттуу үй-бүлөдөгү балдардын психикалык өнүгүшүнө жана тарбия алышына илимий баа берген, биз алардын ошол изилдөө эмгектери аркылуу да жалпы абалды аныктап билүүгө мүмкүнчүлүк алдык.

5. *Нормативдик документтерди үйрөнүү методу.* Эмгегибизде теориялык методдордун бири катары билим берүү уюмдарынын нормативдик документтери (окуу пландары, окуу программалары, окуу китептери, окуу колдонмолору, сабактардын пландары, мугалимдердин тарбиялык сабактарынын иш пландары ж.б.) ар тараптуу анализденип, жыйынтыкталды.

*6.* Илимий изилдөөнүн дагы бир методу – *аксакалдар менен алардын бала чагында кандай тарбиялангандыгы тууралуу аңгемелешүү.* Мындай маалыматка ээ адамдар улам арабыздан суюлуп бара жатканы менен али да болсо кездешет. Касымбай Жолдошов, Ибадат Тойчубаева, Самат Бектемиров ж.б. информаторлор бизге кайсыл куракта кандай окуяларды башынан өткөргөнүн жана кайсыл окуялар жана кишилер эсинен чыкпай калгандыгын, ошондо алар кайсыл жашта болгондугун айтып берди.

*7. Студенттерге эскерүү-эссе* жаздыруу методу азыркы жогорку окуу жайларында окуп жаткан жана болочокто мугалим болуучу жаштардын элдик тарбиялык салттарды, ишенимдерди, тыйымдарды кандайча билерин жана өз турмушунда кандай колдонуларын аныктоо максатында жүргүзүлдү.

*8.* Кыргыз эл педагогикасындагы балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын башка элдердин ушундай багыттагы изилдөөлөрү менен *салыштырма-типологиялык анализдөө методу.*

*9. «Талаа материалдарын» жыйноо,* б.а., айылдарга чыгып, тема боюнча ар түрдүү адамдар менен жолугуп, алардын айткандарын видео, аудио форматында жазып алып, сактоо жана аларды илимий иште пайдалануу.

*10. Окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө***.** Бул багытта жүздөн ашык окуучуга алардын курагына жараша үйдө кандай мамиле кыла тургандыгын билүү максатында «Менин үй-бүлөмдө мага кылган мамиле», «Ата-энемдин ага-инилериме (эже-сиңдилериме) берген тарбиясы» дегендей темаларда ой толгоолор жазылып, аларды талкуулоо.

*11. Анкеттөө методу.* Ар кандай эле изилдөөлөрдө кеңири колдонулган бул методдор аркылуу көптөгөн сурамжылоолор жүргүзүлүп, алардын жооптору алынып, жыйынтыкталды. Анкеттөө методун биз окуучуларга гана эмес, мугалимдерге жана ата-энелерге да колдондук.

*12. Байкоо методу* – бул универсалдуу метод болуп, ар дайым колдонулат, анда төмөнкүлөр байкалды: кайсыл үй-бүлөлөрдө балдарды

курагына жараша кандай тарбиялык каражаттар колдонулат; кайсыл үй-бүлөлөрдө балдардын курагына жараша тарбиялоонун принциптери, педагогикалык шарттары сакталбайт; ата-энелер кыздарга кандай тарбиялык ыкмаларды колдонот да, эркек балдарга кандай ыкмаларды колдонот ж.б.

*13. Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методу* бул биздин изилдөө үчүн өзгөчө керектүү метод. Кыргыз эл педагогикасындагы балдарды жаш курагына жараша тарбиялоонун салттары азыркы педагогикалык процессте кандайча колдонулуп келгендигин Лейлектик мугалим Гапыр Мадеминовдун, Талас районундагы Касымбек Нанаев атындагы «Арал» орто мектебинен мугалими Бектур Исаковдун, Кара-Кулжа районунан Мамади Байымбетовдун ж.б. мугалимдердин, тарбиячылардын тажрыйбалары үйрөнүлдү жана эмгекке алардын жыйынтыктарын киргизүүгө аракет кылдык.

## 2.3. Кыргыз элинин педагогикалык маданиятында үй-бүлөдө балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо процессинин мазмуну, өзгөчөлүгү жана чен-өлчөмдөрү

Тарбиялоодо жана элдик эмпирикалык билим берүүдө улуттук салт катары балдардын жаш курагы өзгөчө маанилүү болгон. Ар бир доордо кичинекейлерди тарбиялоо улуулардын милдети катары кабыл алынган. Кыргыздардын салттык турмушунда «Бешик баласы беш түлөйт» ар бир куррактык баскыч коомдук социалдык милдетттер менен аныкталгандыктан балдардын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө такай баам салып, алардын негизинде топтолгон көз караштарды, тажрыйбаларды ыраатуу билим таризинде белгилүү талап жана чен өлчөмдөрдү иштеп чыгышкан. «Бешик баласы беш түлөйт» деген макал балдар тынымсыз өнүгүү, өзгөрүү абалында болоору тууралуу элдик педагогикалык көз караштын көрсөткүчү.

Кыргыз тилиндеги *«там-туң баскан бала», «тили чыккан бала», «жүгүрүп жүргөн бала», «жаны жай албаган» кыймылдуулук, «чаң-тополоңдуулук» «өзүн өзү эптеп», «анча-мынча ишке жарап калган» «кол арага жарап калган бала», «орок оргонго», «мал бакканга жарап калган бала», «токтолгон курак» сыяктуу мүнөздөмөлөр* балдардын курактык эмгек аркылуу элге аралашып социалдашуусунун өзгөчөлүктөрүндөгү өзгөрүүлөрдүн сыпаттамасы болгон.

Азыркы Баткен областынын Лейлек районунун көп айылдарында узак жылдардан бери килем согуу (токуу) өнөрү бар, килемдери менен аты даңаза болгон үй-бүлөлөр, энелер эл тарабынан өтө даңкталат. Килем токуу өнөрү же искусствосу баарына эле бериле бербейт, аны өздөштүрүү үчүн табигый шык-жөндөм, чымыркангын эмгек керек болот. Атайын «килемчи кыздар» деп төрт-беш кыз бир топ түзүп, элден буйрутма алып, жумалап, кээде айлап башка айылдарга чыгып, килем согуп кетет. Килем сого турган жерди тандоодон, күндүн жана жарыктын тийишин аныктоодон тартып, килем үчүн койдун жүнүн ылгоо, боёктордун гармониясын аныктоо, оюм-чийимдин эстетикалык баалуулугун эске алуу ж.б. чыгармачылык ишмердүүлүктү чоң кыз-келиндер бой жете баштаган сиңдилерине үйрөтүп келген. Алар адегенде эле килем токуй баштаган эмес, казан кармай турган туткуч, куржун, аяк кап, кайчы кап, күзгү кап, баштык, жапсар, жайнамаз ж.б. буюм-тайымдарды, ат жабдыктарын таар жана килем ыкмасында согуп, колун жатыктырган. Бул үйрөнүү процесси эмгекке бышуу, иш кылганга көнүү менен байланышат. Бара-бара кыздар өзүнчө килем көчөттөрүн ойлоп табат, жиптерди тандайт, ошол кезде өз себин өзү камдайт. Чоң энелер менен апалар, эжелер кыздарды өз себин өзү камдоого көнүктүрөт. Бул болсо кыздарды эрте жашынан үйрөтүү менен байланышат. Ийне саптай албаган кыздарды эл шылдың кылгандыктан, кыздарды 4-5 жашынан эле чоң энелери ийне саптоо жумуштарына тартат. Алар көзүнүн курчу кете баштаган чоң энелеринин, таянелердин жанында отуруп, алардын

ийнелерин саптап берген, тигип жаткан буюмдарын ар жак-бул жагынан кармалашкан.

Кыз бойго жете баштаганда энелери аларды мындайча тарбиялайт: «кайын эне, кайын атаңды өз ата-энеңдей сыйла, биз сага таарынбайбыз, алар таарынат, ошону эске ал; күйөөңдүн бир туугандары ага турмушка чыккан соң сенин да бир туугандарың болот; көпчүлүктүн көзүнчө күйөөңдү кагып силкпе, башкарба, жемелебе; барган жердеги улуу кишилердин насааттарын угуп, аларды аткар, мурда билбеген адамдардын мүнөздөрүн үйрөн, ошого ылайык мамиле кыл; күйөөң жакшы мамиледе болгон кишилер менен сен да жакшы мамиледе бол; бирөөлөрдүн күйөөң тууралуу айткан сөздөрүн жана күйөөңдүн бирөөлөр тууралуу айткандарын бири-бирине ташыба; жаңы барган жерде эрте туруп, өз милдетиңди аткар; даамдуу тамак жаса; үй ичин таза карма; кир жууганды өз убагында аткар; колуңдан келсе үй-бүлө мүчөлөрүнүн баарына жардам бер; жаңы барган жериңден биздин үйгө эч нерсе ташынба, биз кудайга шүгүр, өз оокатыбыз өзүбүзгө жеткен кишилербиз; бизге сөз да ташыба; балалуу болгонго чейин жалгыз да келбе, күйөөңдү, же кайын эне, кайын сиңдилериңди ээрчите кел; балаңды үй-бүлөң менен жакын кыл, алар каралашса, кармалашса, сен балаңды алардан кызганба; жүк жыйганды, тамак кылганды, уй сааганды, сүт азыктарын жасаганды ж.б. керектүү иштерди биздин үйдөн үйрөнүп кет» [112, 78-б.].

Мындай насааттарда азыркы дүйнөлүк классикалык педагогика ойлоп тапкан тарбиялоонун көптөгөн түрлөрү сунушталат, алар: адеп тарбиясы; эстетикалык тарбия; дене тарбиясы; акыл-эс тарбиясы; эмгек тарбиясы. Бул тарбиялар жалпы адамзаттык гуманисттик тарбия менен синтезделет. Кыргыздар кыз баланын туура тарбия алышы анын адебинде, улууга урмат, кичүүгө ызат менен карагандыгында деп, барган үй-бүлөсүндө кызмат кылышына өзгөчө басым жасаган. Элдин жашоо турмушунда оокат-тиричилиги өтө оор болуп, келин бардык ишти кол менен жасаган, ошонун ичинде мал

чарбачылыгына да каралашкан, үйгө же тууган-уруктарга меймандар көп келгендиктен аларды сыйлоо, тамак-аш кылуу да келиндин милдети болгон. Ошондуктан салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө кыз баланы 9 жашында балакатка жетти деп, күйөөгө берүүгө, башка үйгө бүлө болууга катуу даярдаган. «Септүү болгончо, эптүү бол» деп кызды болочок үй-бүлөгө барууга психологиялык жактан да, турмуш-тиричилик жактан да, адеп-ахлак жагынан да даярдаган. Аны даярдоо милдетин биринчи кезекте энеси, анан жеңелери, эжелери алган. Кокус барган жагынан уят болуп калса, жоопттуулук ошол тарбиячыларга түшкөн.

«Манас» эпосунда эпикалык баатырдын жаш курак жактан жетилиши этап-этап менен көрсөтүлөт.

Күндөн, күндөн күн өтүп,
Күн мезгили келиптир.
Айдан, айдан ай өтүп
Ай мезгили келиптир.
Ошол кезде эр Манас,
Жетиге жашы толуптур.
Мунун коюлган аты Чоң Жинди,
Болкойгон жапжаш баланын,
Шер экенин ким билди.
Балача чуркап шашкан жок,
Бешке чыга келгенче,
Берениң Манас баскан жок [104].

Алгачкы төрт сапта кыргыздардын мезгил жана мейкиндик, жашоонун түбөлүктүүлүгү, күн көбөйүп, айды түзүп, ай көбөйүп жылды түзөрү тууралуу философиялык ойлор айтылат. Дал ушул ойлордо адамдын курагы, анын жетилиши жөнүндө ой жүгүртүлөт. Манас баладан башка баатырдыгы билинип төрөлгөнү менен бешке чейин чуркап баспай, билинбей жүрдү. Анын туулган

кезинде Жусуп Мамайдын вариантында жентек той тараганда баланы жакшылап карашса, оң колунда «Манас» деген жазуу жазылып турган болот. Ал эми душман тарап кыргыздардын ичинде Манастын тууларын билип, аны аңдып жүргөн болот, ошол жазууну окуп Акбалта деген абасы анын атын «Чоң жинди» деп элге жарыя кылат угузуп ийет, ошондо баланын колундагы «Манас» деген жазуу өзүнөн өзү жок болуп кетет [103, 562-б.].

Бул анын беш жашка чейинки курагы болуп, бул мезгилде анын активдүүлүгү байкалбайт. С. Каралаевдин вариантында:

Сегизге жашы келгенде,
Күйүп турган чок болду.
Күлдү кыргыз ичинде,
Мындай тентек жок болду.
Каары келип кармаса,
Чыңырып балдар чыркырайт.
Катуулукка чыдабай,
Көзүнүн жашы буркурайт.
Кырк баланы кырк үйдөн,
Манас бир күнү жыйнап алыптыр [104].

Баатыр болор баланын өзгөчө сапаттары сегиз жаш курагынан билинет (В.В. Радлов жазып алган варинтта жети жашынан). Бул мүнөздүк жана жеке сапаттык өзгөчөлүктөр төмөнкүлөр:

– күйүп турган чок болушу;
– ашыкча тентектиги;
– өз ысымын билбеши;
– каары келип балдарды кармап чыңыртышы;
– кырк баланы топтоп жолдош кылышы;

– кырк бала менен талаада ойноп жүрүшсө, сексен калмак бала келип, тийишкен кезде, Манастын он эки калмак баланы жыга чаап өлтүрүшү;

– качкан калмактарды кууп бара жатканда атасы Жакыптын жолугуп, уулуна жини келип кайтарып алып келиши.

Мына ушул «Манаска» элдик идеалдар сиңдирилип, Манастын курактык жактан өсүшү баатыр болор баланын өсүшү катары берилген. Баатырдык эпостордун каармандары Семетей, Сейтек, Курманбек, Эр Табылды, Жаныш-Байыш ж.б. жигиттер да он-он эки жашынан жетилип, элдин оор жүгүн алып эл коргоого даяр болот.

«Семетей» эпосунда Семетей эли-жеринен бешикте кетип, таятасынын журтунда жүрөт. «Балапан жүнү ***ката элек, балтыр*** эти толо ***элек»*** Семетейдин жетим аталып жер көз болуп өсүп калбашынан чочуган парасаттуу Каныкей өзү энеси эмес, жесир эжеси катары таанытып нарктуу баатыр иниси Ысмайылдын уулу катары «канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай» эркин азат өстүрөт. Семетей эркин азат чоңойгондо гана андан атасынын жолун улаган баатыр чыгаарына ынганган чоң энеси Чыйырды да сагынычын ичине катып сырды бекем сактайт. Он эки жашка мүчөл жашка толойун деп турганда гана эр жигиттик милдетин аткарууга даярдоого атайылап камкордук көрө башташат.

Ж. Каденова «Бала Манастын мекенчил инсан катары калыптанышына таасир эткен факторлор катары биринчи кезекте ошол учурдагы күнкор элдин абалы, мекенсиздик фактору; экинчиси, кыргыз элинин байыртадан келе жаткан баатырдык тууралуу идеалы, өрнөктүү адамдардын үлгүсүндө өстүрүү салты; үчүнчүдөн, балдарды тарбиялоодо карылардын, улуулардын милдети өзгөчө феномен экендигин» белгилеп, «бала Манастын патриот жана лидер болуп тарбияланышында, элдик тарбия рухун дилине сиңдиришинде Чыйырды, Ошпур, Акбалта, Бакай, Кошой, Жамгырчы сыяктуу каармандарынын ар биринин жеке таасири» тийгенин көрсөтүп келип, Манастын жетилген инсан, патриот болуп калыптануу процессинин моделин төмөнкүдөй түзөт [75, 11]:

**Таблица 2.5. – Манастын жетилген инсан, патриот болуп калыптануу процессинин модели (Ж. Каденованын варианты)**

| № | | |
|---|---|---|
| 1 | **Манасты тарбиялоонун Максаты** | ар тараптуу жетилген, мекенчил, элди боштондукка чыгара алуучу, кыргыз мамлекетин түзүүчү жана анын кадыр-баркын көтөрүүчү инсанды тарбиялоо |
| 2 | **Манасты тарбиялоонун Мазмуну** | улуттук салттар, адаттар, элдик педагогика аркылуу манастын акыл-эсин, адамгерчиликтүүлүгүн, коозду кту түшүнүүсүн, дене-бой жана ден соолук жактан чың болушун, эмгекчилдигин, мүнөз-эркин, мамлекетти, элди башкара алуу, лидерлик ж.б. сапаттарын калыптандыруу. |
| 3 | **Манасты тарбиялоонун Объектиси** | бала манас |
| 4 | **Манасты тарбиялоонун каражаттары** | жаратылыш, турмуш-тиричилик, оюндар, эне тил, баарлашуу, салт, эмгек, дин, өнөр, өрнөк-үлгүлөр |
| 5 | **Манасты тарбиялоонун усулдары (методдору)** | аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү, каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу ж.б.), кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө ж.б. |
| 6 | **Манасты тарбиялоонун түрлөрү** | аскердик машыгуулар, элдик оюндар, элдик майрамдар, тойлор, эмгек процесстери, салбурунга чыгуу ж.б. |
| 7 | **Манасты тарбиялоочу жайлар** | үй-бүлө, уруу, коом, эл |
| 8. | **Манасты тарбиялоочулар** | ата-эне, тууган-уруктар, аксакалдар, байбичелер, элдик акылмандар, жоокерлер, кол башчылар, өнөрпоздор ж.б. |
| **Натыйжасы: мекенчил, баатыр, айкөл Манасты жетилдирүү** | | |

«Манас» эпосунда Манастын уулу Семетей эли-жеринен бешикте кетип, таятасынын журтунда жүрөт. Анын ата-тегин, эл-жерин издеп Таласка келчү мезгили он эки жашы болуупа тийиш. Демек, бала он экисинде ички душмандар менен кармашууга, атасы Манастын, апасы Каныкейдин өчүн алууга даяр болот. Анын ошол куракка келгенин Бакай мындайча санап берет:

Токтой тургун кулунум,
Эми күн эсебин алайын,
Күндү катка салайын.
Жыл эсебин алайын,
Эми жылды катка салайын.
Ал эле – чычкан, ал эле – уй,
Ал эле – жылкы, а да – барс,
Ал эле – коён, ал – жылан,
Ал эле – тоок, ал – улуу,
Ал эле – мечин, а да – кой,
Ал эле – доңуз, ал эле – ит,
Айкөлдөн калган кулунум,
Өлбөй жүрсө Семетей
Быйыл он экиге толгон кез [161].

Кыргыз эпикалык дастандарында жигиттин жетилиши сегизден он эки жашка чейинки куракта деп каралган. Бул илимий жактан психологиянын, физиологиянын, медицинанын тыянактарына да, ислам дининин окууларына да ылайык келет.

*Кыргыз элинин этикалык маданиятында үй-бүлөдө балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо процессинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү:*

– ата-энелердин балага жакшы ат коюш парзы;

– эркек балдарды атасынын сүннөткө отургузуусу;

– уландарды беш жашка келгенде өзүнчө тайга мингизүү;

– улуулардын кичүүлөргө баш-көз болушу;

– улуу кыздардын кичүүлөрүнө кол өнөрчүлүк, тигүүчүлөр, адамдарды ызаттоо маданиятын үйрөтүүсү;

– улуулардын кичүүлөрдү атайын ызаттоо сөздөрүнүн болушу: «күчүгүм», «козум», «улагым», «берекем», «көлөкөм», «медерим» ж.б.

– ушундай эле ызаттоо сөздөрү жашы кичүүлөр тарабынан жашы улууларга «эжекем», «абакем» ж.б. деп айтылып жүрүшү ж.б.

Кыргыз элинин этикалык маданиятында үй-бүлөдө балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоо процессинин чен-өлчөмдөрү:

– улуу балдардын кичүүлөргө өрнөк боло алышы, башкаларга үлгү боло алуу деңгээлине жетиши;

– үй-бүлөдөгү ата-энелердин, бир туугандардын мурда топтогон кадыр-баркын, зоболосун сактап калуу, аларды уят кылбоо даражасына көтөрүлүүсү;

– ар бир курактын өзүнүн бөтөнчөлүктөрүн (физологиялык, психологиялык) сактай билиши жана кийинки куракка өткөрүлүп берилиши ж.б.

**Таблица 2.6. – Айрым жаш курагына карата салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү жана азыркы үй-бүлөлөрдөгү балдардын өнүгүүсү, ишмердүүлүгү**

| Жаш курак | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө баланын өнүгүүсү, ишмердүүлүгү | Азыркы кыргыз үй-бүлөсүндөгү (айыл жеринде) баланын өнүгүүсү, ишмердүүлүгү | Азыркы кыргыз үй-бүлөсүндөгү (шаар жеринде) баланын өнүгүүсү, ишмердүүлүгү |
|---|---|---|---|
| 1-2 жаш | эмчек издеп эмет; апасын тааныйт; | эмчек издеп эмет; апасын тааныйт; | эмчек издеп эмет; апасын тааныйт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чакырганды билет;<br>күлөт;<br>эмгектейт;<br>үн чыккан жакты сезет;<br>басат. | чакырганды билет;<br>күлөт;<br>эмгектейт;<br>үн чыккан жакты сезет;<br>басат. | чакырганды билет;<br>күлөт;<br>эмгектейт;<br>үн чыккан жакты сезет;<br>басат. |
| 5 жаш | тили ширин болуп сүйлөйт;<br>ар түрдүү суроолорду көп берет;<br>оюнчуктарды талашып алып ойнойт;<br>ата-энеси ээрчийт, алардын көтөрүүсүн суранат ж.б. | тили ширин болуп сүйлөйт;<br>ар түрдүү суроолорду көп берет;<br>оюнчуктарды талашып алып ойнойт;<br>ата-энеси ээрчийт, алардын көтөрүүсүн суранат ж.б. | тили ширин болуп сүйлөйт;<br>ар түрдүү суроолорду көп берет;<br>оюнчуктарды талашып алып ойнойт;<br>ата-энеси ээрчийт, алардын көтөрүүсүн суранат ж.б. |
| 7 жаш | суроолору өтө көбөйөт; бир орунда турбайт; кой десе көнбөй тентектик кылат;<br>өзүнөн кичүү бир туугандарына каралаша баштайт ж.б. | ата-энелерине кошулуп мал каралашууга кол кабыш кылат;<br>кошуна-колоңго жумшаганда барып келет;<br>оюнга тойбогон кез болот ж.б. | кыздар энелерине идиш-аяк жууганда н жардам берет;<br>чөнтөк телефондон айрым материалдарды өзү таап алат;<br>жакын дүкөнгө барып-келет ж.б. |
| 12 жаш | уландар эр жетет; балдар ат минип алыс-жакын жолго чыгат; жоого каршы беттештерге катышат; кыздар өрмөк өрүп, сайма сайып, өздөрүнө сеп даярдоого киришет; | эркек балдар мал кароо, короо тазалоо, бак тигүү ж.б. чарбалык жумуштарды өз алдынча бүтүрөт; малдын бооз-кысырын, ургаачы-эркегин, өңү-түсүн, жашын ажыратат;<br>ашка-тойго чакырыкчы кылып | жакынкы жердеги дүкөндөргө барып келет; өзүнөн кичүүлөрдү мектептен, бакчадан алып келе алат; кыздар энесине тамак кылууга жардам берип калат; кир жууган машинканы, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бул куракта жакын тууган-уругун ажырата билет ж.б. | жиберүүгө жарайт; ат минип мал кайтарат; үйгө суу алып келет; эгин-тегинде өзү сугарууга өтөт ж.б. | муздаткычты пайдалана билет; үй тазалоого жардамдашат ж.б. |
| 16 жаш | айрым кыздар турмушка чыгат; жигиттер толук жетилип, улуттук оюндарда өз алдынча күч сынашат; кыздар өзүнчө кийим тигүү, токуу менен алектенет; кыздар да, уландар да тамак даярдоого кадимкидей катышат ж.б. | кыздар өз себин даярдап бүтүп калат; кыздар уяң тартып, көчөгө көп чыкпай калат; уландар бой жетип, кыз жандай баштайт; балдар да, кыздар да үй тиричилигинин көп иштерин бүтүрөт; уландар мал кароо, чөп чабуу, эгин сугаруу сыяктуу жамаштарды ата-эненин жардамысыз эле аткарып калат ж.б. | кыздар да, уландар да жактырган адамдарды сынай карайт жана сүйүүсү анчалык туруктуу мүнөзгө ээ болбойт; өздөрүн көтөрүп, башкаларды теңсинбей калат; бой көтөрүүчүлүк жана өзүн баарынан жогору коюучулук сапаттары жогорулайт ж.б. |

Жогоруда көрсөтүлгөн кээ бир жаш курагына карата салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү жана азыркы үй-бүлөлөрдөгү (шаардык, айылдык) балдардын өнүгүүсү, ишмердүүлүгү биздин көптөгөн изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгынан келип чыкты.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун жолдору, ыкмалары, каражаттары жана тарбиячылардын, мугалимдердин ишмердүүлүктөрүнүн негизги багыттары аныкталды.

**Таблица 2.7. – Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоонун айрым ыкмалары жана жолдору (7-8 жаш)**

| **Курак өзгөчөлүктүн түрлөрү** | **Өзгөчөлүктөр** | **Ата-энелердин ж.б. Тарбиячылардын иш-** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| | | **аракеттери** |
| **Дене-бою (физический)** | Кыймылдуу келгенден үйгө турбай, ойноп, боюн өстүрөт; колдоруна бир аз күч топтоло баштайт; тез чарчап, тез-тез дем алат, болбой эле кайра туруп ойноп кирет; козу-улак менен жарышып, алар менен күрөшүп, жеңип алат ж.б. | Кыймылуу оюндарды ойнотот; козу-улактар менен бир коёт, алар менен алышып-күрөшүп жүрө берет; кол күрөштүрөт; манжа оюндарын ойнотот; өз убагында уктатат жана сүт азыктары менен тамактандырат; колу-бутун укалап турат ж.б. |
| **Акыл-эс (интеллектуалдык)** | Эске тутуусу анча бекем болбойт; чоң ата-чоң энелеринин жанын койбой суроолорду берет жана алардын айткандары туура деп эсептейт; жомокторго, уламыштарга ишенет; баатыр, балбан болууну кыяланат жана элестетет; бирөөлөрдөн уккандарын жаттап алат ж.б. | Жомок, уламыш айтып беришет; табышмак таптырат; жаңылмач айттырат; көп сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт; элдик ырларды кулаганы куюп жаттатат; суроолоруна канааттандыра жооп берет; ж.б. |
| **Эмоционалдык (сезимдери)** | Ата-энелерине баа берет; үлгү болчу адамдарды жакшы көрөт; сезимин башкара албай ачууланган, кыжырданган учуру көп болот; улуу бир туугандарына жардам бергиси келет, алар урушса таарынат, же ата-энесине даттанат ж.б. | Баланы макташкан; туура эмес жактарын урушпай көрсөтүп берген; жакшы жагын мактаган, кубаттаган; баланы эркелеткен, маңдайынан сылаган; балага колдоо көрсөткөн ж.б. |
| **Социалдык (айлана, чөйрө, коом)** | Кошуналар менен ойногонду жактырат жана алардын ичинен өз ордун тапкысы келет; өзүнө жакын дос издейт, досу менен мактанат; балдар арасында өзүнө ишенет; эмгектене баштайт жана анысы менен мактанат; | Баланы чоң ата-чоң энелерди ээрчитип жүрүп, эл менен тааныштырат; манасчылардын, акындардын, комузчулардын алдына алып барат; достору менен бирге ойноого, чогуу тамактанууга чакырат; |

| | | |
|---|---|---|
| | анын рахатына батат; үй-бүлөсү менен сыймыктанат жана аларды өрнөк тутат; улам жаңы дос издейт ж.б. | Элдик тарбиянын нарктуу адамдарынын арасына көбүрөөк коёт ж.б. |

Эмгекти жазуу процессинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдардын өнүгүүсү менен азыркы балдардын өнүгүүсүн салыштырып көрдүк.

## 2.4. Салттуу үй-бүлөнүн этнопедагогикалык функциялары: кыргыздардын балдарды курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоосунун факторлору, принциптери, каражаттары жана методдору

Классикалык илимий педагогикада тарбиялоонун факторлору катары бири-бири менен тыгыз байланышкан үй-бүлө, билим берүү институттары, коом эсептелеп жүрөт. Алар тарбиялоо процессин бир канча принциптин негизинде ишке ашырат. Б. Апышовдун белгилөөсүндө алар төмөнкүлөр:

*«**Тарбия жараянынын максаттуулук жана жогорку идеялуулук принциби.*** Бардык жүргүзүлгөн тарбиялык иштер түпкү максатка – ар бир пендедеги чыныгы инсандык касиеттерди (ак ниеттик, айкөлдүк, мээнеткечтик, ыймандуулук, калыстык, намыс ариеттүүлүк ж.б.) калыптандырууга багытталуусуна, ошондой эле ар бир пенденин түшүнүгү, ишеними, кылган иштеринин бirimдигин камсыз кылууга багытталуусуна жетишүүнү талап кылат.

***Тарбия жараянын турмуш менен жашоо тиричилигинин амалияты менен байланышта болуу принциби*** – балдарды өтө жашынан эле үй-бүлөдөгү түйшүккө жана коомдук иштерге активдүү катыштыруу – тарбия жараянынын бул принцибин ишке ийгиликтүү ашыруунун кепили экендигин ата-бабаларыбыздын тарбия тажрыйбалары экендигин ачык айтып турат. Бул

принцип аркылуу жаш балдарды күндөлүк жекече жана коомдук жашоо тиричилигине даярдоо болуп саналат.

***Баланы эмгекте жана активдүү ишмердүүлүктө тарбиялоопринциби, баланы жамаатчылыкта тарбиялоо принциби*** – эмгектин тарбиялык кудурети чексиз. Балдарды жашынан эмгекке чегип, кайнаган эмгек майданындагы активдүү ишмердикте өстүрүү талапка ылайык. Ал эми эмгектин ички руханий, адамды жаратуучу күчү гана инсандык нарктын, адамдык беделдин, намыс-ариеттин булагы болуп эсептелет.

***Балага талап коюу менен бирге анын адамдык беделин урматтоону туура айкалыштыруу принциби*** – инсан коом алдындагы, эл алдындагы милдетин сезүү, тапшырылган иштин натыйжасы үчүн жоопкерчилик сезүү, башка бирөөлөр жөнүндө кам көрүү, жолдошчулук, тилектештик өңдүү баалуу сезимдери жамаат менен жүргөн учурда гана өнүгөт.

***Системалуулук, ырааттуулук жана тарбиялык таасирдин биримдүүлүк принциби*** – коюлган талап менен сый-урматтын айкалышуусу ата-эне менен баланын, мугалим менен окуучунун ортосундагы бири-бирин терең баалоосунун, балдардын мүмкүнчүлүктөрүнө чын дилинен ишенүүсүнүн, анын өркүндөп өсүүсү үчүн ата-эненин кам көрүүсүнүн кепили.

***Баланын жаш курагын жана жекече өзгөчөлүгүн эсепке алуу принциби.*** Балдарды тарбиялоодо жаш курагын эске алуунун маниси өтө зор. Үй-бүлөдө чоңоюп калган балдар өз алдынча аткара турган иштерди ата-энелер көбүнчө жаш балдары менен чогуу иштешип, андай жумуштарды аткаруунун ык, машыгууларына балдарды акырындык менен ээ кылышат. Сабак өтүүдө да мугалимдер окутуу усулдарын окуучулардын жаш курагына карап тандашат. О.э. ар бир баланын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуунун ролу өтө чоң. Анткени ар бир баланын өсүп жетилүү жолунда бириникине бири окшобогон, эч качан кайталангыс касиеттер, мүнөздөр түптөлөт» [22, 271-280-бб.].

Кыргыздардан этникалык маданиятында балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун этносоциалдык, этномаданий, этнопсихологиялык жана этнопедагогикалык факторлору бар. Үй-бүлө – бул коомдо турат, улуттун, элдин социалдык-тарыхый тажрыйбасын алып жүрөт. Ошол көз караштан изилдөөчүлөр (О.А. Добрынина, Л. Новикова, И.В. Гребенников, С. Зверева, А. Ганичева ж.б.) үй-бүлөлүк тарбиялоонун факторлорун ички жана сырткы фарторлор деп бөлүп карайт. Мына ошол теориялык жоболорду эске алып кыргыз эл педагогикасындагы балдарды курагына жараша тарбиялоонун төмөнкүдөй факторлорун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

**Таблица 2.8. – Кыргыз эл педагогикасындагы балдарды курагына жараша тарбиялоонун факторлору**

| Факторлор | Негизги белгилери |
|---|---|
| **Социалдык-экономикалык** | Үй-бүлөнүн материалдык абалы; көз карандысыздыгы; үй-бүлөнүн ар бир эмгекке жеткен курактагы мүчөсүнүн үй-бүлө бюджетин толтуруу үчүн салым кошушу |
| **Социалдык-агартуучулук** | Үй-бүлөнүн балдарды тарбиялоо үчүн жоопкерчилигин түшүнүүсү жана тарбия берүү алуу жөндөмүнүн болушу |
| **Социалдык-жашоо-шарттык** | Балдарды куракка жараша тарбиялоо үчүн үй-бүлөнүн жеткиликтүү жашоо-шартынын түзүлүшү |
| **Демографиялык** | Балдарды тарбиялоодо үй-бүлө курамы (толуктугу же толук эместиги, балдардын саны да чоң мааниге ээ болгон. |

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун бир үлгүсү катары Алымбек датка менен анын зайыбы Курманжан датканын балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү. Алар кыйчалыш заманда жашап, балдарынын тагдырын элдин тагдыры менен бир коёт. Булар жетиштүү байлыкка ээ болсо да бала тарбиясына өзгөчө маани берген салтты сакташкан. Алымбектин атасы Асан бий, анан Шамырза, анын аталары Ажы бий, Тилеке

баатыр болуп, алардын баары азыркы Фергана өрөөнүнө, Кашкарга, Бухара шаарына чейин таанымал эл башкаруучу жана ири соодагерлер болгон. Алымбекти жаш чагында Алайда үйүндө молдодо окутушат, анан Бухара, Кашкар шаарларынан окутат, ошол салт уланып, балдары Абдылдабек, Оморбек, Мамытбек, Асанбек, Баатырбек, Камчыбек – баары тең билим алат. Экинчиси – ушул балдар баары тең Алайда – тоо арасында ат минип, элди аралап, а түгүл айрымдары, мисалы, Камчыбек дыйканчылык кылып жүрөт. Булардын ата-энеден алган тарбиясынын башкы принциби – мекенчилдиги. Дал ошол ата-энеден өткөн мекенчилдигинен улам улуу баласы Абдылдабек 1876-жылы Гүлчөгө жакынкы Жаңы-Арыкта орус аскерлерине жеңилип калган соң Ооганстанга качып кетип, достору анын жүрөгүн сууруп келишет. Камчыбек чындык үчүн адилетсиздикке каршы туруп, өзүнүн моюнун даргага тосуп берет, ошондо энеси «...жашыба, балам, душманың сөз кылбайбы. Жашыды, майтарылды деп таба кылбайбы. Сал, сыйыртмакты моюнга!» деп үй-бүлөлүк тарбиясынын кредосун көрсөтөт. Курманжан датка эне катары өз насаттарында башкалардын жакшы иштерин көрө албай бут тоскон адамдарды, ичи арам, өз кызыкчылыгын гана ойлогондорду, досторуна кыянат кылгандарды жаныңарга жолотпогула деп айтып, балдарын тарбиялаган.

Курманжан датканын балдары Мамытбек, Мырзапаяз, Арстанбек Сибирге сүргүн кылынып жатса да өздөрүнүн мекенчилдик, адилеттик үчүн күрөшүү сапаттарынан кайтпайт.

Бул үй-бүлөдө жалаң эркек балдар болуп, алар жаштайынан мындай сапаттарга ээ болот: ат үстүндө шамдагай жүрүү; эл менен бирге болуу; чындык үчүн күрөшүү; энесинин насааттарын угуу жана ал сөздөрдү ишке ашырууга аракет кылуу; достукка бекемдик.

Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоого таасир этүүчү факторлор.

*Субмаданий факторлор:*

*А). Үй-бүлөнүн курамы: ата-эненин, чоң ата-чоң эненин болушу.* Мисалы, жогорудагы Алымбек датка менен Курманжан датканын балдарынын тарбияланышында Алымбек датканын өлтүрүлүшү, ордо оюндары чоң таасир берип, балдары бир жагынан кекчил болуп, бир жагынан энеге жакын болуп өсөт.

*Б). Түпкү ата-тегине байланыштуу факторлор.* Курманжан датка менен Алымбек датканын балдарынын жети атасынан бери эл башкаруучулар жана ак сөөктөр болгон, ошондуктан аларда баш ийбөөчүлүк, бийликке ийилип бербөөчүлүк сапаттары болуп, мына ошол касиеттери менен башка адамдарга үлгү катары жашап өткөн.

*В). Турмуш-тиричиликтик, анын ичинде материалдык шарттар.* Жогорудагы үй-бүлөдө кайрымдуулук иштери өтө көп болгон. Ош шаарында Алымбек датка медресе ачып, балдарды акысыз окуткан, аларга кийим-кечек кийгизип, тамак-аш менен камсыз кылган. Мына ушул атадан калган салт ал киши каза болгондон кийин балдарына өтүп, медресенин иштерин Абдылдабек жүргүзүп калган.

*Г). Үй-бүлөдөгү моралдык-психологиялык климат.* Кыргыз үй-бүлөсүндө аксакалдар институту, б.а., чоң ата-чоң эне башка үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнө таасир этип, моралдык-психологиялык кырдаалды жөнгө салып турган. Үй-бүлөгө жаңы келген келин ошол жерге психологиялык жактан ыңгайлашуусу үчүн өкүл ата-өкүл эне шайлашкан. Келин биринчи төрөтүндө кырк күн бою өз ата-энесиникинде жашап, баласынын кыркын чыгарып анан кийин келген. Ушул кезде ошол келинге төркүндөрүндөгү жеңелери, бир туугандары бала кароодо жардам берип турган. Кээде мындай окуяга жалпы элдеги, туулган жердеги моралдык-психологиялык климат таасир этип, келин төрөй турганда, же бешиктеги баласы менен төркүндөрүнө барып турууга аргасыз болот. Буга «Манас» эпосундагы Семетейди алып Каныкейдин өз

төркүндөрүнө кетиши, Семетейдин таякесин бир тууган агасы катары көрүп чоңоюшу мисал боло алат.

*Ата-эненин тарбиялык мүмкүнчүлүгүнө байланышкан факторлор:*

А). Үй-бүлөлүк тарбиянын көп жыл бою топтогон тажрыйбасы.

Б). Ата-энелердин, чоң ата-чоң энелердин таалим-тарбия берүүдөгү элдик маданиятын өздөштүрүүлөрү.

В). Ата-энелердин, улуу бир туугандардын балдарды тарбиялоого даярдыгынын жана жөндөмдүүлүгүнүн болушу.

Г). Ата-энелердин, улуу бир туугандардын эл ичиндеги кадыр-баркы, ошол кадыр-баркынын балдарды тарбиялоого тийгизген таасири.

Д). Ата-энелердин, улуу бир туугандардын балдарды сүйүүсү, аларга мээримдүүлүгү.

*Ата-эненин түздөн-түз балдарды тарбиялоо ишмердүүлүгүнө байланышкан факторлор:*

А). Үй-бүлөдө балдарды кыроо, асыроо, алардын ар тараптан өнүгүшү үчүн кам көрүү.

Б). Балдар башка чөйрөдөгү балдар менен мамиле түзүүсү, оюн ишмердүүлүгүнө катышуусу үчүн шарттарды түзүп бериши.

В). Ар бир баланын жеке өзгөчөлүгүнө карата тарбиялоонун түрлөрүн, формаларын, методдорун тандоосу.

Г). Баланы эмгекке, өзүн өзү өнүктүрүүгө көнүктүрүп тарбиялоо.

*Баланын өзүнө байланыштуу факторлор:*

Тарбиялоодо баланын жеке өзүнүн канчанчы бала болуп төрөлгөндүгү (үйдүн улуусу, үйдүн кенжеси, жалаң кыздардын арасындагы жалгыз эркек бала, же тескерисинчеси, «сураныл-тиленип алган бала», балдары токтобой жүрүп көрүнгөн бала, үй-бүлөдөгү жалгыз бала, көп балалуу үй-бүлөдөгү бала ж.б.).

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун принциптери

*Максатка умтулуучулук принциби:* Ар бир үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо өз алдына максат коюу менен жүргүзүлөт. Мисалы, бир ата өз баласын мергенчи кылуу ниетин көздөсө, ошол максатка жетүү үчүн ал баланы мергенчинин курал-жарагы менен камсыздайт, мергенчилер тууралуу жомокторду, ырларды, же дагы башка кызыктуу окуяларды айтып берет, мергендерге шакирт кылып, алар менен ууга чыгууга уруксат берет ж.б. Демек, ата өз баласын максаттуу түрдө белгилүү бир адистикке тарбиялайт жана көнүктүрөт. Бул максаттуулук этникалык, регионалдык, географиялык, маданий, диний шартта менен байланышат.

*Эмпирикалык билимдерге таянуучулук принциби*: Балдарды тарбиялоо кыргыз элинде муундардан муундарга өткөн жөнөкөй бир билимдерге негизделет. Мисалы, эне кол өнөрчүлүктү кыздарына үйрөтүү үчүн килем токууда түстөрдүн гармониясын, жүндү өлчөөнүн салмагын, калыңдыгын ж.б. математикалык маалыматтарды үйрөтүүгө тийиш. Аңчы болор баланы үйрөтүп жатып мерген-ата баласына ок канча жерден тийерин, мисалы, кийиктин ылдымдагы кандай экенин, анын кайсыл тарапка качарын, ошон үчүн касыл жагына атуу керек ж.б. керектүү нерселерди үйрөтөт, бул өзүнчө окуу, б.а., билим берүү болуп эсептелет.

*Баланын жеке инсандык сапаттарын урматтоо принциби:* Кыргыз үй-бүлөсүндө ар дайым бала «үйдүн куту», «бала тукум улоочу» катары каралган. Кыз бала төркүнүнө келгенде аны ызааттап төргө отургузушкан. Баланын тышкы келбетинде кандайдыр бир майыптык же дене түзүлүшүндө жетилбей калгандык болсо да, аны эч убакта кемсинтишкен эмес. Балага ар качан урмат менен мамиле кылып, уулу балдар улам кийин төрөлгөн кичүүлөрүнө көз салган, жардам берген.

*Адамгерчилик менен кароо принциби (гумандуулук принциби):* үй-бүлөдө ата-энелердин балдарга, балдардын ата-энесине жана бири-бирине мамилеси адамгерчиликтин нормалары менен ишке ашырылат. Эгер балдарды курагына жараша тарбиялоодо бул принципти карманбаган болсо, андай үй-бүлөдөн мыкаачы, боору таш, адамгерчиликсиз балдар чыгат.

*Ырааттуулук, пландуулук, үзгүлтүксүздүк принциби:* ар бир үй-бүлө балдарды тарбиялоодо алдына план коюп иш алып барат, мисалы, энеси быйылкы жылы кызына өзүнө баш кийим тигип алууну үйрөтөм десе, дыйкан ата баласына жаз келери менен арык чабууну, тоодогу булактан суу чыгарып келүүнү үйрөтүүнү болжолдоп (пландаштырып) алат. Ушул пландаштырган тарбиялык, таалим берүүчүлүк жумуштар ыраттуу түрдө, үзгүлтүксүз болуп турат, андай болбогондо ата-эненин үйрөткөндөрү максатына жетпей калат.

*Турмуш менен байланыштыруу принциби:* балдарга бир нерселерди үйрөтүү, мисалы, кыштын узун түндөрүндө атасы балдарына улуу адамдардын астынан чыгып саламдашуу керек, келген коноктордун атын алып, колуна суу куюу керек дегендей элдик этикалык эрежелерди оозеки түрдө (теориялык формада) айткан болсо, балдар турмушта ошондой учурларды өз көзү менен көрүп, өздөрү ошондой иш-чараларды аткаруу керек.

*Балдарды курагына жараша үй-бүлөдө тарбиялоодо бир пикирге келүү принциби:* бул принцип да тарбиялоодо өзгөчө аткарылган. Кыргызда «чоң атанын баласы», «чоң эненин баласы» деген түшүнүк бар. Ал түшүнүк мындай балдар эрке болот, башкалар анын айтканы менен болот дегендик, себеби чоң аталар менен чоң энелер көп учурда неберелерин айтканы менен болуп, аларды эркелетип чоңойтот. Ошол эле учурда андай балдардын тил байлыктары кеңири, элдик салттарды түшүнүүсү жогору болгон. Же болбосо балдар эр жеткенде атасы аны катуу кармаса, апасы болушуп коёт, же жумшак кармайт. Мындай көрүнүштү кыргыздар «Апасы болушчаактын кызы ыйлаак» деп түшүндүрүшөт. Ошон үчүн бала тарбиясында үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирдиктүү

аракети жана макулдашылган тарбиялык методдору болгондо гана ошол үйдөн ар тараптуу өнүккөн бала чыгат.

Ошентип, үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоонун принциптери толук эске алынган учурда гана идеалдуу инсандар жетилдирилген.

Үй-бүлдө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша ***тарбиялоонун каражаттары*** да этнопедагогикадагы маанилүү маселелердин бири. Аларга эмгек, оюн, сөз, көркөм өнөр ж.б. руханий байлыктар кирет. Этнопедагог Г.Н. Волков тарбиялоонун каражаттары катары төмөнкүлөрдү көрсөтөт: оюн ырлары, батайтмалар, жаңылмачтар, макалдар, ылакаптар, табышмактар, эпостор, жомоктор, уламыштар, легендалар, мифтер ж.б.» [56, 10-11].

Бул каражаттардын айрымдарын карап көрөлү.

*Макал-ылакаптар* үй-бүлөдө ата-энелер же улуу балдар тарабынын күчүүлөргө айтылуучу, насаттоочу, таалим-тарбия берүүчү функциялары күчтүү кыска чыгармалар. Аларга кыргыздардын байыртадан бери топтоп келген турмуш тажрыйбаларынан, практикасынан алынган, философиялык, дидактикалык көз караштары топтолгон. Балдарга карата «Баланын иши чала да» деген макал айтылса, мына ошондо баланы кечирүү да, ага толук ишеним бербөө да идеялары айтылат да, ошол кемчилдикти жоюу керектиги белгиленет. Макал-ылакаптар «биринчиден, жаш муундун акыл-эсин, билимин өстүрө турган маалымат берсе, экинчиден, ошол жаш муундун жакшы адам болуп өсүшүнө багыт көрсөткөн, б.а. жаш муунга таалим-тарбия берген… макал-ылакаптар качандыр бир убакта жаралса да, азыркы жаңылануу доорунда да эскирбестен, жыл өткөн сайын жаңы күчкө, жаңы кудуретке ээ болуп, алардын таалим-тарбиялык мааниси улам барган сайын артылууда» [101, 5-6]. Мына ошол тарбия берүүчүлүк функциясынын жогорулугунан улам макал-ылакаптарды түрк элдеринде «ой гүлдөрү», «сөз казынасы», «афористтик философия», «аталар сөзү», «тил берметтери», «жүрүш-туруш эрежеси» ж.б. ар

түрдүү аныктамалар менен аташат. «Сөз атасы – макал» деп үй-бүлөдө макал-ылакаптар кеңири колдонгон, аларды колдонуу атадан балага, улуудан кичүүгө өтүп отурган. Ар бир макалда «педагогикалык момент» – насаат айтуучулук болорун белгилеген Г.Н. Волков алар эмгекчи элдин руханий керектөөлөрүнүн бир канча багытын: таанытуучулук-интеллектуалдык, ишкердик, эстетикалык, ыймандык ж.б. канааттандырарын айтып, алар «эскилик да, өткөндүк да эмес, а элдин учурдагы жандуу үнү» дейт. Макалдарды бүткүл эл жараткан соң анда ошол бүткүл элдин коллективдүү үнү жаңырат [56, 63-б.]. Этнопедагогдун пикири боюнча мындай чыгармалар сөз оюнуна негизделип формага салынат да, ыргактуулук, уйкаштык, жандуулук күчтүү көрүнүп, балдардын кабыл алуусуна жана эске түшүрүүсүнө ыңгайлуу болот.

*Табышмактар* үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан эң кеңири колдонулган тарбиялоо каражаты болгон. 1949-жылы чыккан З. Бектенов менен Т. Байжиевдин окуу китебинде табышмактарды: «…жандандыруу, ашырып айтуу, салыштыруу жана суроо формасында түзүлгөн түйүндүү ырды же кара сөз түрүндөгү чулу сүйлөмдү айтабыз», - деп мүнөздөйт. Табышмактарды ата-энелер атайын балдардын курагына, турмушту таанып билүү өзгөчөлүгүнө карата айтышкан. Чоң балдар кичүү ини-карындаштары менен табышмак айтып мелдешкен, таба албай калгандарга жаза берилген. «...Ал өзүнүн тематикасы боюнча элдин карапайым турмуш-тиричилигинен тартып, космостук, ааламдык көрүнүштөргө чейин өз чөйрөсүнө камтыйт.

Маселен:

*1). Аалам жөнүндө:*

Күндө көрөм чалкар көлдү, дарыяны,
Эки каз мекен кылып жатыр аны,
Ортосунда жети сары балапаны.

Бул табышмактын жандырмагы – «Асман, Күн, Ай, Жетиген». Албетте, каймана маанисинде алынган «чалкар көл – асман», «эки каз – Күн жана Ай, «жети сары балапан – Жетиген».

*2). Адамдын анатомиясы жөнүндө:*

Кичинекей медерим,

Жер түбүнө жетерим.

Бул табышмактын жандырмагы – «адамдын көзү».

Адам жөнүндөгү дагы бир табышмакты келтирели:

Аркы өйүздүн карагай,

Берки өйүзгө жыгылат.

Берки өйүздүн карагай,

Аркы өйүзгө жыгылат.

Табышмактын жандырмагы – «уктагандагы кирпик».

Көрүнүп тургандай, табышмак эң жөнөкөй, жөнөкөй дегенибиз, адамдын оюна келбегендей көрүнүштөр жөнүндө болушу мүмкүн. Ал эми жандырмагы, тескерисинче, такыр күтүлбөгөндөй татаал, каймана, метафоралык образдар менен айтылышы закончденемдүү көрүнүш. Жогоруда келтирилген табышмак жөнөкөй эле «кирпик» жөнүндө, бирок ал кандай образдар менен, болгондо да каймана айтылган антитезалык, гиперболалык образдар менен так айтылганда, даана элеси тартыла калат» [92, 502-б.].

Табышмактар аркылуу ата-бабалар балдардын оюн топтоо, абстрактуу ойлоо, ассоциациялоо сезимдери жогорулаган, тез жана туура жооп табууга көнүгүшкөн. Үй-бүлөдө балдар тапкыч, изденгич, акылдуу болсун үчүн ата-энелер же балдардын улуулары атайын табышмактарды ойлоп таап, аларды балдарга айтып, жообун күткөн. «Табышмактар өзүнүн тарыхый өнүгүү доору, турмушту жана кубулушту камтуу, көркөмдүк тарбиялык мааниси жагынан кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын ичинен эң байыркы жана көп варианттуу жанр болуп эсептелет. Алар фольклордун жомок, айтыш, макал-

ылакап, комуз күүлөрү сыяктуу жанрлары менен сиңишип тыгыз байланышта экени маалым.

Табышмактар коомдук түзүлүштүн өсүп-өнүгүшүнө, мезгилдин талабына, адамдардын аң-сезиминин өсүшүнө жараша өсүп-өнүгүп, татаалданып жүрүп отурат. Адам жашоосунда байкалган кубулуштар, окуялар, жаратылыш, андагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, турмуш-тиричиликке керектүү нерселер жөнүндөгү байкоолорунун кыскача жыйынтыгы. Демек, табышмактар адамдын аң-сезими аркалуу текшерилген реалдуу дүйнө. Табышмактар аркылуу философиялык ой жүгүртүп, анын жандырмагы аркылуу көп нерседен кабардар болобуз. Табышмакты айтуудагы, жаратуудагы максат – адамдын ойлоосун, сезгичтигин, тапкычтыгын, билимин өстүрүү» (Г.Орозова) [133, 18-б.]. Бул жагынан табышмактар эл турмушунда, анын ичинде үй-бүлөдө ар түрдүү курактагы балдарды тарбиялоодо чоң милдет аткарган.

*Жаңылмачтар* дагы бир тарбиялоонун каражаты катары «... көркөм чыгарманын тарыхында жаралуу табияты, өнүгүү сапаты, пайдалануу зарылчылыгы, колдонуу ыкмалары боюнча өзүнчө бөлүнүп турган жанр. Ал оозеки адабият менен жазма адабиятта бирдей деңгээлде өнүккөн жанрга кирип, кыргыз адабиятынын тарыхында анча изилденүүгө алына элек сырдуу чыгармачылыктын катарында турат. Жаңылмачтар – негизинен поэтикалык ыр курулушунун өзөгүндө өнүгүп, сөздүн куюлуштурулган, уйкаштырылган, ыңгайлаштырылган, ширештирилген касиеттерине баш ийген, жогорку рифмалык, ритмдик сапаттарды талап кылуучу поэзиянын бийикке көтөрүлгөн жетишкендиги. Аларда сүйлөө речинин артикуляцияланышы менен акустикалык ыргак кошулуп, бат айтуу, тез сүйлөө, жаңылбоо, тили эми калыптанып келаткан баладан тартып, жашы улгайган кары-картаңдарга чейин колдонууга ийкемдүү кызматын аткарат» [165, 8-б.].

Мындай чыгармалар үй-бүлө ичинде кеңири колдонулуп, балдарды бат сүйлөшүүгө, тилин жатыктырууга жардам берет, аларды айтуу менен татаал тилдик конструкцияларды колдонууга көнүгөт.

Балдар 1-2 жашар кезде эле тили чулдурап чыгып, кандайдыр бир сөздөрдү айта баштайт, ошол учурда көбүнчө анын энеси, улуу бир туугандарды ар кандай сөздөрдү айтып, жаңылык калса оңдоп турат. Алар 4-5 жашка чыкканда атайын жаңылмачтарды сунуш кылат. Үй-бүлөдө жаңылмачтарды айтышуу өзүнчө педагогикалык, психологиялык, лингвистикалык процесс катары ата-энеден, үйдөгү улуу балдардан бир топ билгичтикти, кылдат мамилени талап кылган.

Мына ушундай эле үй-бүлөдө тарбиялык каражаттар катары жомокторду, уламыштарды, легендаларды, мифтерди ж.б. оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн айта кетүүгө тийишпиз.

Үй-бүлөдө балдарды курак өзгөчөлүгүн эске алып *тарбиялоонун методдору* жалпы эле элдик педагогиканын методдору менен байланыштуу. Ал методдор өтө көп жактуу жана кеңири тараган, ошол эле кезде ар бир үй-бүлө гана колдонгон тарбиялык методдор кездешет. Айрым методдорго кыскача токтолуп көрөлү.

*Ишендирүү методу.* Ишендирүү – бул балдарга берилген эң чоң мүмкүнчүлүк. Согуш жылдарында элдин баары фронтко кетип, тылда иштей турган адам калбай, айлалары кетип турганда колхоз башкармасы Кабылбек он төрт жашар Төрөкулдун уулу Чыңгызга келип, айыл кеңешине катчы бол үйүңдөгүлөр менен кеңешип кел дегенде Каракыз апасы дароо эле баланы ишендирип, иштей алышына дем берип, ишеним артып, анан ошол кызматка туруп, ошол жылдарда көргөндөрүн жазып дүйнөлүк атакка жеткен жазуучу болгон.

*Үлгү тутуу методу.* Бул методдо ар бир ата-эне айылда мыкты адамдарды балдарына айтып, ошолорду үлгү катары көрсөтөт. Үлгү болчу адам бардык

жагынан идеалдуу, б.а., эмгекчил, тартиптүү, эл кадырлаган адам болуп эсептелет.

*Керээз методу.* Сарт аке өлөр алдында балдарына мындай керээз калтырыптыр: ууру кылбагыла, ушак сүйлөбөгүлө, ала жипти аттабагыла, итти өлтүрбөгүлө. Анын мына ушул керээзи урук-тукуму тарабынан ушул күнгө чейин мыйзам катары аткарылат. Керээзи эске албай коюу – чоң айып болгон.

*Кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү методу.* Кыргыздар «Бала, баланын иши – чала», «Баланы жумшап туруп, артынан өзүң бар» дейт. Булар чоң маанидеги сөз. Бала баарын эле ойдогудай жасай албай калышы мүмкүн, андыктан аны үйрөтүү жана көнүктүрүү керек. Мында үй-бүлөдөгү улуу бир туугандардын кичүүлөргө жардамы керек болот.

*Алкоо методу.* Бул көбүнчө бата берүү менен, эл көзүнчө мактоо менен байланышат. Ата-эне балдарын ар дайым карап жүрөт, эл ичинде кандай жүргөнүнө байкоо салат, эгер баласы тартиптүү жүрсө, үйүнө келгенде аны мактайт, мактоого шерденген бала дагы атасы айткандай жакшы болууга аракет кылат. Балдар улуулардын колуна суу куйганда, ат минип келген кишинин атын алганда, камчысын алып бергенде ж.б. турмуштук кырдаалдарда алкоосун айтат.

Г.Н. Волков элдик тарбиянын жогорудагылардан башка да каалоо жана алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, өтүнүү, кеңеш, белги берүү, жактыруу, кубаттоо, зекүү, жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, убада, өкүнүү, үгүт-насаат, тыюу, коркутуу, каргыш, тилдөө, жазалоо, келтектөө сыяктуу көптөгөн методдорун белгилейт» [56, 10-11-бб.]. Ушул методдор үй-бүлөлүк тарбиялоодо кеңири колдонулуп келген.

Казак этнопедагогу Нурлыбек Сейткулов идеалдуу адамды «сегиз кырлуу, бир сырлуу» инсан деп, андай адамды тарбиялоонун төмөнкүдөй белгилерин көрсөтөт:

*1. Максаты менен милдеттери:* ар тараптуу жетилген азамат тарбиялоо.

*2. Мазмуну:* улуттук салттар, үрп-адаттар аркылуу балага акыл-ой, адамгерчилик, асемдик, дене, ден соолук, эмгек тарбияларын берүү, мүнөз, сапаттарын калыптандыруу.

*3. Усулдары:* аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, талап кылуу, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, мазактоо, алкыш айтуу, жалбаруу, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, жазалоо ж.б.

*4. Түрлөрү:* оюндар, тойлор, эмгек маарекелери, оюн-зооктор, кечелер. *5. Куралдары (каражаттары):* санамак, жаңылмач, өлөң-ыр, жомок-аңыздар, табышмактар, айтыштар, макал-ылакаптар, чечендик сөздөр, салттар, ырымдар, жол-жоролор, улуттук оюндар, аңгеме, сабактар менен тажрыйбалар.

*6. Натыйжасы:* «сегиз кырлуу, бир сырлуу», жаны таза, дени соо адам.

*7. Тарбияга себепкер күчтөр:* табият, эмгек, турмуш, салт-адаттар, өнөр-кесип, дин, эне тили, улуттук оюндар.

*8. Тарбия жайы:* Үй-бүлө, аул-аймак, уруу-урук, улут, эл, коом, мектеп, медресе.

9. *Тарбия объектиси:* Бала.

*10. Калк тарбиячылары:* ага-эжеси, ата-энеси, бир туугандары, айыл адамдары, өнөр ээлери» [160, 8-б.]. Балдарды үй-бүлөдө курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун методдорун тандоо төмөнкүлөр шартта менен байланышат:

– ата-энелердин турмуштук тажрыйбалары;

– ата-энелердин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жалпы маданиятына;

– ата-эненин бабалардан (жети атадан деп коюшат) бери келе жаткан тарбия жаатындагы традицияларына;

– ата-энелер алдына койгон тарбиялоонун максатына жана милдеттерине;

– үй-бүлөдөгү балдардын санына;

– үй-бүлө жашаган аймактын климаттык, географиялык, экономикалык, демографиялык өзгөчөлүктөрүнө;

– үй-бүлөнүн башка үй-бүлө менен байланышына;

– биринчи кезекте атанын же эненин, башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн инсандык сапаттарына, алардын руханий-моралдык баалуулуктарына ориентирине;

– балдардын психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнө ж.б. байланыштуу. Методдор – тарбиялоонун жолу, ыгы, натыйжага жетүүнүн тандалган катары усулдары катары максатка багытталган, жоопту процесс. Салттуу үй-бүлөдө балдары тарбиялоонун формалары үч түрдүү: биринчиси – массалык, башкача айтканда, жалпы эле бир уруунун, элдин, айылдын балдарын тарбиялоо, экинчиси – топтук, мында ата-энелер үй-бүлөдөгү балдардын баары менен тарбия иштерин биримдикте жүргүзөт, үчүнчүсү – индивидуалдык, же жекелик, мында ата-энелер ар бир баласынын физиологиялык, психологиялык, мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбия процессин жекелештирет.

Салттуу тарбиялоодо руханий, адеп-ахлактык, эстетикалык, эмгектик, дене тарбиясы, акыл-эстик тарбия биримдикте жүргүзүлөт, алардын биримдигинин майнаптуулугу үчүн салттуу үй-бүлөдө ошол үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар бири жооптуу жана милдеттүү болуп эсептелет.

## Экинчи глава боюнча корутунду

Диссертациянын «Изилдөөнүн материалдары жана методдору» деп аталган 2-главасынын 1-парагафы изилдөөнүн материалдарын ачып көрсөтүү багытында жазылды. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү боюнча эмгегибиздин материалдары негизинен эки булактан турат: биринчиси – кыргыз этнопедагогикасынын материалдары, б.а., салттуу педагогиканын көрүнүштөрү; экинчиси – ошол этнопедагогикалык

материалдарды азыркы классикалык илимий педагогика менен байыткан материалдар. Ошол биздин ишке негиз болуп берген кыргыз этнопедагогикасынын эки чоң булагы бар: биринчиси – улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды изилдеген жана маалымат катары жыйынтыктаган этнография; экинчиси – элдин оозеки чыгармачылыгы (улуттук фольклор).

*Этнография* – элдин, уруунун, уруктардын салт-санаасы, үрп-адаттары тууралуу илим болуп, анын материалдарынын ичинен биз баланын туулгандан тартып, анын эр жеткенге чейинки жашоосун коштоп жүргөн тарбиялоо маданиятын, анын ичинде алардын курагына жараша тарбия жүргүзүү өзгөчөлүктөрүн изилдөөбүзгө материал кылып алдык. Бала туулганда аны «сатып алуу» салтын, жаңы төрөлгөн балага жентек берүү, ат коюу, бешик той салттарынын тарбиялык маанисин мисалдар аркылуу көрсөттүк. Кыргыз элинин салттарын, үрп-адаттарын орусиялык жана советтик Х.А. Аргынбаев, К.Л. Задыхина, Н.П. Лобачева, А. Калыш, Н.А. Кисляков, Г.П. Снесарев, О.А. Сухарева, , Л.А. Фирштейн ж.б. этнографтар изилдеп, алар балдарды курак өзгөчөлүгүнө карап тарбиялоо тажрыйбалары тууралуу маалыматтарды жазып калтырган.

Баланын дене-бой жактан тарбияланышында анын кыркын чыгаруу, ага чейин эч кимге көрсөтпөй асыроо, кыркы чыгып атканда кырк кашык сууну кырк үйдөн алып келип киринтүү, кырк жамачы көйнөк кийгизүү ж.б. жөрөлгөлөр катуу сакталган. Бала бир жашка келгенде анын тушоосу кесилген, ал салттын мааниси – эми баланын бутун кармап турган кара нерсе – кара жип, ак нерсеге – ак жипке орун бошотуп берди, эми мүдүрүлбөй шыр басып кетсин деген ой айтылган.

Эркек балдарды сүннөткө отургузуу жана ага байланыштуу сүннөт той – адам өмүрүндөгү өзгөчө учур. Бул баланын так жашында (3,5,7 жаш) аткарылуу менен ата-эненин баланын алдындагы чоң парзы, ата-энелик милдети катары эсептелген. Кыз балдардын кулагын көзөтүү, кийин чачын өрдүртүү, уландарды тайга мингизүү салттары балдардын курагына жараша аткарылуучу

педагогикалык мааниси терең иш-чаралар экендиги диссертациянын ушул бөлүмүндө мисалдар аркылуу далилденип көрсөтүлдү.

Кыргыздардын балдардын курагын белгилөөдө маани берүүчү дагы бир салт – баланын мүчөлүн чыгаруу жана мүчөл той. Салттуу үй-бүлөдө мүчөл жылында баланы же бир жакшылык же бир жамандык тооруп турат деп, ошол учурга атайын даярданган: мүчөл той кылып, мал союп, кан чыгарат, баланын жаткан жерин жыйнайт, арча менен аластайт, жууркан-төшөгүн күнгө жайып, кургатат, же жаңылайт, көжө жасап, ага куйрук май, бөйрөк май кошуп, элди сыйлайт, ошол баланын үй алдына от жагат, ошол оттон баланы секиртет, отко баланын эски кийимдерин өрттөйт да, балага келүүчү кырсык ошол отко күйүп кетет дешкен. Мүчөлү чыгып аткан балага кызыл түстөгү кийим кийгизген, кызыл түс жамандыктан коруйт деп ишенген, аяк (жыгач идиш) тептиришкен да, ошол сынган аяк менен дагы кырсыктын чыгып кетерине ишенген.

Ушул сыяктуу маалыматтарды этнографиялык эмгектерден, этнографтардын жазып калтырган күндөлүктөрүнөн, жол очерктеринен алып, аларды биздин этнопедагогикалык диссертациябызга материал катары киргиздик.

Экинчи бир материалдар тиби – *кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы (улуттук фольклор) жана төкмө ырчыларды чыгармалары*. Андай чыгармаларда элдин педагогикалык көз карашы, анын ичинде балдардын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн алардын курагына жараша көрсөткөн идеялар камтылган. Бул багытта Эшмамбет Байсеке уулу, Барпы Алыкул уулу, Өтө Көкө уулу (Жеңижок), Токтогул Сатылган уулу сыяктуу төкмөлөрдүн мурастарындагы ар түрдүү курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, жүрүш-турушун, кылык-жоругун, ата-энесине, туугандарына кылган мамилесин ырлардан алынган мисалдар менен көрсөтүп бердик.

Эмгегибизге материал болуп берген дагы бир булак – *этнопедагогикалык изилдөөлөр.* Кыргыз элинин тарбия маданиятын, улуттук тарбиянын салттарын,

балдарды курагына жараша тарбиялоо спецификасын изилдеген окумушуулардын эмгектерине анализ берилди, алардын ойлору классикалык педагогдордун окуулары менен салыштырылды.

Дагы бир материалдар тобу – *атактуу инсандар менен маектешүү, алардын эскерүүлөрүн пайдалануу.* Мындай материалдар салттуу үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоонун принциптерин, методдорун конкреттүү мисалдар менен тастыктоодо жардам берди. Балалык курагы тууралуу жазуучулар Ч.Айтматовдун, М.Гапаровдун, журналист-тарыхчы С.Абдырахмановдун эскерүүлөрүн, мемуарларын пайдаландык, ошондой эле азыр арабызда жүргөн аксакалдардан К.Жолдошовдун, С.Бектемировдун, И.Тойчубаеванын балалык курактагы тарбияланыш өзгөчөлүктөрүн сурап билдик.

Ушул эле главанын *«Илимий изилдөөнүн методдору»* деп аталган параграфында ишти жазууда колдонулган методдорду жалпысынан беш топко бөлүп карадык, алар: жалпы логикалык методдор (анализ; синтез; жалпылоо; жекелештирүү же бөлүп кароо; салыштыруу; ассоцациялоо; моделдөө; долборлоо ж.б.); жалпы илимий методдор (тема боюнча илимий эмгектерди талдоо жана керектүүлөрүн ылгап алуу; байкоо; темага боюнча элдик тажрыйбаларды үйрөнүү, жыйынтыктоо жана жалпылоо; педагогикалык тажрыйба, б.а., эксперимент ж.б.); тарыхый-салыштырма методдор (салыштырма-тарыхый анализ); структуралык методдор (изилденүүчү элементтердин жалпы курам менен байланышын аныктоо); социологиялык методдор (анкеттөө; оозеки сурамжылоо; маектешүү ж.б.). Иште бул методдорун табиятын жана колдонулуш учурларын конкреттүү мисалдар менен көрсөтүп бердик.

# III ГЛАВА. САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ БАЛДАРДЫН КУРАГЫНА ЖАРАША ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН АЗЫРКЫ ШАРТТАРДА КОЛДОНУУНУН УЛАНМАЛУУЛУГУ

## 3.1. Үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо салттарын таалим-тарбия процессинде колдонуунун тажрыйбалары

Кыргыз этнопедагогикасы салыштырмалуу жаш илим болгондугуна карабастан бир топ проблемаларды изилдөөнүн объектине алган, ошолордун бири салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо проблемасы.

К.И. Жаныгулов «Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.)» аттуу диссертациялык изилдөөсүндө [68] 2004-2005, 2006-2007 жана 2008-2009-окуу жылдарында Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борборунда жана И. Арабаев атындагы КМУнун Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунда өткөрүлгөн атайын курстун программасын сунуш кылат. Бул курс кыргыз эл акындарынын жаш курак боюнча эмгектеринин анализинин негизинде түзүлүп, 27 саатка (анын 18 сааты лекция, 9 сааты семинар) ылайыкталган. Төмөндө ошол курсун мазмунун жана көлөмүн көрсөтөбүз.

Мына ушул атайын курс жогорудагы эки окуу жайында окутулуп, болочок мугалимдердин компетенттүүлүгүн жогорулатууга чоң салым кошкон.

Р.Н. Умарова салттуу педагогикалык маданияттагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы боюнча жазган диссертациясында элдик педагогикадагы тарбиялоонун методдорун үч топко бөлүп, Г.Н.Волков, А.Э.

Измайлов, А. Алимбековдун эмгектерине таянуу менен мындай таблицаны сунуш кылабыз [171, 107-б.]

**Таблица 3.1. – Кыргыз эл акындарынын чыгармаларындагы балдардын курак өзгөчөлүктөрү боюнча программа.**

| № | Окутуунун мазмуну | Окуу түрү | |
|---|---|---|---|
| | | Лекция | Семинар |
| 11 | Жаш курак педагогикасынын окуу-тарбия иштерин уюштуруудагы мааниси, мазмуну | 3 саат | |
| 22 | Өсүп жетилүү мезгилдери жана аларга берилген мүнөздөмөлөр | | 2 саат |
| 33 | XIX жана XX к. башында жашаган кыргыз эл акындарынын 1ден 6 жашка чейинки баланын өсүп жетилүү курагына берилген мүнөздөмөлөрдүн таалим-тарбиялык мааниси | 4 саат | |
| 44 | Өмүр жолунун алгачкы күндөрүндөгү тарбия тууралуу эл акындарынын ой-пикирлери | | 2 саат |
| 55 | Кыргыз эл акындарынын 7ден 13-14 жашка чейинки балдардын тарбиясы жөнүндөгү ойлору | 4 саат | |
| 66 | XIX жана XX кылымдын башындагы кыргыз эл акындарынын жана илимий педагогикадагы тарбиялык ой пикирлердин байланышы | | 2 саат |
| 77 | 15 жаш өспүрүм курагынын өзгөчөлүктөрү жана алардын тарбиясы тууралуу эл акындарынын ойлору | 4 саат | |
| 88 | Эл акындарынын таалим-тарбиялык идеялары | | 2 саат |
| 99 | Эл акындарынын 25 жаш курагына берген мүнөздөмөлөрү | 3 саат | |
| 110 | Эл акындарынын балдардын жаш курак мезгили жөнүнүдөгү ойлорун окуу-тарбия иштеринде эске алуу | | 1 саат |
| **Бардыгы** | | **18 саат** | **9 саат** |

**Кыргыздардын салттык маданиятындагы кыз балдарды социалдык тарбиялоонун методдору**

**Аң сезимди калыптандырууга багытталган методдор:**

- Аңгемелешүү
- Кеңешүү
- Түшүндүрүү
- Ишендирүү,
- Кеңеш берүү
- Көрсөтүү
- Үлгү болуу
- Жатыктыруу
- Керээз
- Осуят
- Үгүт-насаат.

**Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду өзгөртүп, адептик билимдерди кылык-жорукка айландыруу методдору:**

- Бата берүү
- Талап кылуу
- Үйрөтүү
- Өтүнүү
- Буйруу
- Кайра үйрөтүү
- Көнүктүрүү
- Убада
- Тыюу
- Ант
- Белги берүү (жаңсоо кол булгалоо, көз кысуу)
- Ишеним

**Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду стимулдаштыруу методдору:**

- Мактоо
- Кубаттоо
- Алкыш айтуу
- Каалоо жана алкоо
- Жалынып-жалбаруу
- Алдоо
- Жазалоо
- Мазактоо
- Зекүү
- Сөгүү
- Күнөөлөө
- Айыптоо
- Жактырбоо к
- Коркутуу
- Каргоо
- Тилдөө

**Сүрөт 3.1. Кыз балдарды социалдык тарбиялоонун методдору.**

Изденүүчүнүн бул бөлүштүрүүсү салттуу кыргыз педагогикалык маданиятында тарбиялоонун методдорун жана ыкмаларын бир топ кеңири бөлүп көрсөтүүгө аракет кылгандыгы менен кызыктуу. Ал методдор менен иштеген учурда «...адам баласынын аң-сезиминде дүйнөгө болгон көз карашын,

адеп-ахлак эрежелеринин, эстетикалык түшүнүктүн пайда болушуна шарт түзөт. Андаң сон бул түшүнүктөр туура жана туура эмес жоруктарды, жүрүм-турумду аныктаганга жардам берет. Ынандыруу бара-бара аң-сезимге жайгашат. Педагогика илими боюнча түшүндүрүү – бул баланын аң-сезимине түз жана вербалдык түрдө таасир этүү ыкмасы. Бул ыкма акыл айтуу жолу менен эненин балага кыйын учурда жардам бериши.

Балдарды адамдарды көргөндө реакция берүүгө адат алдыруу үчүн алар менен али тили чыга элек мезгилинен кадыресе баарлашып, аңгемелешүүгө аракет кылышкан. Жети жашынан баштап балдар менен аңгемелешүүнүн мазмуну олуттуу темаларда жүргөн. Аңгемелешүү –маалымат алмашуу процесси. Маалымат алмашуу эки тараптуу болгон. Айрым учурда бул кыз балдардын суроосунан жаралса, башка учурда чоңдордун балдар тарабынан тигил же бул учурда өзүн кандай алып жүрүш керек экендигин эң туура адептик норма кандай болорун аңдатууга багытталган.

Улуулар балдар менен аңгемелешүү натыйжалуу болушу үчүн ыңгайлуу учурду кылдат тандашкан. Кичинекей чагында аңгемелешүү көбүнесе балдардын орунсуз жорук жосунунун туура эместигин түшүндүрүү иретинде жүргүзүлөт. Мындай аңгемелешүүнүн субъекти өз энеси гана эмес, айыл-apaдагы улгайган адамдар, кошуналар айрым учурда өзүнөн бир аз улуу кыздар да болушу мүмкүн» [171, 108-109-бб.].

Р.Н. Умарова методдордун колдонулуш учуруна, аларды тарбиялоо процессиндеги оң жана терс натыйжаларына да өз баасын берет жана илимий эмгектеги теориялык ойлорун өз практикасы аркылуу көрсөтөт.

Н.А. Асипова азыркы билим берүүчү мекемелериндеги социалдык педагогикалык иш-чараларды жүргүзүүдө элдик педагогикалык маданиятты да колдонуунун мүмкүнчүлүгүн сунуш кылат [25].

Г.К. Карабалаева «Азыркы шартта үй-бүлө менен коомчулуктун өз ара байланышы» [80], Р.А. Абдыраимова «Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы

балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо деген эмгектеринде азыркы мектепте салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн бала тарбиялоо салттарын колдонуу технологияларын иштеп чыккан» [1].

Баткен областынын Лейлек районуна караштуу №3 эксперименталдык гимназия-мектебинин директор, педагогика илимдеринин кандидаты Г. Мадаминов тарбиялык иштерин салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун формаларын жана методдорун колдонуп жүргүзөт. Ал диссертациялык изилдөөсүндө [99] «этнопедагогика – ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн баштапкы негизи экендиги баса белгиленип, кыргыздын үй-бүлөлүк тарбиясы этнопедагогиканын эң маанилүү бөлүгү катары каралаары» жазылат да, үй-бүлө тарбиясында баланын жаш курагынын өзгөчөлүгүн эске алып тарбиялоону төмөндөгүчө бөлүнүп көрсөтөт.

***Жаңы төрөлгөн бала (1-2 айга чейин).*** Бул мезгилдеги тарбиялык милдет баланын денесинин өсүүсү, ден-соолугуна камкордук көрүү, туура тамактандыруу, ден-соолугун чыңдоочу процедураларды уюштуруу.

Бул мезгилден баштап бала айлана-чөйрөнү сезүү органдары аркылуу аңдай баштайт. Ошондуктан сезүү органдарынын туура калыптануусу үчүн шарт түзүү зарыл.

***1 жаштан 3 жашка чейинки балдардагы өзгөчөлүк.*** Бул мезгилдеги ата-эненин негизги милдети: бала менен ымала түзүүгө жетишүү, ага таанып билүүнүн формаларын үйрөтүү. Бул куракта ар бир бала личность (инсан) болуп калыптана баштайт. Ошол себептүү психологдор адам төрөлгөндөн чоңойгонго чейинки өмүр жолунун ортосу 3 жаш деп эсептешет.

Кенже курактагы балдарды өнүктүрүү боюнча бир канча китептерди жазган, балдарды тарбиялоо багытындагы жаңычыл теориянын автору, жапониялык инженер Масару Ибука өзүнүн «3 жаштан кийин кеч» деген эмгегинде бул курак жөнүндө төмөндөгүдөй жазган. «Баланын акыл жөндөмүн

өнүктүрүүнүн ачкычы – бул анын өмүрүнүн алгачкы 3 жылындагы, б.а. мээ клеткалары өнүккөн мезгилдеги жекече таанып-билүү тажрыйбасы экендигин көрсөттү. Бир да бала гений болуп төрөлбөйт жана бир да бала келесоо болуп туулбайт. Бардыгы баланын жашоосундагы чечүүчү жылдарда баш мээсинин өнүгүү даражасына жана шыктануусуна жараша болот» [105]. Масару Ибука өз оюн бекемдөө максатында төмөнкү мисалды келтирген. Моцарт өзүнүн биринчи концертин 3 жашында берсе, Жон Стюарт Милл ушул курагында латынча классикалык адабияттарды окуган [105]. Ар бир ата-эне Масару Ибуканын «3 жаштан кийин кеч» ж.б.у.с. илимий-популярдуу китептерди таап, өздөштүрүп үй-бүлө тарбиясында пайдаланса эң мыкты болмок.

***Мектепке чейинки курак (3-6-7 жаш).*** Бул мезгилде кыял, ойлоо, сүйлөө речинин өсүүсү – дүйнөнү таанып билүүнүн сезимдик баскычына алып келет.

Логикалуу, абстракттуу ой жүгүртүү элементтери пайда болот. Көрүү, түс, үндү ажыратуу кудурети өсөт. Колу активдүү сезүү органына айланат. Көрүү, кабыл алуусунун өсүүсүндө үй эмгеги, аппликация, сүрөт, конструкция жакшы таасир берет. Бул мезгилде баланын ойлоо процесси да өнүгөт [100, 10-11-бб.].

Бул курак баланын инсан катары калыптануусунун башталышы. Ошол себептүү бул мезгилде үй-бүлөдө баланын дене-бою, акылы, адеп-ахлагы, эмгек жана эстетикалык тарбиясына ата-энелер өзгөчө көңүл буруусу зарыл жана баланы мектепке даярдоо учуру. Буга ата-эне маани берүүсү зарыл. Ошон үчүн ата-эне үй-бүлөдө балага акылмандуулук менен аны билбесе сурап, окуп үйрөнгөндү үйрөтүүсү керек.

***Кичи мектептик курак (6-7-10 жаш).*** 6-7 жаштагы бала ийилчээк келет. Ошол себептүү мугалим мектепте, ата-эне үйдө бала отуруучу стол, стулдарды даярдоосу зарыл. Бул мезгилде баланын мээсинин салмагы чоң кишилердин мээсинин салмагына жакындайт (1300 гр). 7 жаштагы баланын мээсинин маңдай бөлүгүнүн жетилүүсү аяктайт. Ошол себептүү бала максаттуу, пландуу аракеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Бул мезгилде балдарда айлана-

чөйрөнү кабылдоо башталат. Ата-эне, мугалим бир нерсе үйрөткөндө көрсөтмөлүү жасоосу зарыл. Окутуу, жазууну алмаштырып туруу пайдалуу болот. Бул куракта балдарда тууроо аракети күч болот. Ошон үчүн ата-эне, мугалимдин өзүн алып жүрүү маданияты үлгүлүү болуусу зарыл.

Манжалардын кыймылы үчүн көнүгүүлөр балдардын мээсинин речь (кеп) функциясынын жооп берүүчү бөлүгүн калыптандырат [107, 69-б.].

***Өспүрүм курак (11-15 жаш).*** Бул курактын аты да чоңоюу, жетилүү дегенди билдирет. Бала бул мезгилде тез өсөт, өзүнөн чоң адамдын күчүн сезет. Органдардын гармониялуу өсүүсүндө диспрапорция болот. Ошол себептен кээде ачуулуу, ой кыялы чачыранды болот. Өспүрүмдөрдүн жүрөгүнүн көлөмү тез жетилет. Жүрөк өтө кубаттуу иштейт, кан тамырдын өсүүсү жүрөктүн өсүүсүнөн артта калат. Мындай абал кандын эркин айланышына тоскоолдук кылат. Кан басымы күчөйт. Жүрөктүн иш-аракети начарлайт. Ошол себептен жаш өспүрүмдөрдө баш айлануу, жүрөктүн катуу кагуулары, баш ооруулар күчөйт. Өспүрүмдөрдүн личностунун структурасында баары өзгөрөт, өтүп турат [63, 432-б.]. Чоңдор менен конфликттер болушу мүмкүн. Ошол себептен бул мезгилде балдарга билгичтик менен мамиле кылуу зарыл. Алардын илимий, көркөм эстетикалык кызыгуулары ж.б. эгер туура багыт берилсе, алар өз үстүнөн өзү иштеп, өз алдынча билим алуунун жолдорун, методдорун пайдаланууга аракеттенет.

Өспүрүмдөр материалды эске сактоо, эске түшүрүү үчүн салыштыруу, системалоо, классификациялоо жолдорун колдонушат. Эске сакталуучу материалдардын көлөмү жана тездиги жогорулайт. Өспүрүмдөр материалдардын мазмунун аңтарып, өзү түшүнүүгө аракеттенишет. Бул жаштагы балдардын ойлоосунун өзгөчөлүгү, анын сынчылдыгында [107, 105-б.].

Ата-энелер бул жаштагы өспүрүмдөрдү тарбиялоодо бул таануу процесстерин да эске алуусу зарыл.

***Эрте жигиттик курак (15-18 жаш).*** Бул мезгилде организмдин жетилүүсү аяктайт. Балдардын өзүн-өзү тарбиялоо, өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү өстүрүүгө кызыккан мезгили».

Г. Мадаминов кыргыздардын энелик тарбиясынын маңызын, мазмунун өтө терең иштеп чыгып, жалпы өлкөгө «Энелер мектеби» деген ат менен таратып жүрөт. Ошондой эле ал бала тарбиялоонун методдору тууралуу төмөнкүдөй пикирин айтат: «Балдарды тарбиялоонун методдору – бул ата-энелер алардын жардамы менен баланын инсандыгынын калыптанышына таасир этүүчү ыкмалары. Методдор максаттын өзгөрүшүнө, балдардын жашына жана конкреттүү шарттарга жараша өзгөрүп турат. Эң көп пайдаланылган тарбия методдору:

*Ынандыруу* – тарбия берүүнүн негизги методу. Окуучуларды тарбиялоодо ынандыруу формаларын колдонуу: этикалык маек, этикалык аңгеме, түшүндүрүү, акыл эстүү айтуу, мисал келтирүү, үлгү көрсөтүү, кеңеш, сунуш берүү.

*Адат алдыруу*. Көнүктүрүү, машыктыруу жана окуучунун жатыктыкка, жакшы жүрүм-турумга үйрөнүп калыптанышында алардын ролу.

*Талап кылуу баланын турмуш жолун уюштуруучу ыкма.* Мында балдар үй-бүлөдө өздөрүнө тиешелүү тиричилик жумуштарын аткаруусун, өзүн өзү тейлөөсүн, сабактан берилген үй тапшырмаларды аткаруусу, адептик жүрүм-турум эрежелерин сактоосун, ж.б.ларды өз убагында жана туура аткаруусун талап кылуу деп түшүнөбүз.

*Сыйлык берүү жана жазалоо.* Буларда үй-бүлөдө пайдалануучу методдор болуп эсептелет. Бирок өтө этияттык менен бала ашыкча сыйлоого да, ыза кылып кемсинтүүгө, уруп -согуп жазалоого да жол бербестен кылдат пайдаланууну талап кылат.

*Турмуштук, проблемалык кырдаалдарды тарбиялык таасир берүүдө пайдалануу*.

*Оюн, жарыш, мелдеш, атаандаштык* (жакшы мааниде) [99, 15-б.].

Жогоруда биз азыркы мектепте балдарды тарбиялоодо салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун айрым гана тажрыйбалары тууралуу сөз кылдык, бул албетте, көп педагог окумуштуулар жана мугалимдер тарабынан колдонулуп келе жаткан көрүнүш болуп саналат.

## 3.2.Үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоо салттарын азыркы учурда таалим-тарбия процессинде колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн жогорку класстардын окуучулары кандайча биле тургандыгын аныктоо максатында төмөнкүдөй иш-чараларды жүргүздүк.

*№1 методика: Окуучуларынын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн билүү жана баалоосу*

*Шарты:* Бул жерде шартка ылайык окуучуларга он сүйлөм окулуп берилет. Ошол сүйлөмдөрдөгү айтылган ой-пикирлер менен толук макул болгондор – 5, бир-эки жеринен анча толук эместер болуп калгандар – 4, бир аз макул болгондор – 3, көп эле макул болбогондор – 2, такыр макул болбогондор – 1 алат.

Суроонун катар номерлери менен кошо баллы жазылып кетет.

М.: 1. – 5;

2. – 2;

3. – 3 ж.б.д.у.с.

*Суроолор:*

1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө ата чечүүчү ролдо болгон.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө апа чечүүчү ролдо болгон.

3. Тамакты эң биринчи үй ээсине коюп беришкен.

4. Тамакты эң биринчи мейманга коюп беришкен.

5. Кыргыздар эң биринчи коноктун атын алган.

6. Кыргыздар эң биринчи коноктун колун жуудурган.

7. Кыргыз үй-бүлөсүндө келинди негизинен кайнеси тарбиялаган.

8. Кыргыз үй-бүлөсүндө келинди негизинен күйөөсү тарбиялаган.

9. Салттуу үй-бүлөдө конок тосууга бүт үй-бүлө мүчөлөрү катышкан.

10. Салттуу үй-бүлөдө конок тосууга ата-энелер гана катышкан.

*Жыйынтыгын иштеп чыгуу:*

2, 4, 6, 10 номердеги терс суроолор (туура эмес жооптор) мындайча жыйынтыкталат: 4 баллга – 1 бирдик; 3 баллга – 2 бирдик; 2 баллга – 3 бирдик; 1 баллга – 4 бирдик. Калгандарга канча балл болсо, ошончо бирдик берилет.

*Жыйынтыкты баалоо:*

34-40 бирдик – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын билүүнүн жогорку деңгээли.

24-33 бирдик – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын билүүнүн орто деңгээли.

16-23 бирдик – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын билүүнүн ортодон төмөнкү деңгээли.

10-15 бирдик – салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын билүүнүн төмөнкү деңгээли.

*№2 методика: Мугалимдердин салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүн азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алуу деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү*

*Шарты:*

1. Мугалимдердин иш пландарында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо боюнча тажрыйбалары кандайча чагылдыргандыгын анализдөө.

2. Мугалимдердин өзү окуткан класстарында окуучулардын канчалык деңгээлде ата-энелеринин элдик тарбиялоо боюнча салттарын колдонуп жаткандыгын билүү.

3. Мугалимдердин тарбиялык иш-чараларына катышып, алар окуучулардын курагына жараша канчалык деңгээлде элдик салттарды колдонгондугун аныктоо.

*Баалоо критерийлери:*

Мугалимдердин салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн тарбиялоо өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүктөргө ээ болушу (жогору – орто – төмөн).

Мугалимдердин тарбиялык иш-чараларында салттуу үй-бүлөлөрдө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын чагылдырышы.

Сабак процессинде (көркөм чыгармаларды талдоо, этнографиялык материалдарды анализдөө, тарыхый маалыматтарды түшүндүрүү ж.б. учурларда) салттуу үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоо учурларына баа берүүсү ж.б.

Булардын жыйынтыгын байкоо, мугалимдердин иш пландарын текшерүү, мугалимдердин тарбиялык иш-чараларына катышуу, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү методдору менен аныктадык. Ошондо абал төмөнкүдөй көрүндү.

**Таблица 3.2. – Мугалимдердин тарбиялык иштеринде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн пайдалана алуу деңгээли (% менен)**

| № | Мектептер | Жогорку деңгээл | Орто Деңгээл | Төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кербен шаарындагы | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | №14 Ж. Мавлянов атындагы Кербен инновациялык жатак-мектеби | 38 | 36 | 26 |
| 2 | Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектеби | 31 | 42 | 27 |
| 3 | Ош шаарынын №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектеби | 33 | 45 | 22 |
| 4 | Ош областынын Кара-Суу районундагы №58 Ак-Буура мектеби | 28 | 35 | 37 |
| 5 | Ош областынын Кара-Суу районундагы №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектеби | 29 | 42 | 29 |
| | **Орточо** | **31,8** | **40,00** | **28,2** |

Жогорудагыдан көрүнүп тургандай, мугалимдердин тарбиялык иштеринде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн пайдалана алуу деңгээли жогорку: Кербен инновациялык жатак-мектебинде – 38, Навои атындагы №18 гимназия мектебинде – 31, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 33, №58 Ак-Буура мектебинде – 28, №11

Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 29 пайыз болду, ал эми орто деңгээл – Кербен инновациялык жатак-мектебинде – 36, Навои атындагы №18 гимназия мектебинде – 42, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 45, №58 Ак-Буура мектебинде – 35, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 42 пайызды түздү. Төмөнкү деңгээл мындай көрсөткүчтөргө ээ болду: Кербен инновациялык жатак-мектебинде – 26, Навои атындагы №18 гимназия мектебинде – 27, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 22, №58 Ак-Буура мектебинде – 37, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 29 пайыз. Жалпы беш мектепти кошуп, орточо жыйынтык алганда – жогорку көрсөткүч 31,8 пайыз, орто көрсөткүч – 40 пайыз, төмөн көрсөткүч – 28,2 пайыз.

Мына ушундан биздин иш-аракеттерибиздин багыты аныкталды. Алар:

1. Мугалимдерге салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө карап тарбиялоо боюнча этнографиялык изилдөөлөрдү сунуш кылуу.

2. Аталган проблема боюнча этнопедагогикалык эмгектер менен тааныштыруу.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн тажрыйбаларын алып жүргөн ата-энелердин иш тажрыйбаларын үйрөнүү.

4. Мугалимдер үчүн атайын семинар уюштуруу. Ал семинардын программасы төмөнкүдөй түзүлдү.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо боюнча тажрыйбаларды мугалимдер гана эмес, ата-энелер кандайча пайдаланарын билүү максатында 76 окуучунун ата-энесин сурамжылоого тарттык. Анда төмөнкүдөй проблемалар аныкталды:

1. Ата-энелердин кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн билүү деңгээли.

**Таблица 3.3. – Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүү боюнча семинардын программасы**

| № | Темасы | Берилген убактысы | Семинардын формасы | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды туулгандан тартып беш жашка чейин тарбиялоо өзгөчөлүктөрү | 1 саат | дарс | |
| 2. | Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды беш жаштан он жашка чейин тарбиялоо өзгөчөлүктөрү | 1 саат | дарс | |
| 3. | Салттуу үй-бүлөдө балдарды он жаштан он алты жашка чейин тарбиялоо өзгөчөлүктөрү | 1 саат | | диспут |
| 4. | Кыргыз үй-бүлөсүндө кыз балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү | 1 саат | | диспут |
| 5. | Кыргыз үй-бүлөсүндө эркек балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү | 1 саат | | диспут |
| 6. | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тажрыйбаларын азыркы практикада пайдалануунун зарылдыгы, мүмкүнчүлүктөрү, педагогикалык шарттары | 1 саат | | практикалык сабак |
| 7. | Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы практикада пайдалануунун заманбап технологиялары | 1 саат | | практикалык сабак |

2. Ата-энелерди өз балдарын тарбиялоо ишмердүүлүгүндө кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын пайдалануусу.

Бул проблемаларды туура аныктоо үчүн төмөнкүдөй методдорду колдондук: аңгемелешүү; тарбиялык иш-чараларга катышуу; анкеттөө ж.б.

**Таблица 3.4 – Ата-энелердин жеке практикасында салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн пайдалана алуу деңгээли (% менен)**

| № | Мектептерди а-энелери | Жогорку деңгээл | Орто Деңгээл | Төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалал-Абад стынын Аксы нунун Кербен ындагы №14 Иавлянов дагы Кербен вациялык к-мектеби | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 28 | 31 | 41 |
| 2 | Ош ɒынын Навои ɪдагы №18 ɪазия мектеби | 25 | 39 | 36 |
| 3 | Ош ɪарынын №52 Кыргыз-Түрк ɪтугу» мектеби | 30 | 38 | 32 |
| 4 | Ош ɪстынын Кара- районундагы Ак-Буура мектеби | 27 | 33 | 40 |
| 5 | Ош ɪстынын Кара- районундагы Ж. Атабаев ɪдагы орто ɪеби | 34 | 30 | 36 |
| | **Орточо** | **28,8** | **43,2** | **37,0** |

Бул тажрыйбадан байкалгандай, ата-энелердин балдарды тарбиялоо иш-аракеттеринде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн пайдалануу деңгээли жогорку: Кербен инновациялык жатак-мектебинде – 28, Навои атындагы №18 гимназия мектебинде – 25, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 30, №58 Ак-Буура мектебинде – 27, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 34 пайыз болду, ал эми орто деңгээл – Кербен инновациялык жатак-мектебинде – 31, Навои атындагы №18 гимназия

мектебинде – 39, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 38, №58 Ак-Буура мектебинде – 33, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 30 пайызды түздү. Төмөнкү деңгээл мындай: Кербен инновациялык жатак – мектебинде – 41, Навои атындагы №18 гимназия мектебинде – 36, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебинде – 32, №58 Ак-Буура мектебинде – 40, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектебинде – 36 пайыз. Жалпы беш мектептин ата-энелерин кошуп, орточо жыйынтык алганда – жогорку көрсөткүч 28,8 пайыз, орто көрсөткүч – 43,2 пайыз, төмөн көрсөткүч – 32, 0 пайыз.

Окуучулардын кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн өздөштүргөндүгүнүн айрым көрсөткүчтөрүн өлчөө жана аларды баалоо үчүн тарбиялык аңгемелерди талдоо методун пайдаландык.

Мугалимдердин биздин проблема боюнча компетенттүүлүктөрү төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. КР тарбиялоо концепцияларында, ар кандай нормативдик документтерде салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тарбиялоо тажрыйбаларын, анын ичинде балдарды курагына жараша тарбиялоонун ыкмаларын азыркы педагогикалык процессте колдонуу тууралуу багыттамалар, нускамалар берилбей келет.

2. Мугалимдердин жана тарбиячылардын салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн балдарды курагына жараша тарбиялоо тууралуу компетенттүүлүктөрү өз деңгээлинде эмес, демек, педагогикалык билим берүүчү жогорку окуу жайларынын педагогика, этнопедагогика, тарбиялоонун теориясы дисциплиналарында, педагогикалык практика учурунда бул проблемага жетишерлик көңүл бурулбайт.

3. Мектептерде салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн балдарды курагына жараша тарбиялоо тууралуу этнопедагогикалык багыттагы иш-чаралар өз

деңгээлинде өткөрүлбөйт, андан иштер өткөрүлгөн кезде да илимий-методикалык базага бекем таянылбайт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүктөрү эң биринчи кезекте кыргыз адабияты сабактарында ишке ашырылды. Алардын ичинен элдик фольклордон «Манас» эпосу, дидактикалык чыгармалар (макал-ылакап, табышмак), элдик ырчылардан Б.Алыкуловдун, Т.Сатылгановдун, Жеңижоктун, Тоголок Молдонунун, Калыгулдун, Арстанбектин балалык тууралуу ырларын окутуу процессинде сынактан өткөрдүк.

Экинчи учурда балдар турмушун чагылдырган Ч. Айтматовдун «Балалыгым», «Эрте келген турналар», Т. Сыдыкбековдун «Сагынбадымбы», «Тоо балдары», А.Т окомбаевдин «Мезгил учат» деген чыгармаларынын мисалында үй-бүлөлүк тарбия салттарын көрсөттүк.

Тарбиялык сабактарда биздин проблемага байланыштуу төмөнкү темаларда аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.

1. Кыргыз элинин балдарды тарбиялоо салттары.
2. Кыз балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.
3. Жентек той.
4. Тушоо кесүү.
5. Кыздын чачын өрдүрүү.
6. Баланы тайга мингизүү.
7. Сүннөт жана сүннөт той.
8. Эне мээрими чексиз.
9. Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектеп практикасында колдонууда төмөнкүдөй багыттардын зарылдыгы белгиледик:

– адабий чыгармаларды кыргыздардын салттуу педагогикалык маданияты

менен биримдикте талдоо;

– азыркы окуучуларды салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн тажрыйбалары менен тарбиялоо ишмердүүлүгүн алар жашаган коомдук чөйрө менен байланышта жүргүзүү;

– окуучуларды салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн тажрыйбалары менен тарбиялоо ишмердүүлүгүн замандын социалдык-коомдук талабы менен биримдикте ишке ашыруу;

– салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектепте колдонуунун аң-сезимдүү ишке ашыруу;

– салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектепте колдонуунун активдүү колдоо ж.б.

Мына ушундай багыттар менен бирге эле окутуунун жана тарбиялоонун ар түрдүү майнаптуу методдорун да колдонууга аракет кылдык.

Бир ырды окутуу технологияларын карап көрөлү.

**Тема: Жеңижок «Балалык»**

***Максаты:*** Ырды талдоо менен кыргыз элинин үй-бүлөлүк педагогикалык маданиятындагы балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө педагогикалык, психологиялык аспектиден баа берүү салтын түшүндүрүү.

***Мугалимдин кириш сөзү:*** Ырдын башында акын санат ырын көп айтып келген кушчудан чыккан Сартпай, Чоңду, ак селдечен, ичкилик акуну Нурмолдо, булардан башка Майлыкожо, Кулунчак, казактан чыккан Майкөт, Иренчек, карыганча ырдаган Айдараалы, Аттокур, кыйкырып ырдап чыккан Кызылчеке, Төрөкул ж.б. акындар тууралуу маалымат берет. Мына ушунча көп акын санатчылар не бир темаларда, не бир тагдырлар тууралуу ырдашканы менен бир да бирөө балалыкты ырга салган эмес.

*Окуучуларга суроо: Эмне үчүн?*

*Жооптор:* биринчи варианттар: Алар балалык тууралуу ырдоону майда

тема деп эсептешкен.

Экинчи варианттар: Бул акындардын көбү бала чагын унутуп калган.

Үчүнчү варианттар: Балким алардын балалык тууралуу ырдаганын Жеңижок билбей калгандыр.

***Ырды окуу:*** Бир жашарда билбеген,

Эки жашар болгондо,

Энесине эркелеп,

Ыйлап жүргөн балалык.

Элде жокту тапкын деп,

Кыйнап жүргөн балалык.

Атасына эркелеп,

Ыйлап жүргөн балалык.

Айылда жокту тапкын деп,

Кыйнап жүргөн балалык [69, 28-29-бб.].

***Мугалимдин суроосу:*** Акын бир-эки жашын ушинтип ырдайт, силер бир-эки жашыңарды кандай элестейсиңер?

Окуучулардын түрдүү жооптору:

– Мен 1-2 жашымды элестете албайм.

– Мен бул жашта өтө тентек болгон экемин, колума эмне кирсе, ошону алып кете берет экемин.

– Мен 1-2 жашымда аябай ыйлаак болуптурмун ж.б.

*Жыйынтык:* 1-2 жашар бала эч нерсени билбейт, энесине, атасына эркелеп ыйлайт, аны бер, муну бер деп кыйнайт. Бирок дал ушул кезде баланы тарбиялоонун чоң милдети ата-энеге жүктөлөт: алар – баланы ашыкча эркелетпөө; баланын эмнеге, неден ыйлап жаткан себептерин билүү; баланын курсагын эне сүтү менен ток кармоо; баланын бешикте жатып, акырын термелип, бешик ырын угуп уктоосуна шарт түзүү; баланы кыймыл-аракетке келтирүү; баланы жөрмөлөтүү, отургузуу, бастыруу иш-аракеттерин туура

жүргүзүү.

*Текст окуу:*

Үчкө жашы толгондо,

Үй-бүлөдө тили бал.

Үйдүн ичин чаңытып,

Үч көтөрчү жини бар [69, 28-29-бб.].

Баланы «үй-бөлөдө тили бар» дегени эмнеси? Бул ошол баланын тили чыгып, ар кандай сөздөрдү туура болсо да, туура эмес болсо да балдырып айтып, ата-энени кубантышы.

Бул кезде бала эне тилин үйрөнүүнүн чоң сабагын алат, ошону үчүн ага чоң ата, чоң энелер, айылдагы манасчылар, комузчулар, ырчылар, санжырачылар ж.б. сөз устаттары сөзсүз таасир этет. Ошону үчүн баланын ата-энеси алардын таасирине коюшу керек. Жатар кезде же бала бош боло калганда ага жомокторду айтып берүү өзгөчө пайдалуу болгон.

Жеңижоктун «Балалык» ырында андан ары «Төрткө жашы барганда, баланын сайрап турганы, жайнап турганы», «Бешке жашы барганда, кой десе болбой балчык кечип ойногону, атчандарды чапанын тескери кийип алып чочутканы, кийиминин бир жери ачылып калса уят деп корунбаганы» айтылат.

Сабак процессинде абдан кызыктуу ыкма – окуучуларды эң жаш – 4-5 жаштагы курагын эстетирүү, алардан кандай элес калгандыгын эстетүү. Мында окуучулар абдан кызыктуу окуяларын, же кийин ата-энелеринен уккандарын айтып беришет.

*Жеңижоктун акындык түшүндүрмөсүндө бала:* «Алты жашта жеңе менен эжеден уялбайт, ак сакалдуу кишини сиз дебейт, оокат үчүн умтулуп иштебейт, ата менен эненин баркын билбейт, алган менен саткандын наркын билбейт».

«Сегиз жашта оюнга тойбойт, ок жыландай сойлойт, торпокту минип жүдөтөт, кулун менен тайларды кубалайт, жар боорунан балапан алат».

*Андан ары:*

Тогуз жашка чыкканда,

Дөбөт менен мышыкты,

Кабыштырган балалык.

Кимиси кыйын экен деп,

Салыштырган балалык [69, 28-29-бб.].

Жеңижок тоо койнунда эркин өскөн, мал менен бирге чоңойгон баланын дүйнөсүн ачып берет.

Ошол баланы коштоп жүргөн жаныбарлар: ит (дөбөт), мышык. Бул эки жаныбарды уруштуруу – тентектиктин жеткен чеги.

Бала күн өткөн сайын өсөт: акыл-эси, бой-келбети, ой жүгүртүүсү, турмушту жана дүйнөнү таанып билүүсү. Он эки-он үч жашка келгенде инсан катары калыптануусу аябай активдешет:

Он үчкө жашы чыкканда,

Кыраңдын терет гүлдөрүн.

Карагат издеп кетишет,

Калтырып алыс үйлөрүн.

Кымыздык, ышкын теришет,

Кызыгын көрүп дүйнөнүн.

Куулук менен иши жок,

Кубанып айтат билгенин.

Көчүгүн күндө жоорутуп,

Көрөсүң тайды мингенин.

Күлкү менен өткөрөт,

Күнгө бет тоонун түндөрүн [69, 28-29-бб.].

Жеңижоктун кыргыз этнопедагогикасына таянып чыгарган жыйынтыгы балага таасир эткен башкы нерсе – жаратылыш, анын ичинде – жайлоо, төрт түлүк мал, кыргыз баласынын курчап турган табият дүйнөсү да көп түрдүү –

кыраңдын кызыл гүлү, карагат, кымыздык, ышкын, төрт түлүктөн жылкы баласы – тай. Акындын сүрөттөөсүндө баланын бул курагы али арамдыкты, куулукту биле элек кези, ал кезди акын жайлоонун тазалыгы менен ассоцациялайт.

Он төрткө жашы келгенде,

Дердейип калат кичине.

Каранып калат бой-башын,

Келин-кыз кирип түшүнө.

Далбас урат делөөрүп,

Жанышып бирге жүрүүгө [69, 28-29-бб.].

Он төрт жашар баланын өзгөчөлүктөрү: «дердейип калышы», «бою-башын каранып калышы», «далбас урушу», «делөөрүп калышы», «түшүнө келин-кыздын кирип чыгышы». Бул кезде өспүрүмдүн бой-келбети өзгөрөт, үнү корулдап, жоон чыгат, алгачкы балалык сезими пайда болот ж.б.

Он бешке жашы барганда,

Оюнга тойбойт көңүлү,

Орчун дөөлөт балалык.

Ойлоп жолго салалык [69, 28-29-бб.].

Он беш жашар баланын өзгөчөлүктөрү: «көңүлүнүн оюнга тойбошу», ошону үчүн бул куракта «орчун дөөлөт» деп атайт. Бул дөөлөт, ырыскы адамга бир гана жолу берилет, ал кайрылып келбейт, андыктан да аны пайдалуу кылып, ойлоп узатылы деген оюн айтат акын.

Он алтыга барганда,

Оюн салган кунандай,

Окторулган жыландай,

Ордунда турбас балалык [69, 28-29-бб.].

Он алты жашар баланын курагы «оюн калган кунанга», «окторулган жыланга» салыштырылып, бул куракытын өзгөчөлүктөрү өтө таамай берилип

жатат. Ал кунандай карматпай, туйлап турат, айтканга көнбөйт, жыландай октолуп адамди тиктеп турат. Демек, мындай балага таасир этүү да, аны тарбиялоо да кыйын: оңой менен сөз укпайт, оңой менен жетекке көнбөйт.

Он жетиге барганда,

Ой, тоону кезип ышкырат.

Ой, санаасы жок болот,

Оюндан көөнү ток болот,

Ойлонуп бир аз иш кылат [69, 28-29.бб.].

Он жети жашар баланын өзгөчөлүктөрү: «ой, тоону кезип ышкырып жүрүшү», «ой, санаасынын жок болушу», ошол эле кезде «бир аз ойлонуп иш кыла башташы», демек, өз жолу, тагдыры, келечеги, кесип-өнөрү тууралуу ойлоно башташы.

Он сегизинде – ооматы жүргөн кези, он тогузу – омоктуу жашка өткөнү. Ошентип адамдын балалык доору бүтөт.

Жеңижок акындын «Балалык» деген ырын талдоо процессинде окуучулар акын элдик булактарга, өзүнүн тажрыйбасына таянуу менен балдардын инсан катары калыптануу процессин кыргыздык өзгөчөлүктөр менен биримдикте чагылдырганын аңдап билет.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө карап тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектеп практикасында пайдаланууну төмөнкүдөй педагогикалык методдор менен ишке ашырууну көргөздүк:

1. Көркөм чыгармаларды окутуу процессинде ошол чыгармалардагы балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө басым жасоо менен талдоо методу.

2. Чыгармалардагы кыргыз элинин тарбиялоо салттарын таап, аларды этнопедагогикалык аспектиден чечмелөө.

## Үчүнчү глава боюнча корутунду

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курак өзгөчөлүктөрүн жараша тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы мектеп практикасында кандайча колдонулуп жаткандыгы этнопедагог окумуштуулардын (А. Алимбеков, Н.А. Асипова, А.Т. Калдыбаева, Г.К. Карабалаева, Р.Н. Умарова ж.б.) эмгектеринин негизинде чагылдырылды. Алар элдик педагогиканын каражаттарын жана методдорун колдонуунун илимий негиздерин иштеп чыккан жана алар бул чыгармачылык ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн белгилешкен.

Диссертацияда новатор-педагог Г. Мадаминовдун иш таржрыйбалары бир кыйла кеңири чагылдырылды, ал мугалимдер арасында азыркы учурда жайылтып жаткан «Энелер мектеби» деген долбоорунун негизги идеяларын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун принциптерин жана ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырган.

Мектептерде биздин тема боюнча проблеманын кандайча пайдаланыл жаткандыгын байкоо үчүн Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кербен шаарындагы №14 Ж. Мавлянов атындагы Кербен инновациялык жатак-мектебин, Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектебин, №52 «Кыргыз-Түрк достугу» мектебин, Ош областынын Кара-Суу районундагы №58 Ак-Буура, №11 Ж. Атабаев атындагы орто мектептерин тандап алдык. Андай тандап алуубузга бул мектептердин ар түрдүү аймактарда жайгашкандыгы, окуучуларынын шаардык жана айылдык контингентте турушу себеп болду. Адегенде кыргыз элинин салттуу үй-бүлөлөрүндө балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбиялоонун тажрыйбаларын азыркы мектепте колдонуу практикасын канчалык деңгээлде ишке ашырылып жаткандагын аныктоо милдетин алдыга койгонубузда жалпы абал түшүнүктүү болду. Ага ылайык элдик педагогикалык маданияттын прогрессивдүү салттары, анын

ичинде үй-бүлөдө балдарды курагына жараша тарбиялоонун тажрыйбалары азыркы мектептерде толук колдонулбай жаткандыгы аныкталды. Анын себептери жана типтүү кемчилдиктери биздин изилдөө боюнча төмөнкүлөр менен байланыштуу болду: биринчиси, учурдагы билим берүү системасынын элдик педагогикалык маданияттан алыс калгандыгы; экинчиси, педагогикалык адабияттарда салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн тарбиялоо тажрыйбаларын жеткиликтүү чагылдыра албай жаткандыгы; үчүнчүсү, ата-бабалардын балдарды тарбиялоо иш-аракеттери менен азыркы ата-энелердин тарбиялоо ишмердүүлүктөрүнүн байланыштарынын бекем эместиги.

Жүргүзүлгөн байкоолор салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын азыркы учурда колдонуунун зарылдыгын, мүмкүнчүлүктөрүн көрсөттү. Мектеп тажрыйбаларын үйрөнүү биз алдыга койгон педагогикалык шарттарындын тууралыгын тастыктады, ал шарттар: окуучуларды салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды курагына жараша тарбиялоо методдорунун, каражаттарынын азыркы доор үчүн да актуалдуу болорлугу; үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо алардын курак өзгөчөлүгүн классикалык педагогикада да, салттуу педагогикада да биримдикте, шайкеш кароонун зарылдыгы; салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларын учурдагы билим берүү уюмдарынын окуу жана тарбиялоо ишмердүүлүгүндө колдонуунун таасирдүүлүгүн улам жогорулатып, аларды эффективдүү пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн издөө. Бул жагынан биздин диссертация жазуунун алдына койгон божомолубуздун тууралыгы тастыкталды.

Өз тажрыйбабыз катары аталган тема боюнча семинардын программасын сунуштадык, кыргыз адабиятында Жеңижоктун «Балалык» деген ырын окутуу процессинде элдик педагогикадагы балдарды курагына жараша тарбиялоонун мисалдарын көрсөтүп бердик.

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул диссертациялык изилдөө кыргыз тарыхый этнопедагогикасынын бир аспектиси болгон салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо тажрыйбаларын изилдөөгө багытталган. Эмгекте коюлган милдеттердин чегинде фольклорго, психологияга, этнографияга, педагогикага, этнопедагогикага таандык илимий жана эмпирикалык булактарды, тажрыйбаларды талдоонун жана жаңы сунуштарды айтуунун негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарылды:

1. **Биринчи милдет** кыргыздардын балдарды тарбиялоо маданиятында «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү» түшүнүктөрүнө терминологиялык анализ берүү, бул түшүнүктөрдүн мазмунун, функцияларын, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маанисин айкындоо болгон. Бул түшүнүктөр көптөгөн кылымдар бою эвлюцияны баштан кечирип, өнүгүп, өзгөчө педагогикалык феноменге айланган. Бул түшүнүк эчен муундарга тиешелүү болуп, анын белгилери эпикалык доордо апогейине жеткендиги «Манас» эпосу баш болгон руханий мурастардан, тарыхый-мифологиялык, санжыралык чыгармалардан, элдик төкмө акындардын ырларынан, этнографиялык материалдардан көрүнүп турат. Балдарды тарбиялоодо жаш курактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу салттуу кыргыз үй бүлөсүндөгү өзөктүү идея, эң башкы принцип катары бардык иш-аракеттерде жетекчиликке алынган. Салттык турмушта балдарды (наристе, кыркы чыккан, жөрмөлөгөн, там-туң баскан, тили булдураган, тай мингенге жараган, эрезеге жеткен, бой тарткан, жигит) жана кыздарды (беш көкүл, бийкеч, жаш келин, зайып), жалпы эле чоң адамдарды да өмүрүнүн курагына карай (мойсопут, ак чач, аксакал, байбиче, тиши түшкөн) бөлүштүрүп, ар бир куракка жараша мамиле кылуу боюнча этикалык нормалар иштелип чыккан. Мына ушул

түшүнүктөрдү азыркы доордо жаңыртуу менен пайдалануу улуттук иденттүүлүгүбүздү, кыргыздык белгилерибизди сактоодо өзгөчө мааниге ээ.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздерин, илимий методдорун аныктоо, балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо маселесин тарыхый-этнопедагогикалык эволюциясын көрсөтүү боюнча **экинчи милдетке** ылайык салттуу үй-бүлө түшүнүгү байыркы убактан бери эле колдонулуп келет, мына ошол үй-бүлөдө балдарды куракка жараша бөлүштүрүүнүн узак тарыхы жана эволюциясы бар, этнопедагогикалык адабияттарда болсун, курак психологиясы боюнча эмгектерде болсун адамды жашка ажыратууда алардын физиологиялык, психологиялык өнүгүүсү эске алынган. Кыргыз элинде да балдарды курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбия жана эмпирикалык билим берүү традициясы сакталган. Кыргыздардын салтты карманган үй-бүлөсүндө балдарды курагына карап тарбиялоонун максаты жана мазмуну алардын инсан катары чыгарган адамдарынын мекенчил, эмгекчил, адептүү, акыл-эстүү, сулуулукту көрө билген, дене-бою чың, эли-жеринен коргоого даяр турган деңгээлге жеткирүү болгон. Салттуу тарбия маданиятында балдардын ар бир курактык баскычы алардын физиологиялык, психологиялык, руханий, адептик, социалдык жүрүм-турумдук көрсөткүчтөр менен аныкталып келген. Биз тандаган методологиялык таянычтарга ылайык салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо боюнча билим жана тажрыйбалар этномаданий чөйрөдөгү педагогиалык маданияттын кубулушу катары өз алдынча таанымдык жана функционалдык мааниге ээ болуп бүгүнкү классикалык психологиялык, педагогикалык көз караштарды локалдык чөйрөдө толуктап турат.

3. **Үчүнчү милдет** элдик педагогикалык маданиятта балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлорун, принциптерин, каражаттарын, методдорун айкындоо болгон. Салттуу кыргыз

үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоодо ата-энелер табият, коом, үй-бүлө, эне тили, элдик майрамдар, тойлор, балдар оюндары, улуттук салттар, дин, чөйрө, анын ичинде аксакалдар, уруу башчылары, достор, коңшулардын иш аракети көп кырдуу факторлор катары ортого чыккандыгы аныкталды. Жаш куралтык өзгөчөлүктөрүнө карап тарбиялоо жана социалдаштырууга байланыштуу билимдер макалдардан баштап «Манас» эпосуна чейинки бардык булактарда катталып күндөлүк турмушта айрыкча эмгекке даярдоонун түрдүү баскычтарында критерий ориентир катары жеткечиликке алынып келгендиги тастыкталды. Балдарды курак жашына карап тарбиялоо практикасына тике тиешелүү каражаттар катары фольклор, оюн жана эмгекти өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Салттуу кыргыз үй бүлөсүндө фольклордук чыгармалар балдардын куралтык өнүгүү жана кабылдоо өзгөчөлүктөрүнө жараша жөнөкөйдөн татаалга карай ырааттуу колдонулган. Куралтык өзгөчөлүктөргө ылайык элдик педагогикада аңгемелешүү, түшүндүрүү, ишендирүү, кеңеш берүү, үйрөтүү, көрсөтүү, жалынып-жалбаруу сыяктуу методдор балдардын ак кара, акыйкат менен жалганды айрып билүүгө багытталып баштапкы курактарда көбүрөөк пайдаланылса, талап кылуу, буйруу, жатыктыруу, бата берүү, кайра үйрөтүү жана көнүктүрүү жактырбай кароо, алдоо, керээз, ишеним сыяктуу методдор өспүрүм курактан баштап колдонула баштаган.

4. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугун аныктоо боюнча **төртүнчү милдетке** ылайык изилдөөдө жыйынтыктар балдарды тарбиялоодо курактык өзгөчөлүктөргө таянуу багытындагы тажрыйбалар көп кырдуу аспекттерди камтыгандыгына байланыштуу дээрлик бардык билим берүү уюмдарында орун алып келе жаткандыгын көрсөттү. Бул процесс илимий-методикалык ресурстардын кайсы тармакта көбүрөөк жаралышынан көз каранды болууда. Практикалык өңүттөгү

тарбиялык иштер балдардын курактык этномаданий иденттүүлүгүн аңдоо, түшүнүү, рефлекция жасоосуна багытталган. Ошону менен бирдикте бул багыттагы иштердин кайтарымдуулугун арттыруу ата-энелердин, ошондой эле мугалим-тарбиячылардын салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү тууралуу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдөн көз каранды экендигин көрсөттү.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:**

1. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары этнопедагогикалык илимдердин салаасы катары активдүү изилдениши зарыл.

2. Балдарды курагына жараша тарбиялоонун «кыргыздык модели» азыркы мектеп практикасында жана үй-бүлөлүк тарбиялоо ишмердүүлүгүндө кеңири колдонулушу кажет.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак жашына ылайык тарбиялоо боюнча билим жана тажрыйбаларды педагогика курстарынын мазмунуна киргизип, ата-энелердин, мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө колдонуу зарыл.

Бул диссертациялык иште проблемадагы бардык маселелер чечилди деп айта албайбыз. Кыргыз фольклордук чыгармалардын балдардын курактык баскычтар боюнча өнүгүшүндөгү доминанттык тарбиялык потенциалын айкындоо өз алдынча изилдөө предмети болууга тийиш.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абдраимова, Р. Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо [Текст]: пед. илим. д-ру … дис. / Р.А. Абдураимова. – Киев, 2006. – 232 б.

2. Абдраимова, Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей [Текст] / Р.А. Абдыраимова. – Киев: 1997. – 187 с.

3. Абдымомунова, Г.А. Манас эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст]: пед. илим. кан. дис..автореф. 13.00.01. / Г.А. Абдымомунова – Бишкек, 2009. – 19 б.

4. Абдырахманов, С. Апамдын мээрим төккөн элеси дайыма бизди коштоп жүргөндөй болот [Текст]: маектешкен Б. Кулова // Жаңы Ордо. – 2013, 31-май.

5. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С.М. Абрамзон. – Бишкек, 1999. https://new.bizdin.kg/media/books/ Кыргыз_жана_Кыргызстан_тарыхы_боюнча_тандалма_эмгектер.pdf

6. Айтматов, Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы: А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында 1-т [Текст] / Ч. Айтматов. – Бишкек, 1999.

7. Айтматов, Ч. Балалыгым. Китепте: Чыңгыз Айтматов. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 2-бас. 5-том [Текст] / Ч. Айтматов. – Бишкек: Учкун, 2009. – 504 б.

8. Акматалиев, А. Баба салты, эне адеби: элдик салт [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Баласагын, 1993. – 220 б.

9. Акматалиев, А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 б.

10. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2000. – 348 б.

11. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек: Алтын тамыр, 2001 – 42 б.

11. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.

12. Алимбеков, А. Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования [Текст]: автореф. дис. д-ра пед. наук: 13.00.01 /А. Алимбеков. – Бишкек, 2010. – 42 с.

13. Алимбеков, А. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики (На материале педвузов Киргизии): [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / А. Алимбеков. – М.: 1990. – 25 с.

14. Ананьев, Б.Г. О проблемах современного человекознания [Текст] / Б.Г. Ананьев. – М.: Наука, 1977. – 380 с.

15. Ананьев, Б.Г. Психология педагогической оценки. Избранные психологические труды [Текст] / Б.Г. Ананьев. – М.: Педагогика, 1980. – 267 с.

16. Ананьев, Б.Г. Человек как предмет познания [Текст] / Б.Г.Ананьев // Избр. психологические труды: в 2-х т. М., 1980. – Т. 1. – С. 16-178.

17. Анаркулов, Х.Ф. Кыргыз эл оюндары [Текст] / Х.Ф. Анаркулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1991.

18. Анаркулов, Х.Ф. Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения и современность [Текст] / Х.Ф. Анаркулов. – Бишкек, 2003. – 284 б.

19. Анаркулов, Х.Ф. Пути повышения эффективности физического воспитания школьников на основе учёта региональных факторов и народных подвижных игр (на материале Киргизской ССР) [Текст]: автореф. дис. . д-ра пед. наук: 13.00.01 / Х.Ф. Анаркулов. – Бишкек, 1980.

20. Апышов, Б. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников (на материалах сельских школ Киргизской ССР) [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01. / Б. Апышов. – М.: 1974. – 20 б.

21. Апышов, Б. Педагогика. Окуу китеби [Текст] / Б. Апышов, Д. Бабаев, Т. Жоробеков. – Бишкек, 2002. – 440 б.

22. Апышов, Б. Тарбия жараяны (окуу куралы) [Текст] / Б. Апышов. – Бишкек, 2008. – 126 б.

23. Арсалиев, Ш.М. Использование произведений национальной культуры в подготовке учителей начальных классов [Текст]: автореф.дисс.. канд. пед. наук: 13.00.01. / Ш.М. Арсалиев. – М., 1993. – 23 с.

24. Асипова, Н.А. Социалдык тарбия [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек:, 2004. – 185 б.

25. Асипова, Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары [Текст] / Н.А. Асипова. – Бишкек, 2019. – 362 б.

26. Асипова, Н.А. Этнокультурная парадигма в современной теории и практике воспитания Кыргызской Республики / Этнопедагогика в системе образования: опыт, проблемы и перспективы. Материалы межд. научно-практ. конф. XIV Волковские чтения, г. Горно-Алтайск, 26-29 июня 2018 г [Текст] / Н.А. Асипова. – Горно-Алтайск-Бишкек, 2019.

27. Байгазиев, С. Манас эпосунун педагогикасы // китепте: Манастаануу: окуу китеби [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: КМУ, 2013. – 352-382-бб.

28. Байгазиев, С. Балдарга Манас баатыр жөнүндө [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Гүлчынар, 2008. – 164 б.

29. Байгазиев, С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С. Байгазиев, Б. Жээнбеков // Кутбилим, 2010. – 20-авг.

30. Байгазиев, С. Манастаануу: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Гүлчынар, 2010. – 176 б.

31. Байгазиев, С. Улуу Манас – улутубуздун дил жана тил бешиги [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Эркин-Тоо, 1995. – 80 б.

32. Байгазиев, С.О. Манас эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын

образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек, 2013. – 84 б.

33. Байгазиев, С.О. Манас эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнактары [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Алтын тамга, 2014. – 600 б.

34. Байгазиев, С.О. Манасты мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуу: абалы, проблемалары, милдеттери [Текст] / С. Байгазиев // Кутбилим, 2011. – 21-июль.

35. Байгазиев, С. Манас эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Алтын тамга, 2012. – 64 б.

36. Байгазиев, С. Манастын ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Алтын тамга, 2012. – 62 б.

37. Байгазиев, С. Ак калпак кыргыздын рух дөөлөтү: этика жана этнопедагогика [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек, 2015. – 292 б.

38. Байгазиев, С. Аялзаттын тунугу, ак жоолуктун улугу Каныкей – Ала-Тоолук кыздардын руханий-адептик маягы [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: AS Print, 2016. – 68 б.

39. Байгазиев, С. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз [Текст]: мектеп мугалимдери, билим берүү кызматкерлери үчүн / С. Байгазиев. – Бишкек, 1998. – 436 б.

40. Байгазиев, С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек, 2012. – 476 б.

41. Байгазиев, С. Цивилизация жана Ата журт тагдыры [Текст] / С. Байгазиев. – Бишкек: Гүлчынар, 2008. – 798 б.

42. Байсеркеев, Б. Этнические взгляды киргизских акынов-демократов Токтогула Сатылганова и Тоголока Молдо [Текст]: автореф. дис... канд. пед. наук: 13.00.01. / Б. Байсеркеев. – Фрунзе, 1965. – 23 с.

43. Баитова, Ф.Т. Манас эпосу аркылуу болочок мугалимдерди

этнопедагогикалык жактан даярдоо [Текст]: пед. илим. кан. дис. . автореф.: 13.00.01. / Ф.Г. Баитова. – Бишкек: 2016. – 21 б.

44. Байышова, Г.Ж. Мектептердин башталгыч класстарынын сабактан тышкаркы иштеринде элдик салттар аркылуу экологиялык тарбиялоонун илимий негиздери [Текст]: пед. илим. канд. дис. . автореф.: 13.00.01. – Бишкек, 2010. – 22 б.

45. Барпы. 1-том [Текст] / Түз.: Б. Апилов – Бишкек: КЭ, 2015. – 320 б.

46. Бердяев, Н.А. О рабстве и свободе человека [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Просвещение, 1984. – 325 с.

47. Бердяев, Н.А. Самопознание [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Книга, 1991. – 445 с.

48. Бердяев, Н.А. Духовный кризис интеллигенции [Текст] / Н.А. Бердяев. – М.: Канон, 1998. – 389 с.

49. Бережнова Л.Н. Этнопедагогика [Текст]:учебное пособие / Л.Н. Бережнова, И.Л. Набок, В.И. Щеглов. – М.: Академия, 2008. – 231 с.

50. Бешимов, Ж. Народные традиции в нравственном воспитании школьников старшего класса (на материале Кирг. ССР) [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 / Ж. Бешимов. – Казань, 1975. – 21 с.

51. Божович, Л.И. Избранные психологические труды: проблемы-формирования личности [Текст] / Л.И. Божович. – М.: Междун. пед. академия, 1994.

52. Божович, Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте [Текст] / Л.И. Божович. – М.: Просвещение, 1968. – 464 с.

53. Божович, Л.И. Отношение школьников к учению как психологическая проблема [Текст] / Л.И. Божович. – М., 1951.

54. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: Владос, 1999. – 168 с.

55. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: ACADEMA, 2000. – 176 с.

56. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1974. – 367 с.

57. Волков, Г.Н. Созвездия земли: избранная педагогическая публицистика [Текст] / Г.Н. Волков. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1979. – 460 с.

58. Волков, Г.Н. Народная педагогика [Текст]: Краткий словарь-справочник / Г.Н. Волков. – М., 1996. – 54 с.

59. Волков, Г.Н. Педагогика любви: Избранные этнопедагогические сочинения: В 2 т [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: МАГИСТР-ПРЕСС, 2002. – Т. 2. – 460 с.

60. Волков, Г.Н. Педагогика национального спасения: Избранные этнопедагогические сочинения [Текст] / Г.Н. Волков. – Элиста: АПП Джангр, 2003.

61. Выготский, Л.С. Педагогическая психология [Текст] / Л.С. Выготский. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.

62. Выготский, Л.С. Собр. соч. В 6 т. – М., 1954. – Т. 2. – 432 с.

63. Габбасов, С.-Х. Урпак тэрбиесиниң жаңа илими. 1-2-китеп. – [Текст] / С.-Х. Габбасов. – Алматы, Алматы китеп, 2012. – 232 б.

64. Даминова, И. Кыргыз педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу башталгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо [Текст]: пед. илим. канд. дис. . автореф.: 13.00.01 / И. Даминова. – Бишкек, 2010. – 22 б.

65. Дахужева, З.К. Этнокультурное ориентирование образовательной системы региона: научно-педагогические основы и опыт реального функционирования в Республике Адыгея [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / З.К. Дахужева. – Майкоп, 2003. – 18 с.

66. Дюшеева, Н.К. Подготовка будущего учителя к использованию прогрессивных традиций народной педагогики в учебно-воспитательном процессе общеобразовательной школы [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.К. Дюшеева. – Бишкек, 2000. – 23 с.

67. Жаныгулов, К. Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдонуу (XIX-XX к.) [Текст]: пед. илим. канд. . дис. автореф.: 13.00.01 / К. Жаныгулов. – Бишкек, 2009. – 20 б. Эл булак: http://edu.nsu.kg/pluginfile.php/397

68. Залкар акындар. Акындар сериясы. Жеңижок. 2-том [Текст] /Түз.: А. Акматалиев ж.б. – Бишкек: Шам, 1999. – 320 б.

69. Залкар акындар. Акындар сериясы. Музооке, Айтике, Коргол, Эшмамбет. 4-том [Текст] / Түз.: А. Обозканов. – Бишкек: Шам, 2006. – 231-б. – 256 б.

70. Измайлов, А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / А.Э. Измайлов. – М., 1991.

71. Имаева Н. И. Идея воспитания в творчестве кыргызского акына-демократа Токтогула Сатылганова [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.И. Имаева. – Ашхабад, 1970. – 19 с.

72. Имаева, Н. Идеи воспитания в творческом наследии Токтогула [Текст] / Н. Имаева. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 126 с.

73. Иптаров, С. Три священных символ-понятия в педагогической пансофии киргизов // Народная педагогика и современные проблемы воспитания: Материалы Всесоюзной научно-практической конференции [Текст] / С. Иптаров. – Ч.1. – Чебоксары: 1991. – С. 84-89.

74. Каденова, Ж.Т. Манас эпосунда бала Манастын инсан, патриот катары калыптанышында элдик тарбия салттарынын ролу [Текст]: пед. илим. канд. дис. . автореф.: 13.00.01. / Ж.Т. Каденова. – Бишкек, 2018. – 19 б.

75. Калдыбаева, А. Идеи народного воспитания в творческом наследии Калыка Акиева и их использование в современной педагогической практике школ Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / А. Калдыбаева. – Алма-Ата, 1988. – 21 с.

76. Калдыбаева, А. Калык Акиевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси [Текст] / А. Калдыбаева. – Бишкек: 1994. – 164 б.

77. Калдыбаева, А. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар [Текст] / А. Калдыбаева. – Бишкек: 2005. – 344 б.

78. Калдыбаева, А.Т. Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: пед. илим. д-ру дис. . автореф.: 13.00.01 / А. Калдыбаева. – Бишкек, 2007. – 40 б.

79. Карабалаева, Г.Т. Современные проблемы взаимодействия семейного и общественного воспитания [Текст] // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына / Г.Т. Карабалаева. – Бишкек 2013. – С. 370-373.

80. Карагозуева, Г.Ж. Башталгыч класстын окуучуларынын адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим канд. . автореф.: 13.00.01. / Г. Карагозуева. – Бишкек, 2010. – 24 б.

81. Койчуманов, Ж. Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо [Текст] / Ж.И. Койчуманов. – Фрунзе, 1964. – 186 б.

82. Койчуманов, Ж. Макал-ылакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор [Текст] / Ж. Койчуманов, Ы. Кадыров. – Бишкек: Бийиктик Плюс. – 2012. – 540 б.

83. Койчуманов, Ж. Элдик педагогиканын берметтери [Текст] / Ж. Койчуманов. – Бишкек: 1998.

84. Коменский, Я.А. Я.А. Коменский. Избранные педагогические сочинения. – М.: Педагогика, 1982. – Т. 2. – 576 с.

85. Конурбаев, Т.А. Формирование ценностных ориентации у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций [Текст]: автореф. дис. . канд. психол. наук: 13.00.07 / Т.А. Конурбаев. – Ташкент: 1999. – 21 с.

86. Кочкунов, А.С. Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса) [Текст]: дис. док ист. наук: 07.00.07 / А.С. Кочкунов. – Бишкек: 2014. – 176 б.

87. Красильников В.П. Особенности возрастной периодизации в этнопедагогике физического воспитания детей коренных малочисленных народов Северного Урала и Сибири [Текст] // https://elar.rsvpu.ru/bitstream/123456789/26780/1/sppssrsp_2003_46.pdf

88. Крылов, А.А. Глава 15. Возрастные периоды развития человека [Текст] // Психология. https://bookap.info/genpsy/krylov_psihologiya/gl74.shtm

89. Кыдыралиев, К. Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках [Текст] / К. Кыдыралиев. – Фрунзе, 1979. – 185 б.

90. Кыдыралиев, К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы [Текст] / К. Кыдыралиев. – Бишкек: 2010. – 488 б.

91. Кыдырбаева, Р.З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү [Текст] / Кыдырбаева Р.З., Асаналиев К. – Бишкек: 2004. – 502-б.

92. Кыргыз педагогикасы. Энциклопедиялык окуу куралы. Башкы редактор Ү. Асанов, жооптуу редактор И. Бекбоев. https://new.bizdin.kg/media/books/enclpdia-pedagogy.pdf.

93. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] // Кутбилим. – 2010. – 20-авг.

94. Леонтьев, А.Н. Избранные психологические сочинения в 2-х т. [Текст] / А.Н. Леонтьев. – М.: Педагогика, 1983. –Т. 2.

95. Леонтьев, А.Н. Проблемы развития психики [Текст] / А.Н. Леонтьев. – М.: 1972. – 292 с.

96. Лихачев, Б. Педагогика. Курс лекций [Текст] / Б.Т.Лихачев. – М.: Юрайт, 1999. – 240 с.

97. Лихачев, Б.Т. Педагогика [Текст] / Б.Т. Лихачев. – М., 1992.

98. Мадаминов, Г. Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары [Текст]: пед. илим. канд. … дис. / Г. Мадаминов. – Бишкек, 2017. – 156 б.

99. Мадаминов, Г.М. Ата-энелер, сиздер үчүн. 3-бас [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек: 2016. – 100 б.

100. Макал-ылакаптар [Текст] / Баш сөзүн жазган, түз. Ж. Койчуманов. Эл адабияты сериясы. 30 томдук А. Акматалиевдин редакциялоосунда, 10-т. – Бишкек, 2001. – 5-6-б.

101. Мальсагова, М.Х. Методология этнопедагогического исследования [Текст]: дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / М.Х. Мальсагова. – Пятигорск, 2014. – 197 с.

102. Манас [Текст] / Ж. Мамай. – Үрүмчү, 2014. – 562 б.

103. Манастын бала чагы // http://eposmanas.ru/manas_kg/-446/-465/

104. Масару, Ибука. 3 жаштан кийин кеч / котор:А. Жooданбеков. – Бишкек, 2015.

105. Махова И.Ю. Отечественные теории периодизации психического развития [Текст] // Психология развития: теоретические основы: учеб. пособие. – Хабаровск: ДВГУПС, 2006. Архивная копия от 6 января 2015 на Wayback Machine

106. Миңбаев, К. Курак жана педагогикалык психология – Ош, 1995. – 105 б.

107. Молдокулова, Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX к. аягы XX к. башы) [Текст] / Д.Т. Молдокулова. – Б.2016 – https://new.bizdin.kg/media/books/ Кыргыздардын_салттык_жүрүм-турум_маданияты.pdf

108. Молдокулова, Д.Т. Кыргыздардын үй-бүлөлүк мамилелеринде, турмуш-тиричилигинде колдонулган салттуу жүрүм-турум маданияты (XIX к. аягы XX к. башы) [Текст]: тарых илим. канд. дис.   . автореф.: 07.00.07 / Д.Т. Молдокулова. – Бишкек: 2016. – 21 б.

109. Муратбаев, Б.Б. Формирование у будущего учителя готовности к трудовому воспитанию младших школьников средствами кыргызской этнопедагогики [Текст]: автореф. дис.. канд. пед. наук: 13.00.01 / Б. Муратбаев. – Бишкек, 2006. – 21 б.

110. Муратов, А. Аталар сөзү – акылдын көзү. Адеп аңгемелери. 1-китеп. – Бишкек: 2008. – 148 б.

111. Муратов, А. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети: улуттук тарбия жана билим берүү салттары [Текст] / А. Муратов, К. Акматов. – Бишкек: Глобал Принт, 2020. – 368 б.

112. Муратов, А. Балага багышталган элдик салттар жана тойлор [Текст] / А. Муратов. – Бишкек, 2015. – 52 б.

113. Муратов, А. Кыргыз балдар адабияты: окуу китебине кошумча колдонмо [Текст] / А. Муратов, К. Исаков. – Бишкек: Айат, 2012. – 264 б.

114. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп [Текст] / А. Муратов. – Бишкек, Турар, 2011. – 604 б.

115. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар жана табыркалар. 2-китеп [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Айат, 2016. – 240 б.

116. Муратов, А. Кыргыз этнопедагогикасы. Педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларынын студенттери, магистрлери үчүн окуу китеби. I китеп [Текст] / А. Муратов, Б. Тажикова, К. Акматов. – Ош, 2015. – 264 б.

117. Муратов, А. Этнопедагогика: педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайлары үчүн окуу программасы [Текст] / А. Муратов, А. Калдыбаева. – Бишкек: 2010. – 40 б.

118. Муратов, А.Ж. Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында) [Текст]: пед. илим. д-ру дис. . автореф.: 13.00.01; 13.00.02 / А. Муратов. – Бишкек, 2010. – 38 б.

119. Муратов, А. Ат этнопедагогикасы – Айтматовдо [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Айат, 2005. – 54 б.

120. Муратов, А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Айат, 2006. – 204 б.

121. Найманбаев, М.Ж. Мектеп окуучуларына акыл жана адеп-ахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери (V-VII класстар) [Текст]: пед. илим. канд. дис. . автореф.: 13.00.01. М. Найманбаев. – Бишкек: 2009. – 21 б.

122. Наурызбай, Ж.Ж. Научно-педагогические основы этнокультурного образования школьников [Текст]: автореф. дис. . д-ра пед.наук: 13.00.01 / Ж.Ж. Наурызбай. – Алматы, 1997. – 45 с.

123. Нездемковская, Г.В. Этнопедагогика: учебное пособие [Текст] / Г.В. Нездемковская. – М.: Академический Проект, 2011. – 225 с.

124. Николаев, В.А. Теория и методика формирования этнопедагогической культуры учителя [Текст]: автореф. дис. . д-ра пед. наук: 13.00.01/ В.А. Николаев. – М., 1998. – 53 с.

125. Обухова, Л.Ф. Глава VI. Л.С. Выготский и его школа. 2. Дальнейшие шаги по пути, открытому Л.С. Выготским [Текст] // Детская психология. Теории, факты, проблемы. – М.: Тривола, 1995.

126. Ормонов, Т. Педагогические воззрения древних киргизов. Эпос Манас [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / Т. Ормонов. – Казань, 1972. – 21 с.

127. Ормонов, Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе Манас // Проблемы воспитания (материалы XIII республиканских педагогических чтений [Текст] / Т. Ормонов. – Фрунзе, 1971. – 65-66-бб.

128. Ормонов, Т. Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе Манас [Текст] / Т. Ормонов. – Фрунзе: 1971.

129. Ормонов, Т. Мудрые заповеди народа [Текст] / Т. Ормонов // Семья и школа. – 1977. – №11.

130. Ормонов, Т. Педагогическая пансофия киргизского народа [Текст] / Т. Ормонов // Советская педагогика. – 1978. – №1. – 128-134 с.

131. Орозбаев, Ж.М. Эстетическое воспитание младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики (на материале Кирг. ССР) [Текст]: автореф. дис. . канд.. пед. наук: 13.00.01 / Ж.М. Орозбаев. – М.: 1988. – 16 с.

132. Орозова Г. Баш сөз // Балдар фольклору. Эл адабияты сериясынын 20-тому. А. Акматалиевдин ред.. – Бишкек: 1998. – 3-22-бб.

133. Осмонова, Ч.Т. Взаимосвязь кыргызских народных традиций и современных методов стимулирования в развитии нравственно-трудовой активности младших школьников [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук / Ч.Т. Осмонова. – Бишкек: 2000. – 21 б.

134. Панкова, Т.В. Научно-педагогические основы сравнительной этнопедагогики [Текст]: автореф. дис… д-ра пед. наук: 13.00.01 / Т.В. Панкова. – Бишкек, 2005. – 38 с.

135. Педагогика [Текст]: педагогические теории, системы, технологии / Под ред. С.А. Смирнова. − М.: Академия, 1999. − 512 с.

136. Педагогика [Текст]: Учебное пособие для студентов пед. институтов / Под ред. Ю.К. Бабанского. − М.: Просвещение, 1983. − 608 с.

137. Педагогикалык изденүү [Текст] / Түз.: И.Н. Баженова. Которгондор И. Бекбоев ж.б. – Фрунзе: Педагогика, 1989. – 608 б.

138. Песталоцци, И.Г. Избранные педагогические сочинения [Текст] / И.Г. Песталоцци. – М.: 1981. – Т. 2. – 416 с.

139. Подласый, И.П. Педагогика [Текст]: учебник / И.П. Подласый – М.: Высшее образование, 2006. – 340 с.

140. Подласый И.П. Педагогика. Новый курс [Текст]: учебник для студентов пед. вузов / И.П. Подласый. – М.: 1996.

141. Рахимова, М.Р. Кыргызская народная педагогика [Текст] / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова. – Бишкек: 1993.

142. Рахимова, М.Р. Педагогика тарыхынын очерктери [Текст] / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбева. – Бишкек: 1998. – 405 б.

143. Рахимова, М.Р. Кыргыз элдик педагогикасы [Текст] / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова. – Бишкек: 1994. – 43 б.

144. Рахимова, М.Р. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] / М.Р. Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2002. – 269 б.

145. Рубинштейн, С.Л. Проблемы общей психологии [Текст] / С.Л. Рубинштейн. – М.: Педагогика, 1973. – 423 б.

146. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: Педагогикалык технологиялар сериясы. 1-китеп [Текст] / С.К. Рысбаев. – 2014. – 312 б.

147. Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер [Текст] / С. Рысбаев. – Бишкек: 1998.

148. Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: 1998. – 64 б.

149. Рысбаев, С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Билим куту. 2006. – 367 б.

150. Рысбаев, С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун

материалдарына таянуу менен) [Текст]: пед. илим. д-ру дис. . автореф.: 13.00.01; 13.00.02 / С.К. Рысбаев. – Бишкек: 2006. – 49 б.

151. Саипбаев, С.М. Идеи воспитание подрастаюшего поколения в киргизской народной педагогике (на материалах малых эпических форм киргизского фольклора [Текст]: автореф. дис. . канд. пед. наук: 13.00.01 / С. Саипбаев. – Фрунзе, 1979. – 20 б.

152. Саипбаев, С.М. Кыргыз оюндарынын педагогикалык мааниси [Текст] / С.М. Саипбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1976. – 44 б.

153. Салиев, А. Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Мектеп, 1981. – 256 б.

154. Салиев, А. Жизнь – в стихах: Заметки об эстетической природе поэзии [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Илим, 1962. – 225 с.

155. Салиев, А. Мышление как система [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 247 с.

156. Салиев, А. Человек входит в мир: Сборник статей [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 272 с.

157. Салиев, А. Человеческая психология и искусство [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. – 308 с.

158. Салиев А. Что такое мысль: В порядке обсуждения проблемы [Текст] / А. Салиев. – Фрунзе: Илим, 1971. – 232 с.

159. Сейткулов, Н.А. Қазақ этнопедагогикасындағы бала жасына карай кезеңге бөлүүнун илимий-педагогикалык негиздери: Педагогика гылымдарынын доктору гылыми даражасин алу үшүн дайындалган диссертациянын автореф. [Текст] / Н.А. Сейткулов. – Түркстан, 2010. – 38 б.

160. Семетей КБВ. https://new.bizdin.kg/media/books/Semeteyi-1-tom.pdf

161. Сетин, Ф.И. История русской детской литературы [Текст] / Ф.И. Сетин. – М., 1990. – 24-25 сс.

162. Сластенин, В.А. Педагогика [Текст] / В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев, А.И. Мищенко, Е.Н. Шиянов. – М.: 1997. – 512 с.

163. Сулуулуктан – улуулукка. Мурза Гапаров баяны [Текст] / Түз.: А. Муратов. – Бишкек: Турар, 2016. – 352 б.

164. Танаев, Т. Эл өнөрү – элге. Баш сөз / Жаңылмачтар. [Текст] Т. Танаев. – Ош, 1999.

165. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 2-т. Ырлар [Текст] /Түз.: Ж. Таштемиров. –. фрунзе: Адабият, 1989. – 264 б.

166. Толстой, Л.Н. Педагогические сочинения [Текст] / Л.Н. Толстой. – М.: Педагогика, 1989. – 542 с.

167. Тургунбаева, Ж.Ж. Элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоонун илимий негиздери [Текст]: пед. илим. канд. дис..автореф. 13.00.01. / Ж. Тургунбаева. – Бишкек: 2012. – 19 б.

168. Тусубекова, К.К. Становление, развитие народной педагогики и пути решения ее современных задач по воспитанию детей в семье средствами дисциплин общественно-исторического цикла [Текст]: автореф. дис.. канд. пед. наук / К.К. Тусубекова. – Бишкек: 2000. – 21 б.

169. Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] / М. Түлөгабылов. – Бишкек: 1991. – 320 б.

170. Умарова, Р.Н. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы [Текст]: пед. илим. канд. . дис.:13.00.01 / Р.Н. Умарова. – Бишкек, 2021. – 170 б.

171. Уметов Т.Э. Теория и практика высшего образования в Кыргызстане [Текст]: дис. … д-ра пед. наук / Т.Э. Уметов. – Бишкек, 2002. – 352 с.

172. Уметов, Т.Э. Игра в системе народной педагогики [Текст] / Т.Э. Уметов. – Бишкек: 1998. – 138 с.

173. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические произведения [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: 1968. – 557 с.

174. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические сочинения [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1988. – 414 с.

175. Ушинский, К.Д. Материалы к третьему тому педагогической антропологии [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: 1950. – 665 с.

176. Ушинский, К.Д. Человек как предмет воспитания. Опыт антропологии [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: 1948. – 774 с.

177. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические соч. [Текст] / Под ред А.И. Пискунова / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1974. – Т 1. – 584 с.

178. Ушинский, К.Д. О народности в общественном воспитании [Текст] // Избр. пед. соч. В 2 томах. / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1974. – Т. 1. – С. 51-123.

179. Ушинский, К.Д. Проблемы педагогики [Текст] / К.Д. Ушинский. – М.: УРАО, 2002. – 529 с.

180. Халық педагогикасындағы отбасы тәрбиесі // https://baribar.kz/student/22415/ khalyq-pedagogikasyndaghy-otbasy-tarbiesi/

181. Харитонова С.А. Этнопедагогика [Текст]: учебно-методическое пособие / С.А. Харитонова. – Улан-Удэ, 2009. – 107 с.

182. Харламов, И.Ф. Педагогика [Текст] / И.Ф. Харламов. – Минск, 1991. – 560 с.

183. Шаалы, А.С. Этнопедагогическая подготовка учителя к нравственному воспитанию учащихся тувинской школы на традициях народного этикета [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / А.С. Шаалы. – М., 1997. – 16 с.

184. Элкинд, Д. Эрик Эриксон и восемь стадий человеческой жизни (предисловие) [Текст] / Д. Элкинд. – 1996. – С. 6-22.

185. Эльконин, Д.Б. Детская психология [Текст] / Д.Б. Эльконин. – М.: Учпедгиз, 1960. – 328 с.

186. Эльконин, Д.Б. Введение в психологию развития: в традиции культурно-исторической теории Л.С. Выготского [Текст] / Д.Б. Эльконин. М.: Психология, 1994. – 167 с.

187. Эльконин, Д.Б. Избранные психологические труды [Текст] / Д.Б. Эльконин. – М.: Педагогика, 1989. – 560 с.

188. Эльконин, Д.Б. Психология обучения младшего школьника [Текст] / Д.Б. Эльконин. – М.: Знания, 1974. – 63 с.

189. Эльконин, Д.Б. Развитие устной и письменной речи учащихся [Текст] / Д.Б. Эльконин. – М.: Психология, 1998. – 112 с.

190. Юзликаева, Э.Р. Теория и практика общей педагогики: Учебник для направления бакалавриата область образования [Текст] / Э.Р. Юзликаева, С.А. Мадьярова, Э.Э. Янбарисова, И.В. Морхова. – Ташкент, 2012. – 388 с.